Остановимся подробнее на некоторых аспектах недочетов при проведении первоначального статистического учета жителей Оша по национальной принадлежности. Мы имеем в виду погрешности в работе, произведенной в конце XIX века. Итак, неточность и противоречивость сведений, отраженных в источниках XIX – начала XX вв., отмечали отечественные историки В.М. Плоских и В.Я. Галицкий. В частности, они пишут: «Количественный состав этнических групп Оша, указанный в «Первой всеобщей переписи населения Российской Империи», приходится

устанавливать косвенно, по данным о родном языке и вероисповеданию ошан, т.к. отдельной графы в указанном источнике нет. Отсюда и противоречия в цифровых данных" (Кененсариев, 1998).

Попытаемся произвести тщательный анализ сведений, отраженных в ряде источников того периода. По материалам первой переписи общее число жителей Оша составляет 34157 человек, из них 32432 человека – говорящих на тюрко-татарском языке и лишь 5 человек – на узбекском языке, 8 – на сартском. То есть в сумме сарты и узбеки составляют всего 13 человек, в то время как в обзоре по Ферганской области за 1908 г. указывается, что из 43433 жителей Оша – 39789 человек – сарты и узбеки. Причём, если по сведениям 1897 г. сарты и узбеки разделены по родному языку, то в Обзоре за 1908 г. обе группы объединены в общую графу и цифра количественного состава указывается общая. В Путеводителе по железным дорогам Средней Азии (1911г.) приводится общая цифра населения Оша 47149, из них сартов – 43760, кыргызов – 1000, об узбеках же не упоминается вообще (Сведения Ошского городского управления государственной статистики, 2019):

Табл.1

Год	Количественный состав населения г. Ош Всего:	Из них сартов, узбеков	Кол-во кыргызов
1897	34 157	13	0
1908	43 433	39 789	281 (кыргызы и казахи)
1911	47 149	43 760	1000

Как видим из приведённой выше таблицы, за 11 лет (с 1897 по 1908 г.) население Оша увеличилось на 9276 человека, в графе же по количеству сартов, узбеков увеличение произошло на 39774 человека. Такое явное несоответствие в цифрах можно объяснить только тем, что в первом случае (1897г.) большая часть сартов, узбеков была учтена в составе жителей Оша, говорящих на тюрко-татарском языке. То же самое произошло и с этнической группой кыргызов, т.к. лиц, говорящих на кыргызском языке, не указывается ни одного человека. Что, в принципе, никак не могло быть. Явно занижены и цифры по количеству кыргызов в Оше в 1908 г. и в 1911 г.

Главной причиной противоречивости официальных цифровых сведений 1897 г. явилась путаница в использовании терминов, обозначающих тот или иной язык. В частности, не понятно, что обозначает термин тюрко-татарский

язык. Если имеется в виду тюркская группа языков, то, как известно, в неё входят и узбекский, и татарский, и кыргызский языки. И в этом случае выделять отдельной графой узбеков не имело смысла. Вторая существенная причина неразберихи в сведениях заключалась в неправильном толковании терминов *узбек* и *сарт*. В официальных статистических источниках XIX – начала XX вв. термин *сарт* либо идентифицируется с термином *узбек*, либо их количество объединяется в общие данные.

Одной из основных причин путаницы в статистических данных профессор Т.К. Кененсариев считает незнание языка местных этносов русскими статистами (Пален, 1910). Такой вывод вполне оправдан, тем более что и большинство толмачей-переводчиков, работавших с чиновниками царской администрации, состояло из татар, переселенцев из России, которые не отличались знанием языковых тонкостей коренных народов Ферганы. Следовательно, некомпетентность переводчиков не могла способствовать точному формулированию этнической принадлежности жителей Оша.

Вместе с тем, и сами жители Оша явились причиной этой неразберихи, т.к., по заключению академика В.В. Бартольда, они не придавали значения своей национальной принадлежности: «Раньше многие тюрки в Средней Азии, особенно жители городов, ограничивались тем, что называли себя мусульманами, говорящими по-тюркски, и жителями того или иного города; вопрос о том, к какой тюркской народности их следует причислять, был для них безразличен. Были в ходу и наименования, которые по своему происхождению не имели отношения к национальности, например, слово *сарт*. В настоящее время это слово изгнано из употребления, а слово узбек применяется в более широком значении, нежели раньше; тех, кто раньше называл себя сартами, теперь тоже называют узбеками» (Кененсариев, 1998).

Каково же этимологическое значение столь распространённого в прошлом термина, ныне канувшего в Лету? «Слово сарт, – пишет В.В. Бартольд, – которое кочевники употребляли с нескрываемым презрением по отношению к оседлому населению, и которое народная этимология объясняла, как *сары ит* (желтая собака), ныне изгнано из употребления; сейчас признается только узбекская национальность» (Кененсариев, 1998). Бартольд поясняет смысл и происхождение терминов, имеющих общий корень «сарт»: сартак, сартактай, сартаул, сартакты, сартпау, сартагол, сартагул, сартол и пишет: «Сарт, первоначально древнетюркское слово, означавшее купец; в этом значении оно употребляется в *Кутадгу билик* и у Махмуда Кашгарского. Слово сартпау объясняется как старший купец» (Бартольд, 1964).

Профессор Д.Б. Сапаралиев пишет: «Еще с XYIII века наблюдается наличие у населения фергано-кашгарского региона отличительного по социально-хозяйственным признакам прозвища «Сартия» – имеющего ввиду, оседлых земледельцев, чаще городских жителей, занимавшихся и торговлей, в противоположность «Элетии» – подразумевающих скотоводов-кочевников. Об этом свидетельствуют названия этнических образований в генеалогической структуре некоторых кыргызских РПГ: сарт-кыпчак (род РПГ кыпчак), булюк-сарт (род подотдела беру РПГ адигине), сарттар (подотдел РПГ адигине), сарт (род РПГ багыш), сарт (род подотдела толуман РПГ доолос), сарт (род подоотдела доолос РПГ сарыбагыш) и др.». (Сапаралиев, 1999).

В советский период переселенческая политика была продолжена правительством СССР. В 20-х, 30-х годах XX века для создания индустриальной основы края из России в Центральную Азию, в том числе и на юг Кыргызстана, были направлены десятки тысяч специалистов и квалифицированных рабочих, так называемых “двадцатипятитысячников”. Большинство из них навсегда осталось здесь жить. Часть русских, украинцев, татар, проживающих в настоящее время в регионе – это прямые их потомки.

В годы Великой Отечественной войны из Прибалтики, Украины, Поволжья и Кавказа в республики Средней Азии были эвакуированы многие фабрики и заводы, коллективы научных учреждений и театров, а также была переселена часть немцев, прибалтов, евреев, греков, крымских татар и представителей всех кавказских народов. Многие из их потомков живут и ныне в Кыргызстане, в том числе и южной столице.

Распад СССР в 1991 году вызвал бурные процессы массовой миграции представителей многих этнических групп на свою историческую родину. Это явление внесло глубокие изменения и в транснациональный срез юга Кыргызстана, этнический портрет которого в настоящее время близится к 100%-ной среднеазиатской характеристике. Таковы исторические условия и основные вехи формирования многообразного этнического мира Центральной Азии, в том числе и южной столицы Кыргызстана.

Табл.2

Годы	2000	2004	2005	2013	2019
г. Ош					
Все население	**212013**	**223030**	**250480**	**260451**	**299456**
в том числе:					
кыргызы	83609	92937	118658	128503	151262
русские	11767	9311	8917	4952	4222
узбеки	104387	109974	112201	113976	128952
украинцы	1012	669	598	230	140

немцы	165	144	132	72	53
татары	4590	3668	3554	2097	1846
Казахи	393	351	357	263	263
армяне	72	55	55	27	27
таджики	878	906	916	647	726
азербайджанцы	832	905	931	597	750
чеченцы	32	31	40	10	6
белорусы	81	62	54	10	3
Грузины	33	33	32	24	18
литовцы	7	5	4	6	7
молдаване	18	36	32	4	5
туркмены	28	30	28	879	890
эстонцы	2	2	1	1	1
евреи	29	11	10	18	18
уйгуры	922	921	951	816	915
дунгане	60	62	64	101	105
корейцы	519	430	420	278	265
турки	1126	1169	1209	5581	5724
прочие национальности	1440	1315	1314	1359	3258

Выводы

Итак, коренные изменения, произошедшие в конце XX века в политической, экономической и духовной сферах привели к так называемому этническому ренессансу, сопровождающемуся активными процессами внутренней и внешней миграции, массовым оттоком русскоязычного населения и миграцией сельского населения в городские центры. Этот структурный фактор вызвал прогрессирующую трансформацию в количественном соотношении этнических групп южной столицы, что наглядно демонстрируют официальные данные государственной статистики.

Литература:

Бартольд В.В. (1964). Сарт. Соч., т. II, часть 2. М.: Наука.
Гаврилов Н. (1911). Переселенческое дело в Туркестане. СПб.
Галицкий В.Я., Плоских В.М. (1987). Старинный Ош. Фрунзе.
Кененсариев Т.К. (1998). Ош колониальный. Сб. ст. “Все про Ош”. Ош.
Пален К.К. (1910). Отчет по ревизии Туркестанского края. СПб.
Путеводитель по Туркестану и железным дорогам Средней Азии и Ташкента. (1904). СПб, МФ–К – 1/15550.
Сапаралиев Д.Б. (1999). Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XYIII до середины XIX в. Бишкек: Илим.
Ujfalvy de Mezo-Kovesd. (1878). Le Ferghanah & Kouldja. Paris.
Тройницкий Т. (1904). Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 г. Ферганская область. СПб.
Скобелев (1914). Статистический обзор Ферганской области за 1911 г.
Сведения Ошского городского управления государственной статистики (2019).

УДК 392:390
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_27

КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ПРОЦЕССИ МЕНЕН КОШТОЛГОН «УЧУК ТАШТАМАЙ» ЖӨРӨЛГӨСҮ

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, т.и.к., доцент.
E-mail: chynyhan@bk.ru
Нурматова Айжамал, магистрант
E-mail: Aijam@mail.ru
Калдыкова Гульмина Пазылбековна магистрант
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Бул илимий макалада Кыргызстандын түштүк аймактарында сакталып калган салттуу килем токуу процесси менен коштолгон "учук салуу" же "папик ташатамай" адатынын семантикалык маанисине кенири мүнөздөмө берилет. Бул жөрөлгөдө негизинен килем-чеберлер ошол килем токулган үйдөгү жана айылдагы жана уйгө конок болуп келген бойдок жигиттерге «учук» жасап беришкен. Учук-бул жөнүндөн жасалган атайын унааларга ат болобу же машина болобу кооздук иретинде тагылып коюлуучу аяк жагы чачылуу, ал эми баш жагы чыйратып өрүлгөн кооздук буюм. Аны чебердин табитине жана ой-чабытына жараша чон жана кичине үлгүдө жасай беришкен. Бул жөрөлгөнүн семантикасы ошол жигиттин батыраак үйлөнүп, бактысын таап алуусун каалоосун ушул жөрөлгө менен билдирүү болуп саналган.*

Ачкыч сөздөр: *килем, учук, жөрөлгө, семантика, семиотика, этногенез, маданият, кол өнөрчүлүк, салт.*

ОБЫЧАЙ «УЧУК ТАШТАМАЙ», СВЯЗАННЫЙ С ТРАДИЦИОННЫМ ПРОЦЕССОМ КОВРОТКАЧЕСТВА КЫРГЫЗОВ

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, т.и.к., доцент.
E-mail: chynyhan@bk.ru
Нурматова Айжамал, магистрант
E-mail: Aijam@mail.ru
Калдыкова Гульмина Пазылбековна магистрант
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *В этой научной статье повествуется семантика традиции «учук таштамай» или «папик таштамай», которая испокон веков соблюдается в процессе ковроткачества кыргызов. Традиционное ворсовое ковроткачество всегда сопровождалось различного рода народными обычаями и традициями. Одним из таких роспространенных обычаев считалось «учук таштамай». Учук-это своеобразное красочное изделие, изготовленное из крашенных шерстяных ниток, которое вешают как украшение на лошадь или другой вид транспорта. В этом обычае ковровщицы-мастерицы тайком одаривали неженатых парней этого села, в том числе сыновей и соседей хозяина. Основное значение и*

семантика заключалась в том, что тот парень кому подарен был «учук», тот должен был жениться в скором времени и приобретать свое счастье

Ключевые слова: *ковер, «учук», семантика, семиотика, этногнез, культура, прикладное искусство, традиция.*

THE KYRGYZ HATIONAL CARPET WEAVING PROCESS TOGETHER WITH THE TRADITION OF UCHUK TASHTAMAI

Satybaldieva Chynyhan Topchybaevna
PhD in histori sciences, associate professor,
E-mail: chynyhan@bk.ru
Nurmatova Aijamal, master,
E-mail: Aijam@mail.ru
Kaldykova Gulmina Pazylbekovna, master
Osh State University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *This article is devoted the tendention of the making Kyrgyz carpet <uchuk tashtamai> or <papik tashtamai> which is going to be as a tradition year by year. Traditional pile carpet weaving accompanied by various folk customs and traditions. One of such common customs considered <uchuk tashtamai> in this custom, the carpet weaver-masters secretly gave unmarried people of this village, including the sons and neighbors of the owners. The main conclusion and semantics was that the person to whom the <uchuk> was supposed to marry soon and acduire his happiness.*

Keywords: *carpet, ornament, semantics, semiotics, ethnogenies, cultura, carpet weaving, tradition.*

Киришүү

Азыркы күндө килем токуучулук өнөрү Баткен областынын Баткен жана Лейлек райондорунда ушул кунгө чейин сакталап келет (Антипина, 1962). Андан тышкары Ош областынын Чон Алай районунда жана Ноокат райондорунда азыркы кҮндө да салттуу килем (согуу) токуу өнөрү кездешет. Изилдөө обьектиси. Айрыкча Лейлек районунун дээрлик баардык айылдарында килемдин эки түрү токулат. Булар: «жүл килем» жана «араби килем».

Материалды изилдөө методдору

Эмпирикалык жана тарыхый-салыштырма методдору аркылуу килемдин токуу процессин жана ага байланышкан каада–салт, үрп–адаттарды изилдедик. Мунун натыйжасында учук таштамай жөрлгөсүнү семантикасын аныктай алдык.

Негизги бөлүк

Жүндөн жасалган бул эки килемдин ар бирине токтоло кетсек: «жүл килем» кадимки эле жүндөн жасалган кустардык ыкма менен колго токулган түктүү килем. Анын өлчөмү орточо эсеп менен туурасына 2-2,8мм, ал эми узунуна 3-3.5 мм болот. Салмагы 40кг. тегерегинде болот (Розвадовский, 1916).

Ал эми араби килемди өрмөкчүлүк ыкмасы колдонулат, түксүз (Антипина, 1962). Салмагы салыштырмалуу женил жана токуу техникасы да оной. Кыргыздардын салттуу токулган түктүү килемдерин жана токулган буюмдарын жергиликтүү тургундар «согулган килем», «согулган баштык, чавадан» деп да аташат. Кийиз жашоо техникасынан алда канча машакаттуу жана оор болуп саналат (Иванов, 1959).

Азыркы кҮнгө чейин килемдерди токуу ыкмасы татаалдыгына карабай колго токулган килемдердин эстетикалык абалы жакшырган, жана өзүнүн утилитардык маанисин жоготкон эмес. Кыргызстандын түштүк-батыш ареалында колдо токулган килемдери негизинен жүндөн жасалат. Кошумча сырье катары пахтадан жасалган була колдонулат. Эмеректери жана кол өнөрчүлүк шаймандары негизинен кустардык формада сакталган. Негизи кол өнөрчүлөр килем токуп жатканда кустардык ыкманы колодонот, себеби килемди сатыкка эмес өздөрүнүн муктаждыктарын гана канааттандыруу үчүн жасашкан. Бош убактысында гана жана өзүндө болгон каражаттарды гана жумшап, көпчүлүк учурда ашар түрүндө атайын кардар үчүн эмес өзҮнҮн кыялындагы фантазиятсына жараша чыгармачылына жараша эле килемдерди жаратышкан (Антипина, 1962). Ошондуктан атайын килемдин атайын стандарты жана сапаты жөнүндө көп деле кабатырланышкан эмес. Эгерде токулган килемди башка бирөөлөр муктаж болсо, ал да өзүнүн айылындагылар же туугандары гана болгон. Демек килем токуучулук продукциясы анча кеё эмес ареалда гана жана муктаждыкты жоюнун эё эле арзан жана жана примитивдүү жолу болуп эсептелген. Килем токуу өнөрү элдин жашаган аймагынан жана жаратылыш шартынан жана чарбасынан көз каранды болгон.

Жүндү иштетүүнүн алдынан аны жүн тарак менен тытып эгер жүн тарак жок болсо колдо тытып же тыттын чыбыгы менен сабалап андан кийин гана ийрүүгө киришикен. Ийрип бүткон сон даяр болгон жипти жууп, кургатып атайын боекторго боеп алышкан.

Килем токуу станогу да жөнөкөй типке ээ болуп, элдин чарбасына жана жашоо образына ылайык куралган. Кыргыздардын килем токуу учун жасалган станогу *«дүкөн»* деп аталып, горизонталдык абалга ээ болгон. Ал дүкөн негизинен жыгачтан ар кандай түрлөрүнөн жасалып примитивдуу конструкцияга ээ болгон. Бул дүкөн кустардык абалда ушул кунгө чейин сакталып калуу менен бирге, өзүнүнүн утилитардык маанисин жоголо элек. Дүкөн менен кошо тыт дарагынан жасалган «*токмок-тарак*» токмок канча оор болсо ошончолук эффекти күчтүү болгон, андан тышкары жүн жиптерин кесүү үчүн бычак керектелген (Розвадовский, 1916). Ал эми Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыздардан башка элдер түктүү килем токуу менен

алектенишпегени анык болду. А түгүл кошуна республикадагы элдер кыргыздардын түктүү килемин сатып алып кетерин жергиликтү маалымат берүүчүлөр тастыкташты (Иванов, 1959). Ал эми азыркы учурда Лейлек районунун дээрлик бардык айылдары токуучулук өнөрүн аркалашып аны кошумча каражат табууга ынгайлашкан кол өнөрчүлүк катары өнүктүрүп келе жатышат.

Килем токуу процессиндеги дагы бир тенденциялардын бири ырым жырымдар жана салттар. Кыргыздардагы килем токуу процессинин башынан аягына чейинки мезгили ар кандай элдик салттар жана ырым-жырым, жөрөлгөлөр менен коштолуп турат.

Алгач килем токуу алдында аксакал ууз-килемчилер бата беришип, андан соё килем токуу процесси башталган (Антипина, 1962). Килем токуу прцесси башынан аягына чейин ар кандай ырым-жырым, жөрөлгөлөр менен коштолгон. Ушундай жөрөлгөлөрдүн бири «учук салмай», «учук таштамай», «папик таштамай» деп аталып келет. Учук-бул жүндөн жасалган атайын унааларга ат болобу же машина болобу кооздук иретинде тагылып коюлуучу аяк жагы чачылуу, ал эми баш жагы чыйратып өрүлгөн кооздук буюм. Аны чебердин табитине жараша чон жана кичине үлгүдө жасай беришкен. Учук үчүн атайын жүндү ийрип жип жасашкан эмес, килемдин жиптеринен артып калган жиптеринен эле жасап коюшкан. Бул жөрөлгөнүн келип чыгышына көнул бура турган болсок төмөнкүдөй суроттомо пайда болот. Килем токулуучу айылдардагы бойдок жигиттер килем токулган уйгө тез тез барып ууз кыздарга сарасеп салып, аларды потенциалдуу келечектеги жар катары маани беришчу. Андыктан килем токулган Үйдө дайыма жаштардын топтолоору байкалган. Кээ бирде килемчи-чебер информаторлордун айтымдарына караганда, өтө эле бойдокчулукта көп жүргөн, уйлөнө элек жигиттерге жүндөн учук жасап чөнтөктөрүнө салып коюшчу. Учукту негизи байкатпай салуу шарт эле. Эгерде жигит байкап калса учукту таштатпай качып кетиши мҮмкҮн эле. Учук ташталган жигит ошол жерде отурган чебер женелерге карыз болуп калган (Розвадовский, 1916). Карызынан кутулуунун ар кандай ыкмалары болгон. Таттуу нерселерди сатып беришкен, же акчалай кутулушкан же өнөрлүү жигит болсо ырдап чордоп кутулган. Бул ырым-жырымдын маниси жигитке эртереек уйлөнүшү жөнүндө кыйытуу эле. Бул ыкма менен женелер жана эжелер жигиттердин үйлөнүшүнө өбөлгө түзүп түртку болушкан десек аша чапкандык болбосо керек. Жигиттер болсо ошол эле женелерине синдилерин же туушкан туугандарынын кыздарын тааныштырып коюсун суранышкан (Ларина, 2000). Кыскасы ушул учук салуу жөрөлгөсү коомдогу эркек жана аял маселесиндеги социалдашуу процессин жүргүзгөн. Мындай учук салуу

процессинин башка элдердеги аналогдорун да изилдеп көрүү маселеси али алдыда турат. Килем токуу процессиндеги дагы бир уникалдуу азыркы кунго чейин актуалдуу болгон салттын түрүнүн бири бул «чебер жоктомой» же «килем жоктомой». Мында килем токуп жаткан кыз келиндердин ишинин арбыштуу жана тезирээк бүтүп кетишине өбөлгө түзүлгөн. Килем токуган ууздарга тамактшаын түрлөрүн, белек бечкек жана таттууларды алып келишкен. Килем токуу процесси өзү абдан мүшкүлдүү иш аракеттердин топтому болуп саналат. Андыктан токуу процесси ортолоп калганда килем жоктомой жөрөлгөсү башталат. Килемди жоктогондор негизинен туугун туушкандары жана кошуналары болуп саналат. Биздин байкашыбызга караганда килем жоктомой ысык тамак бышырып узатуу менен коштолуп турган. Ал эми килемди токуп бүткөндөн кийин Үй ээси чеберлерге сарпай кийит жасап, акчалай сыйлык берген. Килемди бүткөнүнө кубанып колу-кошуналарын, тууган уругуна чай берген. Советтер Союзунун мезгилинде 250-300 рубль акча берилген, ал эми азыркы кундө Лейлек районунун Кулунду айылында 2 мин сомдон беришет. Бирок белгилей кетчү нерсе азыркы кундө килем токуу жергиликтүү элдердин эмгек кирешеси катары каралып, чеберлер бири бирине жардамдашып эмгек акысын албай эле килемди токушуп жатышат. Орточо килемдин баасы көлөмүнө жана сапатына, анан баса белгилей кетчү нерсе боегуна жараша 15-50 мин сомго барабар болууда (Ларина, 2000).

Корутунду

Бул макаланын сонунда төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот: кыргыздардын килем токуучулук өнөрү өздөрүнө эле таандык болгон ата-бабларынан мурас калган колдонмо искусствонун бир түрү экендиги анык десек жанылышпайбыз. Албетте башка элдердин дагы өздөрүнө тиешелүү болгон килем токуучулук өнөрү жок эмес, бирок алардагы токуучулук өнөрү кыргыздардыкынан айрымаланып турат (Гогель, 1950). Кээ бир гана килемди жаратуудагы тенденцияларынын элементтери гана дал келбесе, негизинен кыргыз килемдери колорити менен, токуу техникасы жана оймо чиймелери, белгилери менен жана сапаттык өзгөчөлүктөрү менен кескин түрдө айрымаланып турат.

Адабияттар:

Антипина К.И. (1962). Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов. Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР. 70-76.

Гогель. Ф.В. (1950). Ковры. М. 18-19.

Розвадовский В.К. (1916). Опыт исследования гончаргоно и некоторых других кустарных промыслов в Туркестанском крае. Ташкент, 16-18.

Мошкова В.Г. (1970). Ковры народов Средней Азии конца XIX - начала XX вв. Ташкент

Иванов С.В. (1959). Киргизский орнамент как этногенетический источник. Труды киргизской археолого-этнографической экспедиции. М.: Из-во Академии наук СССР, Т.3. 59-73.

Ларина Е.И. (2000). Ворсовый ковер как этнографический источник (На материале народов

Российской империи конца XIX – начала XX) Автореферат. Диссертации на соискание ученой степени кандидата исторических наук. Москва, 24.

Уметалиева Дж. Т. (1960). Киргизский ворсовый ковер. Фрунзе: Илим, 74.

УДК (392;390)

DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_33

АЛТАЙДАГЫ ПАЗЫРЫК КУРГАНЫНАН ТАБЫЛГАН ТОКУЛГАН КИЛЕМ –ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК БУЛАК КАТАРЫ

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, т.и.к. доцент
E-mail:chynyhan@bk.ru
Тагайбекова Айнура Алибаевна
E-mail:ainuraalibaevna @gmail.ru
Эргешова Ыкыбал Абдрашитовна
E-mail: ergeshovaykybal1974@gmail.ru
Калдыкова Гульмина, магистрант
E-mail-gkaldykova@mail.ru
Ош мамлекеттик университети,
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Пазырык килеми - Алтай Республикасынын аймагынан Пазырык коргонунан табылган археологиялык табылга катары каралат. Учурда белгилүү болгон түктүү килемдердин эё байыркысы болуп саналат. Килем Сергей Руденко тарабынан жетектелген СССР илимдер академиясынын археология институтунун экспедициясы жана Мамлекеттик Эрмитаждын катышуусу аркылуу 1949 –жылы №5 Коргонду казып жатканда аныкталып табылган. Пайда болуу мезгили б.з.ч. V –кылымга дал келген. Бул килемдин генезиси боюнча кайсы элге таандык экенин талкуулоодо окумуштуулар эки башка топко бөлүнүшуп кээ бирлери персиялык стиль десе калгандары байыркы түрктөргө таандык экенин дадилдей башташкан. Ушул күндөрдү килем Санкт-Петербург шаарындагы Мамлекеттик Эрмитажда сакталып турат жана ушул күнгө чейин талаш тартыштын обьектиси катары каралат.*

Ачкыч сөздөр: *Килем, эрмитаж, археология, этнография, маданият, пазырык курганы, токуучулук процесси.*

ТКАНЫЙ КОВЕР, НАЙДЕННЫЙ В ПАЗЫРЫКСКОМ КУРГАНЕ НА АЛТАЕ КАК ИСТОРИКО-ЭТНОГРАФИЧЕКИЙ ИСТОЧНИК

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна, к.и.н., доцент
E-mail-chynyhan@bk.ru
Тагайбекова Айнура Алибаевна
E-mail:ainuraalibaevna @gmail.ru
Эргешова Ыкыбал Абдрашитовна
E-mail: ergeshovaykybal1974@gmail.ru
Калдыкова Гульмина, магистрант
E-mail-gkaldykova@mail.ru
Ошский государственный университет, г. Ош
Кыргызская Республика

Аннотация: *Пазырыкский ковер считается археологической находкой в Пазырыкской крепости на территории Республики Алтай. Это один из старейших*

известных ковров. Ковер был обнаружен в 1949 году при раскопках Коргона №5 экспедицией Института археологии АН СССР под руководством Сергея Руденко при участии Государственного Эрмитажа. Дата появления Соответствует V веку. Обсуждая происхождение этого ковра, ученые разделились на две группы: одни утверждают, что они выполнены в персидском стиле, а другие - принадлежат древним тюркам. В наши дни ковер хранится в Государственном Эрмитаже в Санкт-Петербурге и до сих пор вызывает споры.

Ключевые слова: *Ковер, Эрмитаж, Археология, Культура, Пазырыкский курган, Процесс ткачества.*

A WOVEN CARPET FOUND IN THE FIFTH PAZYRYK BURIAL MOUND IN ALTAI - AS A HISTORICAL AND ETHNOGRAPHIC SOURCE

Satybaldieva Chynykhan Topchubaevna,
Ph.D. associate professor
E-mail-chynyhan@bk.ru
Tagaibekova Ainura Alibaevna
E-mail:ainuraalibaevna @gmail.ru
Ergeshova Ykybal Abdrashitova
E-mail: ergeshovaykybal1974@gmail.ru
Kaldykova Gulmina, master
E-mail-gkaldykova@mail.ru
Osh State University, Osh Kyrgyz Republic

Abstract: *Pazyryk carpet is considered to be an archeological find in the Pazyryk fortress in the territory of the Altai Republic. It is one of the oldest known rugs. The carpet was discovered in 1949 during the excavation of №5 Korgon by an expedition of the Institute of Archeology of the USSR Academy of Sciences led by Sergei Rudenko and with the participation of the State Hermitage. Date of Appearance Corresponds to the V century. In discussing the genesis of this rug, scholars have divided it into two groups, some of whom claim to belong to the Persian style and others to the ancient Turks. These days, the carpet is kept in the State Hermitage in St. Petersburg and is still the subject of controversy.*

Keywords: *Carpet, Hermitage, Archeology, Culture, Pazyryk Kurgan, Weaving Process.*

Киришүү

Килем токуу өнөрү - Кыргызстандын аймагындагы элдик салттарды ичине камтыган декоративдик искусствонун бир түрү катары каралат. Килем токуу өнөрү кустардык денгээлде болгону менен колго токулган килемдер өтө бышык жана кооз жасалган. Эгерде килем токуу өнөрүнүнун тарыхына кайрыла турган болсок 1949 – жылы айтылуу Улаган платосунун (Тоолуу Алтай) бешинчи Пазырык курганынан дээрлик бүтүн бойдон сакталып турган килем табылган. Азыркы күндө Санкт-Петербург шаарындагы Эрмитажда сакталуу.**(Ч.Т. Сатыбалдиева, 2009)** Бул адам баласынын колунан жаралган бирден бир уникалдуу буюм болуп саналат. Пайда болуу мезгили б.з.ч. V – кылымга дал келген. Бул килемдин генезиси боюнча кайсы элге таандык экенин талкуулоодо окумуштуулар эки башка топко бөлүнүшуп кээ бирлери персиялык стиль десе калгандары байыркы түрктөргө таандык экенин дадилдей

башташкан. Бул табылган килемдин композициялары геометриялык стилге ооп турганы перстерге таандык эмес экенин айгинелеп турат, анткени персиялык уруулардын килемдеринде негизинен өсүмдүктөрдүн суреттөрү басымдуу келет.

Иштин максаты

Пазырык курганынан табылган токулган килемдин генезисине илимий – теориялык анализ берип, тарыхый-этнографиялык булак катары аныктоо.

Изилдөө обьектиси

Пазырык килеми - Алтай Республикасынын аймагынан пазырык коргонунан табылган археологиялык табылга катары каралат. Учурда белгилүү болгон түктүү килемдердин эн байыркысы болуп саналат.

Изилдөөнүн методдору

Теориялык, эмпирикалык, салыштырма –тарыхый методдору менен изилдъъ жүргүзүлдү.

Негизги бөлүк

XIX-кылымда Пазырык маданиятынын көрүстөндөрүн В.В.Радлов изилдеген. Бул аймакта алгачкы илимий казууларды 1865-жылы жүргүзгөн. 1929-жылы археологдор Сергей Руденко жана Михаил Грязнов Россиянын Монголия менен чыгыш чек арасындагы дөбөлөрдү изилдей башташкан. **(*Грязнов М.П.*,1958.)** Изилдөө иштери 1949-жылы дагы улантылган, анда Чыгыш Алтайдын Улаган бөксө тоосундагы Пазырык бешинчи дөбөсүн археологиялык казуу учурунда, Пазырык маданиятынын калган дөбөлөрү сыяктуу эле, мародерчулуктун издеринин калдыктары менен кошо археологиялык эстелтиктер көмүлгөн жер табылган. Бешинчи Пазырык дөбөсүндөгү эң мыкты табылгалардын катарында жакшы сакталган түйүндүү токулган килем болгон. Ошол мезгилде археологиялык жана реставрациялоо технологияларынын өнүгүшү органикалык табылгалар менен дал келген, бул аларды сыртка алып чыгып, минималдуу зыян менен калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берген. Казуу болгон жерде топурактан механикалык жол менен тазаланып, андан кийин башка нерселер менен бирге Эрмитажга жеткирилген. Ткандарды калыбына келтирүү лабораториясында Н.Н. Семенович килемди консервациялоо боюнча ишти жүргүзгөн, бул биринчи кезекте клетчатканы жок кылуу процессин токтотуу жана анын текстурасын сактоо болгон. Килемдин анча-мынча жоготуулары анын баштапкы композициясын бузган жок, ал сакталып калган бөлүктөрүндө жакшы таанылган.

Пазырык килеми төрт бурчтукка жакын формага ээ. Килемдин көлөмү 1.83 × 2.00 м. Тар чек ара, кезектешкен чоң жана кичине аянтчалардын

катарынан, стилдештирилген гүлдөр менен кооздолгон борбордук аймакка алып барат.

Килемди микроскоп менен кароодо кызыл, жашыл, сары түстөрдүн жиптери табылган, бул чыгарманын баштапкы жарыктыгын жана колористикалык байлыгын айгинелейт жана 1дм² ге Пазырык килеминин түйүндөрүнүн саны 3600 жетет, бул килем токуудагы тыгыздыктын жогорку көрсөткүч экендиги талашсыз **(*С*.И.Руденко,1968.)**.

Килемдин бардык компоненттери, башкача айтканда, пайдубалы, өрүмү жана үймөгү жүндөн жасалган **(*С*.И.Руденко,1968.)** башкача айтканда, бул килем "жүндөн жүн" ыкмасында токулган. Чырпык жана өрүм жиптери ширелген жип дээрлик жалаң койдун үлпүлдөк жүндөрүнөн турган, алардын орточо жукалыгы 25 мкм (микромикрон). Байланыш жиптеринин саны 1 дм 3 үчүн 120га жакын болгон. **(*С*.И.Руденко,1968.)**

Килемдин борбордук талаасы беш чек ара менен чектешет. Тышкы чек арада канаттуу грифтердин фигуралары токулган.

Кийинки кенен алкакта кызыл фондо шашылыш аттанып бара жаткан стилдештирилген ар тарабындажетиден турган атчандардын жүрүшү чагылдырылган. Саргарган фондо стилдештирилген розеткалар менен дагы бир чек ара ачык көк фондо жайылып жаткан элик жаныбарынын бир түрү турат. Түшкөн эликтин кыймыл багыты атчандардыкына карама-каршы келет. Борбордук талааны курчап турган чек ара бүркүт грифинин кайталанган сүрөттөрү менен чагылдырылган. Килемдин борбору кызыл фондо, үч бурчтук түрүндө кесилишкен жана кошумча жалбыректар менен толтурулган жыйырма төрт чарчыдан турат.

Килемдин баалуулугун ээрдин ордуна токулган оймо-чийме килемдер да арттырып турат башкача айтканда, бул учурда килемде килемдин сүрөттөлүшүнүн түшүрүлгөнүн көрөбүз. Ушул эң кичинекей элементтердин аткарылышынын тактыгы ошол мезгилдеги килем токуу өнөрүнүн өнүккөндүгүнөн кабар берет.

Пазырык табылгаларынын жана алардан табылган археологиялык обөектилердин датасын белгилөө маселеси дагы деле болсо окумуштуулардын арасында талкуу жаратууда.

Пазырык килемин жасоо убактысы жөнүндө С.Руденко мындай деп жазган: Бул килем кимдин эмгегине карабастан - Медиан, Перс же Парфия - кандай болгон күндө дагы, ал Борбордук Азия же Жакынкы Чыгыш, анын V кылымга таандык б.з.ч. болушу толук ыктымал. **(*С*.И.Руденко,1951.)**

Килем табылгандан кийин С.Руденко кылдат стилистикалык жана көркөм талдоо жүргүзгөн. Мындан тышкары, килем токуу үчүн жумшалган

жиптерди жана бул килемди жасоонун техникасын изилдөө иштери жүргүзүлдү. Пазырык килеминин көркөм деталдарынын көркөм буюмдардагы, барельефтердеги, сарай дубалдарындагы буга чейин белгилүү болгон оймо-чиймелер менен салыштырылган деталдуу салыштырмалуу талдоосу Пазырык килеми Алтайда жаралган эмес, тескерисинче, Жакынкы Азия же Орто Азиядан чыккан деп айтууга негиз берди.

Килемдин элементтерин талдап жатып, С.Руденко бир катар деталдарга токтолгон: Жылкынын образы - анын жасалгасы, жаа менен байланган куйрук, ээрдин ордуна килем - Батыш Азияга мүнөздүү жана Алтайга жат көрүнүш. Алтайлыктар аттын такасын кесип, куйругун өрүп өрүшүп, килемдин ордуна төштөрү, төшү жана куйругу менен ээрлерди колдонушкан**(*С.*И.Руденко,1961.)**

Алтайдагы ушул сыяктуу дөбөлөр көчмөн лидерлердин мүрзөлөрүнүн үстүнө тургузулгандыгы аныкталды. Бешинчи Пазырык дөбөсү - уруу ак сөөктөрүнүн үй-бүлөлүк көрүстөнү болгон беш ири таш дөбөнүн бири. Дөбөнүн жалпы бийиктиги 4 м, диаметри 42 м болгон, дөбөнүн ортосунда кратер көрүнүп турган - байыркы мүрзөнү тоноонун издери. Каректоолордун натыйжасында суу кирип, таштын жээгинде жылуулук жакшы сакталбай калган. Анын астында температурасы төмөн болгон атайын микроклимат пайда болгон. Жээкте калган суу тоңуп, эч качан ээрибей турган музга айланды. Алтай аймагынын географиялык өзгөчөлүктөрү түбөлүк тоң менен мүнөздөлбөйт, бирок анын дөбөлөрдө пайда болушун сепилдүү дубалдары жана ичине көңдөй салынган сөөктөрдү сактоочу жайларды куруу, Алтайдын кескин континенталдык климаты, ошондой эле талкалануу менен түшүндүрүүгө болот каракчылардын. Музда органикалык заттар сакталып калган, ал кадимки шартта чирип кеткен. Ушундан улам, Пазырык дөбөлөрүнөн каза болгондордун мумияланган денелери, жаныбарлар (жылкылар), кийизден жасалган жасалгалар, кийим-кече жана килемдер табылган **(*Грязнов М.П.*,1958.)**

Жыйынтык жана талкуу

Казуу күндөлүгүндөгү маалыматтарды анализдеп, Бешинчи Пазырык дөбөсүнөн табылган аза күтүү аземинде колдонулган мумияланган сөөктөрдү жана буюмдарды салыштырганда, А.Гаврилова Пазырык килеми Улуу Медиада токулган деген бүтүмгө келет. Ал төмөнкүдөй белгилеп кеткен: Пазырык курганына болгон археологиялык казууларга орус археологу С.И. Руденко жетекчилик кылган. Ал “пазырык килеми” байыркы түрк урууларына тиешелүү деп айткан. Окумуштуунун мындай пикирге калтырышынын дагы бир себеби, “пазырык килеми” горизонталдык станокто токулгандыгы маалым болгон. Сыма Цяндын “Исторические записки” деген эмгегинде б.з.ч. 1- мин

жылдыктарда Алтай аймагындагы турк уруулары динлин (ди) **(*Нурбек Туран, Эшполот Өсөрөв,* 2011)** жана теле уруулары жөнүндө жазылат, ал теле уруулары азыркы толос урууларынын ата бабалары болушу мумкун деген пикирлерди тарыхчылар далилдешкен **(*Нурбек Туран, Эшполот Өсөрөв*, 2011).**

Корутунду

Демек бул биринчиден кыргыздардын орто кылымдардан бери карай токуп келген килемдери горизонталдык станокто токулат, андан тышкары “пазырык килеми” кыргыздардын тарыхый аймагынан табылып жатат, үчүнчүдүн килемдеги композиция азыркы кыргыздардын зооморфтук жана геометриялык орнаменттерине стили боюнча аябай жакын, бешинчиден бул килем толугу менен жүндөн жасалаган. (Ч.Т.**Сатыбалдиева, 2009)** Алтайдагы мал чарбачылыгы негизги чарбасы болгон азыркы кыргыз элине этнокомпонент болгон түрк урууларынын (теле) жасаган килеми болушу да толугу менен мүмкун. Демек “пазырык килеми” түрк урууларына таандык болуп калышы толук ыктымал.

Адабияттар

Антипина К.И. (1962) Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР,. – 288 с.

Грязнов М.П. (1958)Древнее искусство Алтая. Л.: Государственный Эрмитаж. - 96 с.

С.И.Руденко (1968) “Древнейшее в мире художественные ковры и ткани из оледенелых курганов Горного Алтая”// М.: Искусство. 136 с.

С.И.Руденко (1951) Пятый Пазырыкский курган//КСИИМК. Вып.XXXV!!.М.- Л.: С.106-116.

Сатыбалдиева Ч.Т. (2009) Традиционное вышивание кыргызов. Во второй половине XIX -начале XX вв. Ош. Максимум. 155с.

Нурбек Туран, Эшполот Өсөрөв. (2011) Төөлөс.-Б.: “Турар”, -520 бет.

УДК 37.014.523(575.2)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_39

ПОКРОВСКИЙ ПРИХОДДУК УЧИЛИЩЕСИ ЖАНА АНЫН АГАРТУУЧУЛУКТАГЫ ОРДУ

Султанова Махпуратхон Шакировна, т.и.к., доцент
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Туркстан крайы Россия империясына киргенден кийин,Россияда крепостнойлук укуктун жоюлушу менен борбордук губернiялардын жерсиз дыйкандары Туркстанга, анын ичинде Кыргызстанга да кочурулгон.1904-жылы Ош уездинде Покровский, Наманган уездинде Успенский, Маргалан уездинде Русско-сельская, Анжиян уездинде Николаевское, Ивановское (мурунку Кок-Жангак), Михайловское (мурунку Жерге-Тал Жалал-абад.области), Димитровское (мурунку Таран-Базар) айылдары пайда болгон. Бул кыштактардын тузулушуно байланыштуу орус падышачылыгынын администрациясы орус оторчуларына жергиликтуу элди кошуп окутуу учунбашталгыч билим берууну уюштуруу зарыл деп тапкан жана аны ишке ашырган. 1896-жылы 9-октябрда Покровский айылында 24 окуучусу бар 1 класстуу 4 жылдык билим берүүчү приходдук училище ачылган. 1898-жылы 44 эркек бала, 8 кыз окууга келген. 1915-жылы Покровский училищеси 2 класстуу училищеге айланган. Тупкулугу бул мектептер административдик башкаруу аппаратынын кызыкчылыгын коздогон.Ошого карабастан, бул училищелер жергиликтуу элге орус маданиятын жайылтууда чон роль ойногон.*

Ачкыч сөздөр: *мектеп, дин, китеп, светтик билим, класс, предметтер, орус-тузем мектептери,кол оноручулук класстары, окуу коргозмо куралдары.*

ПОКРОВСКОЕ ПРИХОДСКОЕ УЧИЛИЩЕ И ЕГО МЕСТО В ПРОСВЕЩЕНИИ

Султанова Махпуратхон Шакировна, к.т.н., доцент
Ошская государственная университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *После вхождения Туркистан в состав Российской империи, с отменой крепостного права в России, безземельные крестьяне центральных губерний были переселены в Туркестан, в том числе и в Кыргызстан. В 1904 году Покровский в Ошском уезде, Успенксий в Наманганском уезде, Русско-сельская в Маргаланском уезде, Николаевское уезд в Андижане, Ивановское (бывшее Кок-Жангакское), Михайловское (бывшый Жерге-Тал, в области Жалал-Абада), Димитровское (бывшееТаран-Базар). В связи с образованием этих сел администрация Русского царства сочла необходимым организовать начальное образование для обучения русских пастухов, включая местное население и осуществили свои цели. 1896 года 9 октября в селе Петровском было открыто 1 классное 4 летнее приходское училище с 24 учениками. В 1898 году на учебу пришли 44 мальчика и 8 девочек. В 1915 году Покровское училище было преобразовано в 2-х классное*

училище. Изначально эти школы представляли интересы управления административного аппарата. Тем не менее, эти училища сыграли большую роль в популяризации русской культуры среди местного населения.

Ключевые слова: *школа, религия, книга, светское образование, класс,предметы, русско-туземные школы, ремесленные классы, учебные пособия.*

POKROVSKY PARISH SCHOOL AND ITS PLACE IN EDUCATION

Sultanova Mahpyrathon Shakirovna t.i.c., associate Professor
Department of Ethnology, Archeology and History of Kyrgyzstan
Osh State University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *Turkistan after became part of the Russian Empire, with the canceling of serfdom in Russia, landless peasants of the central provinces were resettled in Turkestan, including Kyrgyzstan. In 1904 was appeared villages like Pokrovky in Osh district, Uspensky in Namangan district, Russian-rural in margalan district, Andijan district in Nikolaevskoye, Ivanovskoye (formerly Kok-Zhangak), Mikhailovskoye (formerly Jalal-Abad region), Dimitrovskoye (formerly Taran-Bazar). Russian administration considered it necessary to organize, realize primary education for the training of Russian shepherds, including the local population. In 1896, 9 October in the village of Pokrovsky was opened 1-class 4-year parish school with 24 students. In 1898, 44 boys and 8 girls came to study. In 1915, the Pokrovsky School transformed into a 2-class school.*

Key words: *school, religion, book, secular, education, class, subjects, Russian-native schools, craft classes, textbooks.*

Киришүү

Түркстан крайы Россия империясынын курамына киргенден кийин, Россияда крепостнойлук укуктун жоюлушу менен борбордук губернiялардын жерсиз дыйкандары Түркстанга, анын ичинде Кыргызстанга да көчүрүлгөн. 1904-жылы Ош уездинде Покровский, Наманган уездинде Успенский, Маргалан уездинде Русско-сельская, Анжиян уездинде Николаевское кыштактары түзүлгөн (Статистический обзор Ферганской области за 1904 год. г. Новый Маргалан, 1905). Андан кийин Ивановское (мурунку Көк-Жаңгак), Михайловское (мурунку Жерге-Тал Жалал-Абад обл.), Дмитровское (мурунку Таран-Базар) айылдары пайда болгон (Вощинин, 1914) .

Бул кыштактардын түзүлүшүнө байланыштуу орус падышачылыгынын администрациясы орус оторчуларына жергиликтүү элди кошуп окутуу үчүн башталгыч билим уюштурууну зарыл деп тапкан. XIX кылымдын 70-жылдарында атайын комиссия түзүлүп, алар Түркстанда агартуу иштеринин негизин иштеп чыгып, 1875-жылы 29-майда Жобо бекитилген. Элге билим берүү маселесин турмушка ашыруу максатында 1878-жылы Орто Азия чөлкөмүндө окуу жайларды башкаруу үчүн бирдиктүү башкаруу органы түзүлгөн. (3.Бендриков К.Е. Очерки народного образования в Туркестане. М.,1905, стр.7).

Ачылган мектептердин негизги максаты Россиядан көчүп келген орус элинин жаш балдары билим алуусу үчүн шарт түзүү болгон, ошондой эле, жергиликтүү элге орус тилин үйрөтүү, чөлкөмдө орус маданиятын кеңири жайылтуу, (Бартольд, 1963) орус администрациясына зарыл болгон котормочуларды, кат ташуучуларды даярдоо болгон. Кабыл алынган чечимди иш жүзүнө ашыруу үчүн 1878-жылы 1-июлда Түркстан аскер генерал-губернатору фон Кауфман Фергана областында 8 окуу жайды, Маргалан шаарында 4 класстуу училищени, 2 классту приходдук училищени, Кокон, Наманган, Ош шаарында бирден шаардык 1 классту жана кыздар үчүн да бир классту приходдук училищени ачууга уруксат берген. Приходдук училище – орус балдары үчүн башталгыч диний жана жалпы билим берүүчү мектептин милдетин аткарган.

1878-жылы 14-октябрда Ошто орус балдары үчүн башталгыч диний жана жалпы билим берүүчү приходдук училище ачылып, атайын салдырылган окуу корпунун жоктугуна байланыштуу, акы төлөп ижарага имарат алышкан. Алгач 13 окуучу окуган. Училищени каржылоого мамлекеттин эсебинен 1930 сом жумшалган. Бул ачылган приходдук училищеге Воронеж гимназиясынын атайын курсун аяктаган Екатерина Ивановна Ларионова 1878-жылдын 1–сентябрынан баштап жетекчилик кылган. Анда мугалим болуп мыйзам тескөөчү Гермогень Павлович Катанский, Оренбургдагы Николаев атындагы институттун толук курсун бүтүргөн Ольга Гавриловна Мещевитинова, ыр сабагы боюнча мугалим болуп Стефан Сафаньоевич Мишениндер эмгектенишкен. (Недерица, 1888). Оштогу приходдук бул училищеге свет түшүрүлүп, класстар, окуучулар үчүн парталар, мугалим үчүн стол-стул, класстык доска, тактадан жасалган китеп шкафтары, императордун портрети, актовый зал үчүн шторлор, күзгү, ыр сабагы үчүн скрипка, Россиянын, Азиянын саясий картасы, географиялык окуу атласы, чоң глобус, Түндүк-Түштүк Американын, Африканын, Палестинанын, Австралиянын карталары менен жабдылган. Областын ар бир шаарында бирден китеп магазини болгон. Ошто “Собберия” китеп дүкөнү аркылуу Санкт-Петербургдан 1915-жылы Гречишкинанын “Мире Божи”, Граменицкийдин эсеп боюнча китеби, Евангелийдин сөздүгүн, Кирпичниковдун этимология, Илтинскийдин окуу китеби, Барановдун география, орус империясы, Раевскийдин жалпы география жана башка китептерди, чоң глобус, Түндүк Американын карталарын, Европалык Россиянын саясий картасын, Азиянын саясий картасын, окуу географиялык атласын алышкан. Мындан тышкары 1905-жыжы “Ферганская областная ведомость” , “Туркестанские ведомости” жана башка газеталар келип турган.

Училищелер дайыма текшерүүдөн өтүп, жүргүзгөн иштери көзөмөлгө алынган. 1895-жылы Фергана областынын уезд башкармасы текшерүү жүргүзгөн. Оштогу шаардык ооруканa, түрмө, орус-тузем мектеби, приходдук училище текшерилген. Бул комиссия 3-9-сентябрь күндөрү Куршаб волосуна караштуу Куршаб дарыясынын боюндагы 1892-жылы негизделген Покровский

айылында болуп, 75 үй-бүлөдөн турган бул орус кыштагы чиркөөгө, мектепке, медпунктка муктаж экендигин белгилеп кетишкен.

1896-жылы 9-октябрда Покровский айылында 24 окуучусу бар 1 класстуу төрт жылдык билим берүүчү приходдук училище сабакты баштагандыгы тууралуу училищенин жетекчиси Н.Н.Никулин Түркстан крайынын инспекторуна билдирүү жасаган. Анда мындай деп жазылган: “Господину главному инспектору училищ Туркестанского края заведующий Покровским сельским приходским училищам от 9 октября сего года (мы) начали классные занятия при 24 учащихся, о чем имею честь донести Вашему Превосходительству”. Кийинки 1898-жылы 44 эркек бала, 8 кыз окууга келген (Статистический обзор Ферганской области за 1898 год. г. Новый Маргалан, 1900). Ал эми 1915-жылга келгенде Покровский айылдык приходдук училищеси эки класстуу училищеге айланып, анын башчысынын айлыгы жылына 700 сомду түзгөн.

Анда төмөндөгүдөй предметтер окулган: 1) Дин сабагы; 2) Славян тили; 3) Арифметика; 4) Геометрия; 5) Коом таануу менен география: 6). Орус тарыхы; 7) Таза жазуу; 8) Сүрөт; 9) Черчение; 10) Ыр сабагы; 11) Кол эмгеги. Ошондой эле, бардык училищелерде эркек балдар үчүн кол өнөрчүлүк класстары ачылган.

Белгилей кетчүү нерсе областта орус-тузем (орус элинин балдары менен бирге жергиликтүү элдин балдарын кошуп окутуучу) мектептеринин ачылышы менен кээ бир приходдук училищелер жабылган. Мисалы, 1886-жылы Анжиян, Чусть, Кокондогу 1 класстуу приходдук училищелер жабылган (Туркестанские ведомости, 1886). Жабылган приходдук училищелердин китепканаларындагы китептер жаңыдан ачылып жаткан орус-тузем, приходдук училищелерине берилип турган. Алсак, 1900-жылы 12-июнда Покровскийдеги 1 класстуу приходдук училищенин жетекчиси Түркстан крайынын башкы инспекторунан Кокон менен Чусть шаарларындагы жоюлган мектептердин китептеринен Покровскийдеги приходдук училищеге көрсөтүлгөн китептерди которууга уруксат сураган. Түркстан крайындагы элдик училищелердин инспектору Ф.Керенскийдин уруксаты менен 1898-жылы 22-июнда Чустагы орус-тузем мектебинин башчысы С. Жумаков диний мазмундагы китептерден төмөндөгүлөрдү которгон: Евангелий, Господа Нашего Исуса Христа от Матвея, Марка, Луки и Ионна и о славянском и русском наречи. Издание 21-е Санкт-Петербург, 1876 год, 1 даана; В. Владиславьев “Уроки по классу христианской педагогики”. М., 1875. 1 даана; Х. Орда “Земная жизнь”; “Господа нашего Исуса Христа перевод с немецкого издательства 4-е, Киев., 1874, 1 даана; Игнатин Архиманд “Краткая жизне описания русских святых” Санкт-Петербург, 1875, 2 даана; И.Ветвицкий “Руководство к преподавания “Закона Божия”. Санкт-Петербург, 1872, 1 даана ж.б. Ошентип, Покровский айылындагы приходдук училищеге 25 сом 75 тыйындык 22 түрдүү 35 даана китеп которулган. Окуу китептеринен тышкары Чусттагы училищеден Покровскийдеги приходдук училищеге төмөндөгү икондор алдырылган:

Икона Бого матери, пасана и аполотне 1 даана, Икона Николая Чудотворца, писанах надереве 1 даана, Нерукатворный образ Христа Спасителя 1 даана ж.б.

Кокондон 9 сом 99 тыйындык 12 даана китеп которулган. Кылымдын аягында Покровскийдеги 1 класстуу приходдук училищенин өзүнүн атайын имараты болгон. Анда 678 томдон турган 475 түрдүү китеп, 174 окуу көргөзмө куралдары болуп, 71 бала окуган. Алардын 56 сы эркек балдар, 15 и кыз балдар болгон. Анда эки мугалим эмгектенишкен. Окуучулар, негизинен отурукташкан орус кыштагынын балдарынан турган. Жергиликтүү калктын же башка улуттун балдары окуган эмес (Граменицкий, 1896).

Корутунду

Жогоруда айтылгандай, түпкүлүгү бул мектептер административдик башкаруу аппаратынын кызыкчылыгын көздөгөн. Ошого карабастан, бул училищелер жергиликтүү элге орус маданиятынын жайылышында чоң роль ойногон.

Адабияттар:

Бартольд В.В. (1963). Соч. Т.2, ч.1, М., 1963, 298.

Бендриков К.Е. (1905). Очерки народного образования в Туркестане. М.,1905, 7.

Вощинин В. (1914). Очерки нового Туркестана. Свет и тени Русской колонизации. СПб. 43.

Граменицкий С. (1896). Очерки развития народного образования в Туркестанском крае. Т., 1896, 86-87.

Недерица Е. (1888). Памятная книжка по управлению учебными заведениями Туркестанского края на 1880-81 учебный год. (книга-2) Составил секретарь управления учебными заведениями Туркестанского края. 92.

Статистический обзор Ферганской области за 1898 год. г. (1900). Новый Маргалан. 122-123.

Статистический обзор Ферганской области за 1904 год. Новый Маргалан. (1905).1905г., 7

Туркестанские ведомости. 25 ноябрь, 3. (1886).

УДК 94(931) (051)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_44

КОЛОНИЯЛЫК ДООРДОГУ БАСМА СӨЗ КАРАЖАТТАРЫ

Султанова Махпуратхон Шакировна,
т.и.к., доцент,
Ош мамлекеттик университети,
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *Колониялык мезгилде Түркстан чөлкөмүндө анын ичинде Кыргызстандын аймагында ондогон официалдуу жана жеке менчик газета, журналдар кеңири тараган. Ташкенттен ар түрдүү уюмдардын, мекемелердин жана жеке адамдар тарабынан газета, журналдар, көптөгөн баракчалар чыгып турган. Жергиликтүү эл массалык маалымат каражаттарынан кеңири пайдаланышкан. Алсак, орус тилинде менчик газета "Окраина" (1890-1898жж), "Русский Туркестан" (1898-1907жж), "Самарканд" (1907-1910) жана башкалар большевиктердин жетекчилиги астында чыккан легалдуу газеталар болгон. Ал эми "Среднеазиатсая жизнь"(1905-1908-жж), "Туркестанский курьер" (1908-1917-жж) буржуазиялык мүнөздөгү газеталар болгон. 1906-жылы революциялык кыймыл күч алган мезгилде Ташкенттик РСДРП партиясынын легалдуу эмес тайпасынын "Правда" салдат баракчасы, легалдуу эмес газета "Рабочий", Ташкенттик социал-революционерлер партиясынын комитети 1907-08-жылдары легалдуу эмес "Молот" газетасын, Түркстан уюмунун социал-революционерлер типографиясы 1909-жылы "За народ" газетасын чыгарып турушкан. Фергана областынан официалдуу түрдө орус тилинде "Фергана областынын баракчасы" (1907-1917), Кокон шаарынан "Фергана турмушу" (1914-ж), "Түркстан чөлкөмү", "Фергана добушу", "Фергана жаңырыгы" жана башка көптөгөн газета журналдар чыгарылып турган.Бул газета, журналдар ар түрдүү багытта жана ар түрдүү музмунда болгон.*

Ачкыч сөздөр: *Россия, Түркстан, Крым, Астрахандан, Кыргызстан, Самарканд, Фергана чөлкөмү, Ташкент, басма сөз, газит, журнал, «Түркстан жергиликтүү газетасы», «Таракки», «Хуршид», "Юлдуз" "Баян-Ульхак", "Вакт", "Маглюмат", "Идель", "Таржиман", "Ульфет" , "Фергана турмушу" ,"Түркестан чөлкөмү", "Фергана жаңырыгы", "Фергана добушу", "Рахмин".*

ПРЕСС-СЛУЖБА КОЛОНИАЛЬНОЙ ЭПОХИ

Султанова Махпуратхон Шакировна, т.и.к., доцент
Ошский государственный университет,
Ош, Кыргызская Республика

времени, как деловой подход к работе, стремление идти в ногу со временем, смело творить, смело встречать трудности и бесстрашно идти вперед, дух упорной борьбы, стремление к эффективности, отказ от погони за славой и богатством, любовь к людям и бескорыстие.

Например, традиция уважения к старшим. Хотя китайцы уже не следует старинному изречению: «Имеющий престарелых родителей не должен пускаться в дальнее путешествие»,- однако основной принцип здесь остается. Китайцы рассматривают заботу о родителях не просто как предписанный законом долг, а, что более важно, чувствование неразрывной кровной связи детей с родителями. Это чрезвычайно важно для поддержания сегодня социальной гармонии и стабильности. Разве эту традицию не следует поддерживать? Поэтому в Китае до сих пор сохранили и празднуют Праздник луны - традиционный праздник в Китае. Он отмечается 15 числа восьмого месяца по лунному календарю. Этот день считается серединой осени, поэтому его назвали «Чжунцю» - «середина осени» по-китайски (http://russian.people.com.cn/31516/6269627.html#:).

В этот день луна особенно яркая и круглая. Под её светом вечером собирается вся семья, и любуется луной. А те, кто находится в чужом краю, в этот день также смотрят на луну и вспоминают родину и родителей, родных и близких. Китайцы считают, что Луна символизирует соединение всей семьи. Поэтому Праздник Луны также назвали праздником Соединения семьи. Кроме того в Китае повторно ввели классическую литературу в систему образования. Правительство рассматривает возможность возродить элементы традиционной культуры, особенно конфуцианства. Основоположник конфуцианства - китайский мыслитель Кун Фу-цзы (孔夫子) (551-479 до н.э.) или Конфуций. Правила семейной этики Конфуций перенес на государство: он говорил, что государство — это большая семья, а семья — это малое государство. Одна из важных основ социального порядка это повиновение старшим: отцу, правителю, государю. Конфуций разработал учение о «Сяо» или сыновней почтительности. Нормы этого учения способствовали расцвету в Китае культа семьи (http://ekd.me/2015/10/school-confucianism/).

Выводы

Формирование и развитие ключевых традиционных ценностей нашей страны происходило вместе с возникновением, формированием и эволюцией традиционной морали. С одной стороны, традиционная мораль - основа ключевых китайских ценностей. С другой стороны, эти ценности являются

ядром традиционной морали, они определяют логику ее развития и системную структуру. Вместе с развитием традиционной морали ключевые китайские ценности также прошли путь формирования, развития и трансформации.

Как мы видим, в китайской культуре мораль является практическим способом существования человека в мире, является надстройкой и формой сознания. Исходя из этой точки зрения, мораль наделяла различные исторические периоды развития общества различным моральным обликом с соответствующей системой моральных ценностей. Таким образом, понятие морали служит для систематизации научного знания о нравственности и добродетели.

Литература

Абрамова Н. А. (1998). Традиционная культура Китая и межкультурное взаимодействие (социально-философский аспект). Чита: ЧитГУ.

Василенко И. А. (1999). Диалог цивилизаций: социокультурные проблемы политического партнерства. М.: Элиториал УРСС.

Лао-цзы. Дао Дэ Цзин/Пер. Ян Ши-Хуна // (1972). Древнекитайская философия. М.: Мысль, С. 164-178.

Цзяо Гочэн (2000). Чуаньтон лунли юй сяньдэй цзячжи (Традиционная этика и ее современное значение). Пекин.

Цит. по: конфуцианский канон «Да Сюэ» («Великое Учение»).

Цит. по: Цзо-чжуань (Комментарии Цзо). Книга содержит комментарии к хронике «Чуньцю», написанные Цзо Цюмином.

Цит. по: Лунь юй / Пер. Переломова Л.С. (2001). М.: Восточная литература, С. 125.

Чэн Цзэнхунь (1997). Создание марали XXI века и конфуцианская этика // Социальные и гуманитарные науки. Зарубежная литература. Реф. журн. №.3.

Чянь Юаньвэй (2001). Исследование основ образовательных реформ. Шанхай: Шанхай кэцзи цзяоюй чубаньшэ, 7 с.

Интернет ресурсы:

http://russian.people.com.cn/31516/6269627.html#:~:

Уважать старших: возвращение конфуцианского учения в детские сады и школы Китая Источник: http://ekd.me/2015/10/school-confucianism/

УДК 314.748
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_203

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЯЛДАР МИГРАЦИЯСЫ: СЕБЕПТЕРИ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАР

Даниярова Гулзина Маматалиевна, окутуучу
E-mail: gdaniyarova@oshsu.kg
Ош мамлекеттик университети,
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Макалада азыркы учурдагы кыргыз мигрант аялдардын Россия Федерациясына болгон эмгек миграциясынын себептери, алардын негизги көйгөйлөрү изилденет жана чечүү боюнча сунуштар берилет. Аялдардын миграциясынын себептерин аныктоо жана анын жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн бул маселенин эмпирикалык жактан терең изилдөө абдан маанилүү. Эмпирикалык анализ «Кыргызстандагы аялдардын миграциясы: себептери жана натыйжалары» аттуу сурамжылоонун маалыматтарынын негизинде жасалды. Аялдар миграциясы боюнча жазылган эмгектерге, жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына жана сандык ыкмага таянып даярдалган бул макаланын аргументи — түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу аял мигранттардын көйгөйүн азайтууга болот. Атап айтканда, аял мигранттардын көйгөйлөрүнүн себептерин талдоо жана аларды чечүү боюнча сунуштар, мигранттар үчүн түзүлгөн жаңы шарттар жана маалыматтар, аларга юридикалык сабаттуулук боюнча түшүндүрмөлөр аркылуу маселени оң жагына чечсе болот.*

Ачкыч сөздөр: *аялдар миграциясы, Россия Федерациясы, укук, миграциянын себептери, Кыргызстан.*

ЖЕНСКАЯ МИГРАЦИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ПРИЧИНЫ, ПРОБЛЕМЫ И РЕКОМЕНДАЦИИ

Даниярова Гулзина Маматалиевна, преподаватель
E-mail: gdaniyarova@oshsu.kg
Ошский государственный университет,
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *В статье рассматриваются причины трудовой миграции современных кыргызских женщин-мигрантов в Российскую Федерацию, их основные проблемы и предлагаются пути решения. Углубленное эмпирическое исследование этого вопроса необходимо для выявления причин миграции женщин и разработки механизмов ее регулирования. Эмпирический анализ был основан на данных социологического опроса женщин-мигранток «Женская миграция в Кыргызстане: причины и последствия». Аргумент этой статьи, основан на работе женщин по миграции, результатах исследований и количественном подходе, заключается в том, что проблема женщин-мигрантов может быть уменьшена с помощью аутрич-работы. В частности, можно положительно решить проблему посредством анализа причин проблем женщин-мигрантов и предложений по их*

решению, новых условий и информации для мигрантов, разъяснений по правовой грамотности.

Ключевые слова: *женская миграция, Российская Федерация, закон, причины миграции, Кыргызстан.*

WOMEN'S MIGRATION IN KYRGYZSTAN: CAUSES, PROBLEMS AND RECOMMENDATIONS

Daniiarova Gulzina Mamatalievna, instructor
E-mail: gdaniyarova@oshsu.kg
Osh State University
Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *The article examines the causes of labor migration of modern Kyrgyz migrant women to the Russian Federation, their main problems and offers solutions. An in-depth empirical study of this issue is essential to identify the causes of women's migration and to develop mechanisms for its regulation. The empirical analysis was based on data from the survey "Women's Migration in Kyrgyzstan: Causes and Consequences." The argument of this article, which is based on the work of women on migration, the results of research and the quantitative approach, is that the problem of female migrants can be reduced through outreach. In particular, it is possible to solve the problem in a positive way through the analysis of the causes of the problems of women migrants and suggestions for their solution, new conditions and information for migrants, explanations on legal literacy.*

Keywords: *women's migration, Russian Federation, law, causes of migration, Kyrgyzstan.*

Киришүү

Кыргызстан эгемендүүлүкө ээ болгондон кийин экономикалык жана саясий оор кырдаалга дуушар болуп, өз жарандарын туруктуу жумуш менен камсыз кыла алган жок. Бул болсо калктын экономикалык оор абалдан чыгуу максатында жер которуп, үй бүлөсүн багуу үчүн өз мекенин таштап, алыста эмгектенүүгө мажбур кылды. Азыркы учурда эмгек миграциясында жалпысынан Кыргыз Республикасынын 710 миңдей жараны жүрөт. РФ ИИМ миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын дайындарына таянсак, Россия Федерациясынын миграциялык эсебинде Кыргыз Республикасынын 640 миң жараны турат. Баалоо дайындарына таянсак, Казакстанда - 30 миңдей, Түштүк Кореяда - 15 миң, Түркияда - 30 миң, башка алыскы чет өлкөлөрдө (Европа, АКШ, Азия) - 20 миңдей адам жер которуп кетишкен (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын 2019-жылдын I жарым жылдыгына карата аткарган иштери тууралуу маалымат, 2019). Миграция боюнча серепчилердин айтымында бул сандар бир нече эсеге кыскартылып айтылат. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин тышкы миграция боюнча жарыялаган маалыматтары, учурдагы

миграциянын абалын толук кандуу чагылдырууда жетишээрлик эместигин белгилеп кетүү керек. Себеби чет өлкөгө жумуш издөө максатында кеткендер көп учурда каттоого алынбайт (Сулайманова Б.Б., 2017). Такталбаган маалыматтар боюнча Кыргызстандын тышкы мигранттарынын саны 1 миллиондон ашат. Бул болсо активдүү калктын 10 %ын түзөт.

Материалдык жана методдук изилдөө

1990-2010-жж. аралыгында эркек мигранттардын агымы басымдуулук кылса, 2010-жылдан кийин аял мигранттардын агымынын күч алгандыгы байкалат. Мисалы, 2016-жылы Россияга кеткен 7,1 миң кыргыз эмигранттын ичинен аялдар 4,5 миң адам, же 61 пайызын түзгөн (Кыргызстандагы аялдар: цифралар жана фактылар, 2017). РФ Федералдык миграциялык кызматынын расмий билдирүүсүндө 2010-жылы жалпы мигранттардын 14%ын аялдар түзсө, 2015-жылы Кыргызстандан барган мигранттардын ичинен аялдардын саны 40 %га жеткен (Полетаев Д., 2018). Аял мигранттардын санынын кескин өсүшү бир гана мигрант аялдар үчүн эмес, коом үчүн да чоң коркунучтарды жаратуусу мүмкүн. Азыркы учурда Россия Федерациясында эмгектенип жаткан Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынан барган 66 мигрант аялдан алынган он-лайн сурамжылоонун негизинде алардагы негизги көйгөйлөрдү аныктап, чечүүнүн жолдору сунушталат.

Кыргыздардагы салттуу коомдо аялдардын орду бийик бааланып, алар үй бүлөнүн куту болуп саналган. Баланын тарбиясы, үйдүн тазалыгы, эркектин кадыр-баркы, туугандар менен карым катнаштын бекемдиги, жада калса бир уруунун ийгилигин да аялдар менен байланыштырышкан. Убакыттын өтүшү менен аялдардын коомдогу орду өзгөрүп, алар үй бүлөдөгү негизги табарман болуп калышты. Мунун далили катары аял мигранттардын санынын өсүүсүн айтсак болот. Миграциянын аялдашуусу бир гана аялдар үчүн эмес, коом үчүн да бир топ маселелерди жаратууда. Белгилүү америкалык тарыхчылар Р.Р.Пальмер жана Дж.Колтон аялдардын үйдөн тышкаркы акча төлөнүүчү жумушка орношуусунун аянычтуу кесепеттери болоорун айтышкан, акча тапкан аялдар салттуу коомдо жашашса да, эки тарыхчы коом үчүн жаңы коркунучтардын пайда болуусун белгилеп кетишкен (Judith P.Zinsser, 1992).

2010-жылы Тюрюканова Е.В. ж.б. жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгында КМШ мамлекеттеринен барган аял мигранттардын арасында эң жаш аял мигранттар – бул кыргыз мигранттары болгон (орточо жашы-31 жаш) ал эми эң жашы улуу мигранттар Грузиядан келишкен (орточо жашы-41 жаш) (Тюрюканова Е.В., 2011). Биз жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы да ушул сандар менен дал келет. Жаш курагы боюнча респонденттер: 18-24 жаш -19,7%;

25-30 жаш-34,8%; 31-35 жаш-18,2%, 36-44 жаш-12,1%; 45-55 жаш-15,2%; 55-60 жаш-19,7%. Аял мигранттардын басымдуу бөлүгү 18-30 жаш курakта. Бул жаш курак аялдар үчүн эң оор жана жоопкерчиликтүү мезгил болуп саналат. Себеби кыздар турмушка чыгып, башка үй бүлөнүн мыйзамы боюнча жашоосу керек. Андан сырткары бул убакыт репродуктивдүү курак болуп, аялдар төрөп жана баланы чоңойтуу жоопкерчилигин мойнуна алышат. Бирок мындай жоопкерчиликти мигрант катары аткаруу алардын түйшүгүн оорлотот. “Россияга биринчи келгенде кандай көйгөйлөргө дуушар болгонсуз?” деген суроого аял мигранттардын 42,4%ы ата-энеме жана балдарыма болгон сагыныч кусалык деп жооп беришкен. Россиядагы үй шартынын жоктугу жана жумуш убактысынын узактыгы, балдарды бала бакчаларга орноштуруу кыйындыгынан аял мигранттар балдарын туугандарына, интернаттарга же балдар үйлөрүнө таштап кетүүгө мажбур болушат. Кыргызстанда эмгек миграциясынын натыйжасында 277 миңден ашуун бала ата-энелерден кароосуз калган (Дети трудовых мигрантов, 2021). Алар көбүнчө туугандары менен калышкандыктан, көп учурда чоңдор тарабынан зордук-зомбулука кабылышат. Ошондой эле эне мээримине тойбогон балдар психикалык жактан жабыркап, бул алардын келечегине да терс таасирин тийгизерин психологдор айтып келишет. Акыркы мезгилде коомдо болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы зордуктоо, суицид, кылмыштуулук сыяктуу терс көрүнүштөр көпчүлүк учурда энелери мигрант үй бүлөлөрдө болот.

Аялдар миграциясынын негизги 2 модели бар (Тюрюканова Е.В., 2011). Көз карандысыз модели – бул акча табуу максатында чет өлкөгө мигрант болуп кетүү чечимин өздөрү кабыл алган аялдар, б.а. турмуш курбаган же турмушка чыгып, куйөөлөрү үйүндө калган мигрант аялдар. Бул аялдар чечимдерди өздөрү кабыл алышат жана эч кимге көз каранды болушпайт. Коштоочу (көз каранды) модели – турмуш курган, күйөөсү менен чогу же күйөөсүнүн артынан барган аялдар. Алар күйөөлөрүнөн көз каранды болсо да, миграция учурунда салыштырмалуу көп акча таап, үй бүлөдөгү негизги табарман болушат. Кээ бир учурларда аялдар кабыл алган өлкөдө акча табуу үчүн эч кандай жумуш аткарышпайт. Алардын негизги максаты – күйөөлөрүнө кам көрүү болуп саналат.

Аялдар миграциясынын моделдери	Аялдардын үй бүлөлүк абалы
1. Көз карандысыз (Өз алдынча иштеген) модели	-Турмушка чыга элек кыздар - 21,2%; -Ажырашкандар- 7,6%;

	-Жолдошу каза болгондор- 1,5%.
Коштоочу (көз каранды) модели	-Турмуш кургандар-62,1%; (82,7%ы жолдоштору менен Россияда чогу; 11,5% аялдардын жолдошу Кыргызстанда калган; 3,8% аялдардын жолдошу Россияда бирок башка шаарда) -Жарандык никеде тургандар-7,6%.

Таблица 1. Аялдар миграциясынын модели жана сурамжылоонун жыйынтыгы

Сурамжылоого катышкан аялдарды миграцияга түрткөн негизги себептердин бири, экономикалык (74,2%) себеп, алар тапкан акчасын үй бүлөнүн күнүмдүк каражаттарын камсыз кылуу үчүн (71,2%), балдарынын билим алуусуна (43,9%), үйдүн курулушуна (43,9%), акчаны топтоого (33,3%), кредит төлөөгө (25,8%), той-үлпөттөргө (10,6%) сарпташат. Россияда иштеп тапкан акча дайым эле мигранттарды канааттандыра бербейт. “Россияда иштеп тапкан акчаңыз сизди канааттандырабы?” деген суроого төмөндөгүдөй жооптор болгон.

Диаграмма 1. Сурамжылоонун жыйынтыгы

Муну менен катар 34,8% аялдар Россияга келүүнүн негизги себептеринин бири катары “үй-бүлө менен чогу болуу” деп аташкан. Жогоруда белгилеп кеткендей аял мигранттардын басымдуу бөлүгү турмуш курган жаш келиндер. Күйөөлөрүнөн алыста болуу үй-бүлөнүн бузулуу коркунучун жаратат. Себеби аялдары мекенинде калган мигранттар Россияда башка үй бүлө күтүп алган учурлар да аз эмес (Полетаев Д.В., 2018).

Андан сырткары өзүн өзү калыптандыруу (15,2%), айылдык салттардан (стереотиптерден) кутулуп, жаңы жашоо баштоо (10,6%), билим алуу (9,1%), жана Россиянын жарандыгын алуу (9,1%) максатында келген.

Кыргызстандын аял мигранттарынын сабаттуулугуна токтолсок, басымдуу бөлүгү жогорку билимдүүлөр-43,9%, орто билими бар-28,8%, атайын орто-21,2%, бүтпөгөн орто-3%, билими жок-3%. Тилеке каршы, көпчүлүк учурда аялдардын алган билими өз кесиби боюнча жакшы жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн бербейт. Россияга биринчи келгенде 27,3% аялдар эң чоң көйгөй катары жумуш таппай кыйналгандыгын айтышат. Мындай кырдаалдан чыгуу максатында аялдар кандай гана жумуш болбосун макул болуп иштей беришет. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң көп кыргыз аялдары жууп тазалоо иштерин аткарышат. Ар бир бешинчи аял бул кызматка тартылган (Тюрюканова Е.В., 2011). Бул аялдардын социалдык статусун төмөндөтүп, өздөрүнө болгон ишенимди жок кылат. Көп аялдар депрессияга кабылып, бирок турмуштун мажбурдугунан көнүп кетээрин айтышат. Негизинен кыргыз мигранттары жууп тазалоо иштеринде-31,8%, тейлөө тармагында-25,8%, соода тармагында-19,7%, медицина тармагында-12,1% эмгектенишет. 12,1% аялдар эч кандай жумуш аткарышпайт.

2016-жылы Кыргызстандан барган мигранттардын 71%ы жумуш берүүчү менен жазуу жүзүндө эмгек келишимин түзүшкөн (Полетаев Д., 2018), азыркы күндө 76,9% аялдардын эмгек келишими бар. Сурамжылоонун натыйжалары көрсөткөндөй, жумуш берүүчү менен келишим түзгөн аялдардын саны көбөйгөн.

Респонденттердин 23,15%ы жумуш берүүчү менен эмгек келишимин түзбөгөндүгүн айтышат. Анын себеби катары эмгек келишиминин кереги жок-41,9%, жумуш берүүчү ушундай деп чечти-16,1%, жумушка орношконуна аз убакыт болду-16,1%, бул жөнүндө ойлонбоптурмун-9,7%, баары эле ушинтип иштешет-6,5%, ар жолу жаңы буюртмачы менен иштешем-6,5%, жумуш берүүчү менен туугандарым жакшы тааныш-3,2%. Мындай чечим кабыл алуу алар үчүн көп көйгөйлөрдү жараткандыгы жөнүндө аларда түшүнүк жок. Мисалы, эгер жумуш берүүчү тарабынан мыйзам бузуулар болсо, тагыраак айтканда айлык маянаны бербей коюу, аткарган жумуштан сырткары кошумча жумуш буюруу, зордук зомбулук көрсөтүү, күч колдонуу, ж.б. Россиянын сотторуна кайрылып, өз укугун коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат. Эгер мигранттар Россия Федерациясынын мыйзамдарын билишсе, мындай чечимге барышмак эмес. 63,6% мигранттар Россиянын мыйзамдарын толук билишпейт; 7,6% аялдар билишпейт; 28,8% аялдардын мыйзамдар боюнча маалыматы бар.

Аял мигранттардын Россияга баргандагы дагы бир көйгөйү – тил билүү деңгээли болгон (16,7%). Сурамжылоого катышкан аялдардын 60,6%ы орус тилинде эркин сүйлөп, жаза алат; 31,8% аялдар орус тилинде сүйлөшөт, бирок оюн толук жеткире алышпайт; 7,6%ы түшүнөт, бирок сүйлөй алышпайт. Тил билүү тоскоолдугу жергиликтүү калк менен болгон мамилени бузуп, көпчүлүк учурда мигранттарды басмырлоого алып келет.

Москва шаарында атайын кыргыз мигранттарына кесиптик билим берүү (тил курстары, чач кыркуу, тамак бышыруу, электрик, ширетүүчү, айдоочу, медайым, гувернер ж.б.) үчүн ачылган "Табарман" окуу борборлорунун он-лайн жана оф-лайн курстары тууралуу көпчүлүк мигранттардын маалыматы жок (59,1%), ал эми 13,6% мигранттар мындай курстардын аларга кереги жок деп айтышкан. Эгер мындай курстар тууралуу маалымат алып, кызматтарынан пайдаланышса алардын көйгөйлөру бир аз болсо да азаймак.

Корутунду

Жалпысынан жогоруда берилген изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын мисалында аялдардын миграциясынын себепкерлери катары көп учурда экономикалык факторлор, киреше деңгээлинин төмөн болушу менен бирге үй бүлөнү сактап калуу максаттарын айтсак болот.

Тилекке каршы, Кыргызстандан барган көпчүлүк эмгек мигрант аялдар укуктук сабаттуулугунун жоктугунан эмгек келишимдерин түзүүгө эч кандай аракет жасашпайт. Жыйынтыгында жумуш берүүчү тарабынан болгон басмырлоого, кыйноолорго дуушар болуп, көнүп жашоого мажбур болушат.

Үй бүлөсун сактап калуу үчүн күйөөсүнүн артынан кеткен мигрант аялдардын балдары физикалык жана психологиялык жактан көп жабыркашат. Акыркы мезгилде коомдо болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы зордуктоо, суицид, кылмыштуулук сыяктуу терс көрүнүштөр көп учурда энелери мигрант үй бүлөлөрдө болот.

Практикалык сунуштар:

1. *Эмгек миграциясы тууралуу маалыматтарды жакшыртуу.* Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин Кыргызстандын учурдагы аялдардын эмгек миграциясын толук чагылдырбагандыгын айтууга болот. Учурда Россия Федерациясында эмгектенүү максатында жүргөн аялдардын саны тууралуу так маалыматты аныктоосу зарыл. Бул үчүн атайын аял мигранттар үчүн интернет баракчасы түзүлүп, алардын кайда, кандай жумуш аткаруусун, Россияда пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн кандай жардамдарды алса боло тургандыгын тактаса болот. Ошондой эле Россия Федерациясынын миграциялык кызматы тарабынан

берилген маалыматтардын Кыргызстандын миграция кызматынын интернет баракчасында ар бир айга таандык маалыматтарды жарыялоосу сунушталат.

2. *Эмгек патентин алуу шарттарын жеңилдетүү*.
3. *Аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу максатында Россияга баруу максатын көздөгөн аялдар үчүн түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.*
4. *Аял мигранттардын санына жараша аларга Россияда кызмат ордуларынын санын жогорулатуу.*
5. *Атайын кыргыз мигранттары үчүн он-лайн жана оф-лайн окуу курстарын көбөйтүү жана жайылтуу*.

Адабияттар

Дети трудовых мигрантов. [Электронный ресурс] — Режим доступа: https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын 2019-жылдын 1 кварталына карата аткарган иштери тууралуу маалымат. [Электронный ресурс] — Режим доступа: http://ssm.gov.kg/kg

Кыргызстандагы аялдар: цифралар жана фактылар. [Электронный ресурс] — Режим доступа: http://stat.kg/kg/news/8-marta-kyrgyzstan-otmechaet-mezhdunarodnyj-zhenskij-den/

Полетаев Д.В. (2018). Женская трудовая миграция из Таджикистана и Киргизии в Россию // Народонаселение.— Т. 21. — № 4. — С. 68-78. DOI: 10.26653/1561-7785-2018-21-4-07.

Полетаев Д.В. (2018). Связь миграции с ранними браками и разводами у мигрантов из Центральной Азии. [Электронный ресурс] — Режим доступа: www.auca.kg/uploads/Migration_Database/Publications/Migration_early_marriages_Poletaev_2013.pdf (Дата обращения: 11.10.2018)

Сулайманова Б.Б. (2017). Кыргызстандын тышкы миграциясынын динамикасы жана анын себептеринин анализи. MANAS Journal of Social Studies.—Т.21. 4. 308-б.

Тюрюканова Е.В., Зайончковская Ж.А., Карачурина Л.Б., Мкртчян Н.В., Полетаев Д.В., Флоринская Ю.Ф. (2011). Женщины-мигранты из стран СНГ в России. /– М. Пресс. – с. 8.

Judith P. Zinsser. (1992). History and feminism. USA. – p. 15.

УДК 1(81*22)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_211

СЕМИОТИКА ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА АНЫ ИЗИЛДӨӨ ДЕҢГЭЭЛДЕРИ

Жумабай уулу Абдыразак,аспирант
E-mail:abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
КыргызРеспубликасынын Улуттук илимдер академиясы
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Бойтоева Салтанат Саитовна, аспирант
E-mail:saitovakg@mail.ru
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Семиотика илими башка илимдерге салыштырмалуу али жаш. Анын пайда болуусу XIX кылымдын ортосуна туура келип, айрыкча Ч. Пирстин, Ч. Морристин жана Ф. Соссюрдун эмгектери аркылуу чагылдырылат. Эң алгач аны тилдин философиясы катары сыпатташып келишкен. "Тилдин философиясы" термини макалада "парадигма" сөзүнүн синоними катары философиялык түшүнүк катары белгиленет. Семиотикалык концепттерди изилдөөнүн актуалдуулугу гуманитардык илимдерде өзгөчө макалада баса көрсөтүлгөн. Тил илимине болгон кызыгуунун өнүгүшү менен анын теориялык жана методологиялык масштабы да кеңейе баштайт. Натыйжада философиялык, логикалык мазмуну да күчөй баштайт. Жогорудагы тилдин жана философиялык ойлордун негизинде биздин иликтөө өзгөчө семиот-философиялык концепттер жана теориялык реконструкцияланган.*

Ачкыч сөздөр: *семиотика, белги системасы, буюмдар түшүнүгү, символ, метафора, лингвистикалык изилдөө, тилдик белгилер, семиология, семиография, семиософия.*

ПОНЯТИЕ СЕМИОТИКИ И ЕГО СТЕПЕНь ИССЛЕДОВАНИЯ

Жумабай уулу Абдыразак, аспирант
Национальная академия наук Кыргызской Республики
E-mail:abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Бойтоева Салтанат Саитовна, аспирант
E-mail:saitovakg@mail.ru
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *Семиотика как наука имеет относительно юный возраст. Ее рождение можно датировать началом прошлого столетия, когда увидели свет работы Ч. Пирса, Ч. Морриса и Ф. Соссюра. На взгляд автора, семиотику следует рассматривать как вариант философии языка. Термин "философия языка" в статье употребляется синонимично слову "парадигма", обозначая не некоторое течение в философии, а совокупность взглядов на язык. Актуальность исследования семиотических концепций обусловлена особым статусом*

языка в контексте гуманитарного знания. Одновременно с ростом интереса к языку возрастает потребность в систематизации методологических подходов и осмысления той мозаичности взглядов на язык, которая с трудом поддается реконструкции и описанию. Едва оформившись как научная дисциплина, семиотика очень быстро распалась на множество частных семиотик, в которых ее философское наполнение отошло на второй план. В статье обоснован статус семиотики как одного из подходов в философии, в связи с чем реконструируются некоторые семиотические концепции, исследуются их философские составляющие.

Ключевые слова: *Семиотика, знаковая система, вещественная понятия, символ, метафора, лингвистическая исследования, языковые знаки, семиология, семиография, семиософия.*

THE CONCEPT OF SEMIOTICS AND ITS DEGREE OF RESEARCH

Zhumabai uulu Abdrazak, postgraduate,
National academy of science of Kyrgyz Republic
E-mail:abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
Bishkek, Kyrgyz Republic
Boitoeva Saltanat Saitovna, postgraduate,
Osh State University Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *Semiotics as a science has a relatively young age. Its birth can be dated to the beginning of the last century, when the works of Ch. Peirce, C. Morris, and f. Saussure. In the author's opinion, semiotics should be considered as a variant of the philosophy of language. The term " philosophy of language "in the article is used synonymously with the word" paradigm", denoting not a certain current in philosophy, but a set of views on language. The relevance of the study of semiotic concepts is due to the special status of language in the context of humanitarian knowledge. Simultaneously with the growing interest in language, there is a growing need to systematize methodological approaches and to understand the mosaic of views on language, which is difficult to reconstruct and describe. As soon as it was formed as a scientific discipline, semiotics very quickly disintegrated into many private semiotics, in which its philosophical content faded into the background. The article substantiates the status of semiotics as one of the approaches in philosophy, in connection with which some semiotic concepts are reconstructed, their philosophical components are investigated.*

Keywords: *semiotics, sign system, real concepts, symbol, metaphor, linguistic research, language signs, semiology, semiography, semiosophy.*

Киришүү

Семиотика өз алдынча дисциплина катары салыштырмалуу түрдө жакында эле пайда болду, бирок да XVII кылымда эле англис философу Джон Локк анын маани-маңызына жана илимдеги ордуна так аныктама берген. Ал илимдердин бөлүнүшү тууралуу сөз кылуу менен мынтип жазган: “Кийинки бөлүмдү “семиотика” же “белгилер тууралуу окуу” – деп атоого болот (ЛоккДж.,

2013). Бул бөлүмдүн милдети – буюмдарды түшүнүү же өз билимин башкаларга берүү үчүн акыл-эс колдонгон белгилердин табиятын жарандарга үйрөтүү".

Белги системаларын үйрөнүүнүн семиотикалык ыкмасы Готфрид Вильгельм Лейбництин (XVII кылымдын акыры)логико-математикалык эмгектеринде чагылдыруу менен ал өзүнүн "универсалдык эсептөө" концепциясы аркылуу математикалык логиканын жана семиотиканын негизги принциптерине аныктама берүүгө чоң салым кошкон.

Ал "белгилер" (кээде "мүнөз" деп да айткан) буюмдун терең табиятын кыскача чагылдырат жана мында ой жүгүртүү таң каларлыктай түрдө кыскарат" – деп жазган (Лейбниц, 1983). Лейбниц өзүнүн системасында түшүнүктү символго, символду санга жеткирүүгө, акыры аягында сандардын жана символдордун жардамы менен символдук эсептөөнү, ойжүгүртүүнү калыптандырууга аракет жасаган. Анын бул оюн жана максатын азыркы эсептөө машиналарынын аткарган кызматы менен салыштырып көрүңүз, бирок ал мезгилдерде бул көпчүлүк үчүн ойго келбеген иш эле да. Локк жана Лейбництен кийин семиотика XVIII кылымдан баштап жалпы окумуштуулар коомунда таанылган илим тармагына айлана баштады. Азыркы логикалык жактан туура багытка түшкөн семиотиканын түзүүчүсү жана баштоочусу Чарльз Пирс (1839-1914) болгон. Пирстин белгилер теориясы анын тилинин метафоралык мүнөзүнө байланыштуу түшүнүүгө бир топ татаал. Анын айрым оригиналдуу идеяларын, мисалы, адамдын белги катары чыгуучу ойлорун логиканын тилине оңой-олтоң сала сала коюу абдан татаал. Ошол эле убакта Пирстин метафораларынын ичинен семиотиканы илимий жактан изилдөө боюнча бир топ перспективаларды (мисалы, бир адамдын ички жан дүйнөсүндөгү эки quasi-акылдын диалогу тууралуу ойжүгүртүүлөр) табууга болот (Пирс Ч., 2001).

Материалды изилдөө методу

Азыркы учурда семиотикага болгон улам жаңы кызыгуулар жаралууда. Семиотикалык проблематикага арналган айрым китептерди жана эмгектерди атап өтөлү: Умберто Эко «Отсутствующая структура: Введение в семиологию» (1998), «История русской семиотики» Г. Поченцов (1998), «Избранные труды, т. 1. Семиотика истории. Семиотика культур Б.А. Успенский (1994), орус жана дүйнөлүк семиотика боюнча Ю.М. Лотмандын «Культура и взрыв». М., 1992; «Беседы о русской культуре: Быт и традиции русского дворянства (XVIII – начало XIX в.)». СПб., 1994) ж.б. Бул кызыгуулар кокусунан гана боло койгон жок, семиотиканын тилдеги орду жана кызматы маалымат технологияларынын өсүүсүнө байланыштуу болуп көрбөгөндөй күч алууда. "Тилдик (семиоткалык) оюндар" же "маданият коммуникациялык процесс катары" концепцияларынын

өзү*коммуникация* жана алар өз учурунун реалдуу фактылырын чагылдырып турат” деп жазган У. Эко (Эко, 2006).

Жалпы семиотиканын бир бөлүмү катары табигый тилдин белгилерин лингвистикалык изилдөөгө алуунун европалык традициясы Фердинанд де Соссюрдун (1857-1913) эмгектеринде алгачкылардан болуп берилген. Ал илимдин белгилик мамиле тармагын изилдөөгө алуу менен мынтип жазат: “Коомдун жашоо-тиричилигиндеги белгилерди изилдөөгө алуучу илим тармагы бар деп толук түрдө эсептөөгө болот; бул илим социалдык психологиянын, деги эле, жалпы психологиянын ажырагыс бир бөлүмүнө айланарына эч кандай шек жок жана аны биз семиология деп атадык” (Соссюр, 1990).

Тилди семиотикалык системалардын бири катары кароо бардык социалдык илимдердин негизине жатат деп белгилөө менен де Соссюр: “... муну менен лингвистика проблемасынын гана эмес элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, жалпы эле кайсыл бир улутка тиешелүү өзгөчөлүктөрдүн көп жактары ачылат. Демек, бул өзгөчөлүктөрдү жана көрүнүштөрдү семиологиянын ичине топтоо зарылчылыктары келип чыгат”, – деп жазган (Соссюр, 1990).

Фердинанд де Соссюрдун структуралык программасы конкреттүү илимдердин да семиотикалык изилдөөлөрүнө негиз боло алды. Эң алгачкы семиотикалык дисциплина болуп структуралык лингвистика эсептелет. Лингвистиканын мисалдары жана үлгүлөрү боюнча тилдик белгилердин ички маанисин моделдөө жана аныктоо адабият таанууда жана эстетикада, психологияда жана педагогикада (Ж. Пиаженин швейцариялык мектеби, Л. Выготскийдин эмгектери ж.б.), этнологияда, антропологияда, маданият таанууда, тарыхта жана башка илимдер тармагында колдонууга жана өнүгүүгө ээ боло алды.

Тексттерде “семиотика” жана “семиология” түшүнүктөрү катарлаш колдонула бергени менен алар синонимдер катары эмес мааниси боюнча бири-бирине дал келбеген аталыштар катары трактовкаланат. Семиологияга түрдүү семиосистемалардан семиоткалык каражаттардын уюштурулуш принциптерин аныктаган жана кайсыл бир аныкдеңгээлдеги мамиле-катышты изилдеген семиотикалык изилдөөлөр киргизилет. Мындай аныктама берилген жана кабыл алынган семиологиясемиографиядан (предметтердин жана көрүнүштөрдүн конкреттүү сүрөттөлүшү) жана семиософиядан (предметтер жана көрүнүштөр тууралуу философиялык ой жүгүртүү) айырмаланат.

«Семиотика» деп азыркы күндө жалпысынан белгилер жөнүндөгү бардык илимдердин тармагын аташат, ага белгилердин сүрөттөлүшү да, философиялык

баа берилиши да, маани-маңызынын ачылышы да, теориясы да киргизилет. Семиотикалык изилдөөлөрдүн түрдүү тектүүлүгү анын, жок эле дегенде, биз жогоруда атап өткөн «семиографикалык», «семиологиялык» жана «семиософиялык» үч деңгээли тууралуу сөз кылууга мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктоо жана талкуулоо

Жогорудагыдай ич ара айырмалоо менен *семиографияга* семиотикалык бирдиктерди сүрөттөө, алардын курамына жана ошондой эле түзүлүш ымаларына жана интерпретацияланышына түшүнүк берүү милдеттери жүктөлөт. Көпчүлүк семиографиялык изилдөөлөр түрдүү улуттардын, жергиликтүү элдердин тилинин тилдик өзгөчөлүктөрүн жана грамматикасын, акустикалык өзгөчөлүктөрүн, калктын геральдикасын, эмблематикасын, нумизматикасын жана фалеристикасын ж.б. эске алуу менен жүргүзүлөт да, көп учурларда ал изилдөөлөр семиотика менен байланыштырылбай да калат. Чынында да, айрым элдерде оң мааниге ээ белги же символика башка бир элдерде, тескерисинче, терс мааниге ээ болуп калышы толук мүмкүн.

Терең алып караганда, кептин бардыгы конкреттүү белгилерди, белгилер системасын сүрөттөө эмес, ал белгилердин кандай максатта түзүлгөндүгүн, эмнени билдиреринин, коомдо кандай милдет аткарарын изилдөө жана аңдап таануу болуп эсептелет. Бул максаттан алып караганда, семиографиялык изилдөөлөрдө белгилер сигналдар, индекстер, символдор, моделдер ж.б. менен салыштырылат, алардын айырмачылыктары жана окшоштуктары аныкталат, алардын ар биринин канчалык деңгээлде коммуникациялык милдет аткаруусуна баа берилет. Семиотикалык каражаттарга тиешелүү универсалийлер аныкталат, белгилерди сүрөттөө схемалары, алардын кандай максатта жана багыттарда кызмат кылуу моделдери түзүлөт. Бул деңгээлде семиотиканы «*семиология*» деп атоо максатка ылайыктуу жана мында семиотиканын теориялык касиеттери каралат. Семиологияга, жалпысынан алганда, семиографикалык, семиологиялык жана семиософиялык изилдөөлөр кирет. Ч. Моррис «дескриптивдик» жана «таза» семиотикаларды ажырата билүүнү сунуш кылган (Моррис, 1982).

Ар кандай семиологиялык теория ачык байкалган жана ачык байкалбаган белгилерге ээ, бул болсо предметтин, аны изилдөөнүн жана изилдөөчүнүн философиялык өзгөчөлүктөрүнө жана дүйнө таанымдарына байланыштуу. Семиотиканын предметинин методунун бул философиялык аспектилеribиз жогоруда атап өткөн*семиософияны* түзөт. Ага тилдин, белгилердин, аталыштардын ж.б. философиясынын версиялары кирет. «Семиософиялык» мүнөз жана өзгөчөлүк философиянын онтология, гносеология, логика, маданияттын философиясы ж.б. аспектилерин да өз ичине

камтыйт. Семиографиядан жана семиологиядан айырмаланып семиософия белгинин сырткы көрүнүштөрүнө, кызматына, жаралуу өзгөчөлүктөрүнө гана эмес анын баалуулугуна, акыл-эсти өстүрүү кызматтарына философиялык өңүттөн баа берет.

Семиографияда, семиософия да дайыма эле семиотика менен байланышкан билимдерди чагылдыра бербейт жана алардын кызматтары көпчүлүк учурларда ар түрдүү.

Семиотикалык изилдөөлөр үч деңгээлден турат жана алардын ар бири өз ара байланышта, бул үч деңгээл ырааттуу түрдө бири-бирин улап кетет. Алдыга коюлган максаттарга жана түрдүү кырдаалдарга жараша бул үч деңгээлдин элементтеринин бири-бири менен жуурулушуп кетүүсү да толук күтүлөт.

Кандай болгондо да, семиотикалык изилдөөлөрдүн бардык деңгээлдерин белгилердин түзүлүү максаттарын жана маанилерин ачуунун жалпы принциптерин жана нормаларын аныктоого багытталуу бириктирип жана өз ара байланыштырып турат. В. Виндельбанд жана Г. Риккерт тарабынан сунуш кылынган «номотетикалык» жана «идиографиялык» айырмалоо методдорун эске алуу менен семиотикалык изилдөөлөрдүн «номотетикалык» багыты тууралуу да сөз кылууга болот, мында айрым белгилерге жана тексттерге талдоо жүргүзүүдө, аларга мүнөздөмө берүүдө кандайдыр бир жалпылыктарды аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул мааниден алып караганда, ал бир белгини жекелештирүү, аны башка белгилер менен байланыштырбай өз алдынча кароо мүмкүн эмес, деги эле табиятта бардык нерселер, кубулуштар жана түшүнүктөр бири экинчиси менен ар кандайча деңгээлде өз ара байланышып тургандыгы да ушул себептүү.

Семиотиканын дагы бир түрү - *метасемиотика,*анын предмети – белгилер жана алар тууралуу илимдин жаралышы, өнүгүшү, калыптанышы, ич ара бөлүнүшү, илимдин башка түрлөрү менен болгон сырткы байланыштары. Тактап айтканда, бул метаилимге семиотика илиминин кокреттүү-илимий жана философиялык дисциплиналар менен болгон эки тараптуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон байланыштар мүнөздүү. Бир тараптан алып караганда, семиотика башка илимдерден (логика, лингвистика, психология ж.б.) өз башатын жана тамырын тапса, экинчи тараптан алып караганда, семиотиканын өзү башка илимдерге изилдөө материалына мүнөздөмө берүүгө, аны сүрөттөөгө көмөк көрсөтөт. Тигил учурда да, бул учурда да семиотика илими өз алдынчалуулугун сактап кала алат. Жөнөкөй тил менен айтканда, семиотика өз алдынча илим катары башка илимдердин негизинде жаралуу менен кайра эле алардын өздөрүнө жардамга келип жатат.

Философия илимдери (онтология, гносеология, логика, маданият философиясы ж.б.) үчүн семиология буюмдардын белгилерин жана касиеттерин конкреттештирүү үчүн, ал эми социология, маданият таануу, этнология сыяктуу философиялык эмес илимдер үчүн нерселердин адам үчүн болгон маани-маңызын таанып-билүү үчүн кызмат кылат. Ошол эле учурда аталган илимдердин тармактарынын бардыгы «-логия» болуу менен өз предметтеринин жана изилдөөгө алган материалдарынын түрдүү касиеттерин теориялык жактан жалпылайт. Бул илимдер сыяктуу семиология «-графия» болуу менен тил таануу, фольклористика, этнография, маданият таануу ж.б. дисциплиналарда конкреттүү белгилерге жана сүрөттөлүштөргө мүнөздөмө берет, жаралыш тарыхын изилдөөгө алат, ал белгилердин маанисин аныктайт (караңыз, “Различение этнографии и этнологии” Леви-Строс 2001: 369-бет; “Иконография жана иконология” Панофский 1999: 48-49-беттер). Дал ушул лингвистикалык терминдерди жана изилдөөлөрдү жалпылоо үчүн Ф. де Соссюр 1894-жылдан баштап «семиология» терминин колдоно г9обаштаган (Л.Ф. Чертов., 2014)

Биз дүйнөлүк ой жүгүртүүлөрдүн жетишкендиктерин ассимиляциялаштыруу менен гуманитардык дисциплиналар тууралуу сөз кылып жатабыз (а семиотика болсо өз багыты жана изилдөө масаттары боюнча гуманитардык дисциплина болуп эсептелет). Семиологиянын жалпы облигинде, эң башкысы, бул илимдин тармагынын методологиясында жана ой жүгүртүү стилдеринде кыргыз элинин менталитети ачык байкалат. Кыргыз эли семиотика илиминин бар экендиги, анын максаттары жана милдеттери менен кабары болбой туруп эле түрдүү белгилерди кеңири пайдаланышкан. Ар бири ири уруунун өз белгиси жана туусу болгон, аскалардан жана таштардан түрдүү белгилер миң-сандап табылууда. Алыскы бирөөгө кабар айттыруу, бир нерсе суратуу үчүн жаштарды жиберишкенде ишеничтүүлүк үчүн алар тааныган тебетей, калпак, камчы же башка бир буюмдарды кошуп беришкен. Шырдактардагы, ала кийиздер жана килемдердеги, алардын оймолорундагы берилген ой, идеялар азыр унутулуп бара жатат десек да жаңылышпаган болор элек. Аттан түшпөй камчыны колго алып бастырып келүү коркутууну, үйгө жакын калганда аттан түшүп аны жетелеп келүү сый-урматты бидирген. Атчан адамдын жөө адамга, жогортон келе жаткандын төмөнтөн чыгып бара жатканга, жөн өтүп бара жаткандын иш кылып жатканга, жаштын карыга, эркектин аялга озунуп биринчи салам берүүсүнүн калыптанып калуусу улуу маданият.

Изилдөө ишибиздин башында айтылып өткөндөй, биз сөз кылып жаткан илим багытын Ф. де Соссюр семиотика эмес а семиология деп атоону

сунуштаган. Ал *коомдук турмуштагы белгилердин кызмат кылышын изилдөөгө алуучу илимди семиология деп атаганыбыз туура болот* (грек тилинде *σημειὸν* – белги) деп жазган. Фердинанд де Соссюрдун пикири боюнча бул илим "белги" деген эмне экенин жана аны кандай мыйзам мыйзам ченемдүүлүктөр жана максаттар башкарарын үйрөтөт. Де Соссюр семиология тарабынан ачылган мыйзамдар лингвистикага да тиешелүү, демек семиологияны мыктылап изилдеп чыгуу жана үйрөнүү менен лингвистика илиминде да чоң мүмкүнчүлүктөр жаралат деген ойлорду айтып кеткен (Соссюр, 1990).

Белги системаларын лингвистика илимине көз карандысыз жагдайда изилдөөгө алууга умтулган окумуштуу семиотик деп аталууга тийиш. Эко семиотика терминининФ. де Соссюр сунуш кылган вариантына кайрылууну сунуш кылат. "*Бизконвенционалдык коддордун же белгилер системасынын негизинде түзүлгөн маалыматтар катары каралган коммуникацияларфеноменин изилдөөнүн жалпы теориясын "семиология" деп деп, ал эми бул багытта изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштууларды "семиотиктер" деп атайбыз",* – деп жазган Умберто Эко (Эко, 2006).

Семиотикадагы дагы бир орчундуу проблема – семиотика менен "символистиканын" ортосунда демаркация жүргүзүү, белги менен символдун айырмачылыктарын жана окшош жактарын так аныктоо. Эгер "символдук формалардын" автору болгон Э. Кассирердин жолун жолдоочулар семиотиканы символистиканын бир бөлүгү катары карашса, башкалары, тескерисинче, символистиканы семиотиканын курамына киргизишет. Буга В. Канкенин Кассирерге берген баасын мисал келтире кетели. "Кассирердин семиотикага берген мүнөздөмөсүндө эки анжы ойлор бар. Кассирер, биринчи кезекте, символист жана ошондуктан ошол эле учурда семиотик да, ушу себептүү ар бир символист символ семиотиканын категориясына киргендиктен семиотик", – деп жазган Канке (Канке, 2003).

Бул жердеги проблеманын себеби мындайча, бир тараптан алып караганда, чындыгында, символ белгинин бир түрү, бирок экинчи жактан алып караганда, символдорду жөнөкөйлөтүп семиотикалык категорияга киргизүүгө мүмкүн эмес. Мисалы, крест символунун маанисиабдан кеңири жана аны жөнөкөйлөтүп кайсыл бир белги катары кабыл алуу туура эмес болуп калат. Мусулмандардагы ай символу деле ушундай мааниде, башка диндерге салыштырмалуу Ай исламда чоң мааниге ээ, орозо айларынын башталышы тууралуу дээрлик жыл сайын эле талаш-тартыштуу пикирлер болуп, рамазан айлары алдын ала белгиленген белгилүү бир күнгө карап эмес, айдын жаңырышына карап башталат. Кыргыз Республикасынын туусундагы

тартылган түндүктүн, 1916-жылдагы үркүндүн курмандыктарына тургузулган үзөңгүнүн чоң философиялык маанилери бар. Түндүктүн мааниси жалпыга маалым, аалаламга карай жол, чексиз ачык асман, кең келечек. Башында үзөңгү боюнча көп түшүнбөстүктөр, эки ача пикирлер жаралып келген. Кыргызда байыртадан эле “үзөңгүдөн бут таюу”, “үзөңгүдөн айрылуу” сөз айкаштары катаал трагедия маанисин билдирип келген да мына ошондуктан үзөңгүнүн айкели коюлган. Жоокерчилик замандарда куралынан айрылып калгандар үзөңгүсүн чечип алып курал катары колдонушкан.

Корутунду

Семиотиканын негизине байланышкан проблема бир топ олуттуу болуп саналат жана анын ар бир багыттарында алардын негизи катары бири-бирине тектеш дисциплиналар – логика, тил таануу, психология, маданият таануу ж.б.у.с. илимдери кызмат кылат.

Ар бир изилдөөчү кайсыл маселе, кандай багыт болбосун өз позициясын колдоого, өзүнүн пикиринин чындыгын далилдөөгө аракет жасайт, бирок да чындык баарынан улуу (Сократ менин досум, бирок чындык эң жакын досум же Платон менин досум, бирок чындык мага андан да жакыныраак). Айрыкча, философия, анын ичинде семиотика сыяктуу таза гуманитардык багыттагы илимдерде түрдүү маселелер жана проблемалар боюнча ар кандай пикирлердин жана көз караштардын жарала бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Семиотика түрдүү традициялык дисциплиналардын негизинде жаралгандыктан анын варианттары да бир канча болууга тийиш жана муну биз иш жүзүндө көрүп да жатабыз. Демек, буга байланыштуу семиотиканын милдеттерине да жаңыча мамиле жасоо зарылчылыктары келип чыгат.

Адабияттар

Локк Джон. (1985). Опыт о человеческой разумении. М.: Мысль. С. 621.

Лейбниц Г.В. (1983). Новые опыты о человеческом разумении. М.: Мысль. С. 646.

Пирс Ч. (2001). Семиотика. М.: Логос. С.448.

Соссюр. (1990). Заметки по общей лингивистике. М.: Прогресс. С. 280.

Моррис Ч.У. (1982). Основания теории знаков. // Семиотика. Сборик переводов. Под ред. Ю.С. Степанова. М.: Радуга. С. 511.

Эко У. (2006). Отсутствующая структура. М.: Симпозиум. С. 620.

Канке А.А. (2003). Основы философии. М.: Логос. С. 288.

УДК 001.11(81*22)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_220

СЕМИОТИКАНЫН ТАБИЯТЫ ЖАНА ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

Жумабай уулу Абдыразак,аспирант
E-mail:abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Бойтоева Салтанат Саитовна, аспирант
E-mail :saitovakg@mail.ru
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Семиотикалык концепцияларды изилдөөнүн актуалдуулугу гуманитардык илимдердин контекстинде жана тилдик статус менен өзгөчө шартталат. Семиотиканын тар-жекече түшүнүгү жоюлуп, илимий дисциплина катары калыптануусу, философиялык маанисинин экинчи планга өтүүсү менен мүнөздөлөт. Семиотиканын спецификасы анын эки жактуулугу менен байкалат: ал гуманитардык жана табигый илимдердин мейкиндигинен орун алган. Семиотикалык ойлорду окуп-үйрөнүү айрыкча Батыш Европалык изилдөөлөр менен белгилүү болуп келсе, мындай процесс кийинчерээк орус окумуштуулары (тилчи-философтору) тарабынан да колдоо тапкан. Мисал катары Московка-Тартуу семиотикалык мектебин өзгөчө баса белгилөө объективдүү болот. Анткени бул мектептин семиотикалык концептуалдык-теориялары (көркөм тексттери, белги системалары ж.б.) батыштын салттуу системасын бузуп, жаңы көз караштык, системалык жана теориялык анализдери менен жогорудагы маселе боюнча үстөмдүк кылып келген. Макалада философиялык адабияттардын негизинде семиотикалык ойлордун башаттары, изилдөөлөрдүн өнүгүү динамикасы жана жалпы белги системасындагы түшүнүктөр тилдин жана философиялык илимий проекциядагы анализдер чагылдырылган.*

Ачкыч сөздөр: *семиотика, лингивистика, кибернетика, логика, коммуникативдик система, белги системалары, десигнат, сигнификат, концепт, денотат,аталыштын же белгинин мааниси.*

ФИЛОСОФСКАЯ СУЩНОСТЬ И ПРИРОДА СЕМИОТИКИ

Жумабай уулу Абдыразак, аспирант
Национальная академия наук Кыргызской Республики
E-mail:abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Бойтоева Салтанат Саитовна, аспирант
E-mail: saitovakg@mail.ru
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *Актуальность исследования семиотических концепций обусловлена особым статусом языка в контексте гуманитарного знания. Едва оформившись как научная дисциплина, семиотика очень быстро распалась на множество частных семиотик, в которых ее философское наполнение отошло на второй план. Специфика семиотики проявляется и в ее двойственности: она занимает промежуточное место между гуманитарными и естественными науками. Сведения исследовательской работы преимущественно к анализу западноевропейской семиотической мысли объясняется своеобразием, сложившимся в российской философии языка. Отдельно следует упомянуть и московско-тартускую семиотическую школу, успешно применившую принципы теоретической семиотики к анализу самых разнообразных знаковых систем, в том числе, художественных текстов, игнорируемых западной традицией. В статье определена тем, что в философской литературе оно является одним из немногих исследований, посвященных определению истоков и динамики развития семиотической проблематики, созданию целостного образа семиотики как варианта философии языка.*

Ключевые слова: *семиотика, лингивистика, кибернетика, логика, коммуникативная система, знаковые системы, десигнат, сигнификат, концепт, денотат, смысл имени или знака.*

PHILOSOPHICAL ESSENCE AND NATURE OF SEMIOTICS

Zhumabai uulu Abdrazak, postgraduate,
National academy of science of Kyrgyz Republic
E-mail abdrazakjumabaiuulu@gmail.com
Bishkek, Kyrgyz Republic
Boitoeva Saltanat Saitovna, postgraduate,
Osh State University Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *The relevance of the study of semiotic concepts is due to the special status of language in the context of humanitarian knowledge. As soon as it was formed as a scientific discipline, semiotics very quickly disintegrated into many private semiotics, in which its philosophical content faded into the background. The specificity of semiotics is also manifested in its duality: it occupies an intermediate place between the humanities and natural sciences. The reduction of the research work mainly to the analysis of Western European semiotic thought is explained by the peculiarity that has developed in the domestic philosophy of language. We should also mention the Moscow-Tartu semiotic school, which successfully applied the principles of theoretical semiotics to the analysis of a wide variety of sign systems, including literary texts that are ignored by the Western tradition. The article is determined by the fact that in the Russian philosophical literature it is one of the few studies devoted to determining the origins and dynamics of the development of semiotic problems, creating a holistic image of semiotics as a variant of the philosophy of language.*

Key words: *semiotics, linguistics, cybernetics, logic, communication system, sign systems, designatum, significatum, concept, denotation, meaning of a name or sign.*

Киришүү

XX кылымдын 50-жылдарында пайда болгон азыркы семиотика илиминин түзүлүшүнө, калыптанышына жана андан ары өнүгүшүнө структуралык лингвистика, маалымат теориясы жана практикасы, кибернетика жана логика ж.б. илимдери өз салымын кошо алды. ***Семиотика*** (грек тилинен которгондо “белги”) илимине эң эле жөнөкөй түшүнүк бергенде, ал *белгилик системаларды же белгилердин системасын изилдөөгө алуучу илим тармагы, жалпы теориялардын жыйындысы* (же илимий теориялардын комплекси) жана ал белгилердин ар бири кандайдыр маанини билдирип турат (Гринев-Гриневич, Сорокина, 2012). Белги системаларына табигый тилди (сүйлөшүү тилин), жасалма (искусственные) тилдерди, абалды, шарт-жагдайды билдирүүчү белгилерди, сүрөт искусствосунун, театрдын, музыканын, архитектуранын, кинонун, башкаруунун жана түшүндүрүүнүн ар кандай татаал системасынын тилдерин, кибернетиканын позициясынан алып караганда, машинанын, станоктун, приборлордун жана алардын схемаларынын, тирүү организмдердин жана алардын айрым подсистемаларынын, социалдык мамилелердин, жалпы эле коомдун тилдерин мисал катары келтирсек болот.

Семиотика – мамиле, карым-катнаш процессинде адамдар (адамдар гана эмес жаныбарлар, ал түгүл, машиналар да) колдонуучу *коммуникативдик системалар жана белгилер жөнүндөгү илим*(Гринев-Гриневич, Сорокина, 2012).Биз кайсыл бир тилде сүйлөп же жазып жатабызбы, футболдук матчты же Рио-де-Жанейродогу карнавалды көрүп отурабызбы, космостон келген сигналдарды угуп жатабызбы, дельфиндердин тилин дешифровка кылуудабызбы, айтор, кандайдыр бир коммуникациялык системага кошулууга, келип жаткан сигнал жана белгилердин жардамы менен кандайдыр бир маалымат алууга умтулабыз (маалымат алгандыгыбыз, ал сигналдарды түшүнгөндүгүбүз же түшүнө албагандыгыбыз маанилүү эмес). *Маалымат алуусуз, аны сактоосуз жана башкаларга берүүсүз адам жашоосун элестетүү мүмкүн эмес.*

Семиотика тууралуу сөз кылууда анын төмөнкүчө эки түрдүү аспектисин айырмалай билүү зарыл: биринчиден, ал табигый түрдө ачык байкалбаган көрүнүштөрдү, окуяларды жана белгилерди аларга анализ берүү менен чагылдырат, экинчиден, семиотика өзгөчө бир илимий психологиянын тармагы катары буюмду, көрүнүштү ж.б. аң-сезимдүү түрдө таанып-билет.

Материалды изилдөө методу

Союз учурунда (СССРде) семиотика илиминин калыптануусу өткөн кылымдын 60-жылдарынын экинчи жарымына жана 70-жылдардын биринчи жарымына туура келет. Дал ушул жылдары Тарту шаарында «Труды по знаковым системам» (75) сериялуу жыйнагы чыгып, аларда жана “Новое в лингвистике”, “В вопросах философии” чыгарылыштарында жана башка

илимий басылмаларда семиотиканын проблемаларына арналган ары кызыктуу, ары пайдалуу макалалар, илимий эмгектер жарыкка чыгып турган. Ошол эле учурда семиотикалык изилдөөлөр бири-биринен айырмаланган эки багытта жүрүп турду: белгилердин жана белги системаларынын түрдүү типтеринин (мисалы, тил жана адабий, табигый илимдерде, математикада, иш-аракеттердин түрдүү тармактарында - жарнактарда, жол белгилеринде, ойнолуучу карталарда ж.б.у.с.) эмпирикалык жана теориялык изилдөөгө алынуусу менен катар рефлекцияга, тактап айтканда, семиотиканын предметине талдоо жүргүзүүгө жана семиотикалык ыкмалардын жана методдордун өзгөчөлүктөрүнө чоң көңүл бурула баштады. Буга мисал катары “Вопросы философии” журналына чыккан И.И. Ревзиндин “От структурной лингвистики к семиотике”, Г.П. Щедровицкий менен В.Н. Садовскийдин “К характеристике основных направлений исследования знака в логике, психологии и языкознании” ж.б. макалаларын келтирүүгө болот.

Жыйынтыктоо жана талкуулоо

Бүгүнкү күндө семиотикалык изилдөөлөрдүн бай тажырыйбалары топтолду жана семиотика предметине жаңыча, мезгил талаптарына жооп бере ала тургандай деңгээлде мамиле жасоо, бул багытта изилдөө иштерин жүргүзүү, анын методологиялык проблемаларын чечүү талаптары коюлууда. Биз өзүбүздүн бул изилдөөбүздө өткөн кылымдын 60-жылдарында Г.П. Щедровицкий тарабынан коюлган диллеманы талдоого алууну чечтик. Ал семиотика теориялык илимдер жана дисциплиналар болгон – логика, психология, тил таануу, маданият таануу илимдеринин уландысы катары өнүгөбү же өз алдынча илим тармагы катары калыптанабы деген суроону койгон. Г.П. Щедровицкий: “Кандай гана болбосун, биз логикалык, лингвистикалык жана психологиялык илимдерге анализ жасоону өз алдыбызга максат кылып койгон жокпуз жана алардын маани-маңызын, кызматын, методикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүчү сиоматика илимине болгон пикирлерибизди билдирүүнү гана чечтик”, – деп жазган (Щедровицкий, 2003). Иш жүзүндө семиотиканын спецификалык методдору тууралуу изилдөөлөр абдан аз жана ал методдор илимдин бул багытынын өзгөчөлүктөрүн эске алган жаңы методдор болууга тийиш. Мына ошондуктан биз семиотиканы жаңы илим катары кабыл алгыбыз келсе жана аны логикалык, лингвистикалык жана психологиялык илимдердин кеңейтилген бир түрү катары түшүнгүбүз келбесе, анда жогоруда саналып өткөн логика, психология, тил таануу, лингвистика, маданият таануу илимдеринде белгилер жана алардын системасы, жаралышы, илимдеги кызматы жана орду тууралуу иштелип чыккан пикирлерди жана илимий жоболору бир жерге топтоого, алардын ар бирин талдоого алууга,

туурасына туура, катасына ката деп жыйынтык чыгарууга тийишпиз. Ошондо гана семиотика өз алдынча илим катары өсүп-өнүгүүгө ээ боло алат", – деп жазган (Щедровицкий, 2003).

Г.П. Щедровицкий кайсыл илим тууралуу сөз кылып жатат жана эмне үчүн семиотика өз алдынча илим катары башка илимдердин дисциплинардык семиотикалык көз караштарынын ситезинен түзүлүүгө тийиш? Г.П. Щедровицкий, чындыгында, семиотикадагы "социалдык-психологиялык" ыкмага карата каршы чыгуу менен социумдагы белгилерге так жана объективдүү анализ жасоону колдоого алат (Щедровицкий, 2003), себеби, социалдык-психологиялык ыкма дегенибиз, адам ар кандай белгини өзүнүн керектөөсүнө, кызыгуусуна, деңгээлине, социалдык-психологиялык абалына ж.б.у.с жагдайларга байланыштуу кабыл алат эмеспи. Мисалы, жөнөкөйлөтүп айтканда, шаркырап агып жаткан дарыяны көрүп дыйкан андан арык алып, эгин эксем десе, багбан бак кылсам дейт. Сүрөтчү дарыянын жээктериндеги даректарды кошо тартып кооз пейзаж жаратсам десе, гидротехник куур же труба менен элге таза суу жеткирүүнү ойлойт. Тегирменчи суу тегирменин курууну кыялданса, техникага жакындар чакан ГЭС куруу боюнча план түзүп, балыкчы балык чарбасын уюштурууну оюна алат, эл үчүн кызмат кылууну ойлогон дагы бир башка жаратман адам бул дарыяга көпүрө салуу тууралуу да кыял кылат ж.б. Ушул сыяктуу эле "бирөө дарыядан өтүүгө кечүү таппай жатса, башка бирөө ичерге суу таппай жатат" деген кыргыз элинин накыл сөзүндө эмне деген улуу ойлор жатат.

Кийинки биз сөз кыла турган проблема семиотикалык түшүнүктөрдүн тактык жана аныктык критерийлерине тиешелүү. Көпчүлүк изилдөөчүлөр семиотиканын (белгилердин, белгилик маанилердин, символдордун ж.б.) ар түрдүүчө окулушу, кабыл алынышы жана бири-бирине дал келбөөсү тууралуу белгилешет. Е. Черневич: "Семиотикалык адабияттардагы терминологиялык ар түрдүүлүк бул илимдеги изилдөө иштерин бир топ татаалдаштырат. Мааниси боюнча бирдей же бири-бирине өтө жакын сөздөр ар түрдүүчө жазылат, мисалы, төмөнкүдөй сөздөр синоним катары колдонулуу менен кимисинин кандай айырмачылыктары бар экендиги тууралуу суроолор да пайда болбой койбойт (Черневич, 1990):

– выражение, знак, обозначающее, означающее, имя; (айтым, айтылуу, аталыш, билдирүү, белги, ат, наам, ысым ж.б.);

– обозначаемое, денотат, предмет, объект, вещь; (белгиленген нерсе, денотат, предмет, объект, буюм, зат, нерсе ж.б.);

– означаемое, десигнат, сигнификат, концепт, или понятие денотата, смысл имени, или знака, значение знака; (белгиленген, десигнат, сигнификат, концепт же денотат түшүнүгү, аттын, аталыштын же белгинин мааниси);
– отношение обозначения, денотации, именования, номинации; (аталышка, анын маанисине карата мамиле, денотация, аталыш, наам, номинация);
– отношение означения, выражения, десигнации, сигнификации (мааниге карата мамиле, маанилик мамиле, айтым, билдирүү, десигнация, сигнификация).

Сөздөрдүн ушунчалык көп ар түрдүүчө вариантта колдонулушу илимий терминдердин жаралышы, илимдеги тактык, түрдүү илимий проблемаларды өзүнө гана тиешелүү мүнөздө ар түрдүүчө чагылдыруунун зарылдыктарынан улам келип чыккан” (Черневич, 1990).

Е. Черневичтин келтирген мисалдарын орус жана кыргыз тилиндеги котормолору менен бердик. Илим тармактарынын кеңири жайылтылышы, техниканын өсүшү менен четтен келген терминдер абдан көбөйүүдө. Эми кыргыз тилинин термин маселесине бир аз кайрылып көрөлү. Кыргыз тили мамлекеттик тил статусун алгандан кийин эл аралык терминдерди да жалпы которуп кирдик. Теорияны амалият, практиканы назарият, радиону үн алгы, телевидениени сын алгы деп котордук эле алар элге синген жок. Эл аралык терминдерди кое туруп кыргыз сөздөрүн туура колдонгонду терең үйрөнсөк. Гусеничный трактору гусь-каздан алып каз тамандуу трактор деп атап келдик, а чындыгында ал гусеницадан – көпөлөк курттан келген. Бодо малды ири мүйүздүү мал (крупно рогатый скот), жандык малды майда мүйүздүү мал (мелко рогатый скот) деп жатабыз. Приемная – кабылдама деп жазылууда, кабылдама өзү ириңдеп, жараты күчөп кетүүчү дарт, ошондуктан ал кабыл алма болууга тийиш эле. Аптекаларды кээ бирлерибиз “даарыкана” деп , дарыны – даары деп созулма “аа” менен бажырайта жазып коюудабыз. Даары, дааруу – жиндеп кетүү, жин даарыды, нерв оорусу, эсинеп кетти деген мааниде. Начальник деле башчы, управляющий деле башчы, заведующий деле башчы болуп колдонулууда. Управление-башкармалык, демек, управляющий-башкаруучу, “заведующий” ишти алып баруучу, ишти жүргүзүүчү, аны да ылайыгына карап которуу зарыл эле. “Заявление” – арыз эмес “билдирүү” болууга тийиш, “арыз” – “жалоба”, кыргызчасы – даттануу. Айта берсе кыргыз терминологиясында буга окшогон маселелер абдан көп.

Е. Черневич семиотика тууралуу сөз кылып жатып синоним маселесине да токтолуп кеткен. Тил илиминде синономдер таза синонимдер жана тексттик синонимдер болуп бөлүнөт. Таза синонимдер текст ичинде колдонулушу, семантикалык мааниси боюнча бирдей жана аларды ортолорунда дээрлик

айырма жок. Мисалы, жакшы, мыкты, дурус ж.б. тез, ылдам, бат ж.б. Ал эми тексттик синонимдер мааниси боюнча бирдей болгону менен текст ичинде колдонулушу ар түрдүүчө. Мисалы, кооз, сулуу, татынакай деген сөздөрдү алалы, “кооз” сын атоочу табиятка, курулуштарга, шаарларга, көчөлөргө ж.б. тиешелүү сүйлөмдөрдө колдонулса, сулуу, негизинен, адамга гана, болгондо да, кыздарга тиешелүү тексттерге пайдаланылат, ал эми жигиттерди, жалпы эле эркектерди кыргыз тилинде сулуу деп айтуу орунсуз болуп калат. Орус тилинде “красивый” сын атоочунун колдонулуш чөйрөсү абдан бай (Черневич, 1990). Синонимдер тилде эмне үчүн колдонулат жана алардын пайдасы эмнеде? Мындай тилдик каражаттар тилдик корду байытат, бир эле сөздүн улам кайталануусунун алдын алат. Алыс барбай эле жогорудагы бир эле сүйлөмдөгү “колдонулса” жана “пайдаланылат” деген этиш сөздөрдү мисал келтирсек болот.

Биздин изилдөөлөрүбүз семиотика илиминин калыптануусу жана өнүгүүсү үч негизги этапты басып өткөндүгүн көрсөттү. Биринчи этапта семиотика биз буга чейин бир нече ирет кайталап өткөн традициялык предметтер (логика, психология, искусство таануу, тил таануу ж.б.у.с.) менен байланышта каралды.

Экинчи этапта семиотикалык схемалар жана көз караштар объективдешти, башкача айтканда, семиотика *өз алдынча объективдүү реалдуулук* катары каралып, ушул мезгилдерден семиотика өз алдынча илим катары тааныла баштады. Белгилер типологиясы түзүлдү, белгилер жана белгилер системасынын кызматынын жана калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталуу үстүндө болду.

У. Эко жогоруда аталган эки этапты колдоого алып гана чектелбестен аларды андан ары да өнүктүргөн. Анын семиотикалык концепциясынын өзөктүк бөлүгү “код” жана Эко ага эки таптуу түшүндүрмө берет: “код” – бул белгилер системасы жана “код” – структура. Умберто Эконун пикири боюнча, *код – тигил же бул маалыматты билдирүүнү камсыз кылган жана жөнөкөйлөтүлгөн модель...* Код жалпыга белгилүү болушу да, белгилүү болбошу да мүмкүн (Эко, 2006).

Айтылып өткөн пикирлерге түшүндүрмө берүү менен семиотикалык белгиде код менен структуранын, изилдөө методдору менен ыңгайлуу инструментарийлердин жана реалдуу объектилердин, түрдүү белгилик каражаттардын, белгилер системасынын, ал белгилердин колдонуу максаттарынын жана себептеринин, түрдүү белгилик каражаттардын ж.б. боло тургандыгынын талашсыз чындык экендигин дагы бир жолу баса белгилеп кеткибиз келет. Бул критерийдин семиотика илиминде ар биринин өз орду

жана кызматы бар. Биринчиден, кайсыл жана кандай учурларда анык бир конкреттүү түшүнүктөрдү кандай багытта жана максатта колдонуп жаткандыгыбызды өзүбүздүн аң-сезимдүү түрдө тереңдеп түшүнүүбүз зарыл. Экинчиден, алардын ар бирине тилдик-символикалык мүнөздөмө берүү менен колдонулуш чөйрөсүн, максатын жана багыттарын так аныкто. Үчүнчүдөн, аталып өткөн критерийлердин маанилик айырмачылыктарын аныктоо аркылуу алардын кепте туура эмес колдонулунушунун алдын алуу.

Үчүнчү этапта семиотикалык көз караштардын, түшүнүктөрдүн жана белгилердин өздөрү башка илим тармактарында колдонула баштайт, алардын кенемтелерин толуктайт, тактайт. Мурда традициялык илимдер семиотика илими үчүн кызмат кылып келсе, эми, тескерисинче, семиотика да башка илимдер үчүн кызмат кыла баштайт.

Корутунду

Семиотиканын маани-маңызына тереңдеп кирүү жана аларга ар тараптуу аныктама берүүгө жетишүү үчүн эки типтеги семиотикалык теорияны айырмалай билүү зарыл. Биринчиси логиканын жана философиянын категорияларынын эрежелерин колдонуу менен бири-бирине каршы келбөөчү көз караштар системасына негизделген *антикалык таанып-билүү идеалына* таянат. Ошол эле учурда мында семиотика менен байланышкан проблемалардын жана карам-каршылыктардын, бири-бирине дал келбеген көз караштардын айланасындагы маселелер чечилет. Экинчиси *табигый илимдердин идеалын,* башкача айтканда, *семиотикалык теориялардын алдында тиешелүү объектилерди* түзүүгө багытталат. Булардан да салмактуу жана күчтүү гипотезаларды сунуштоого жана алар тууралуу сөз кылууга болот: гуманитардык жана социалдык илимдер алардын алдына коюлган милдеттерди чечүүгө жооп бере алуучу объектилер так жана даана калыптандырылганда гана бул илим тармактары жогорку натыйжалуулукка жана ийгиликтерге жетише алат жана анда алар табигый илимдерге бир топ жакындаша түшөр эле.

Адабияттар

Щедровицкий Г.П. (2003). Процессы и структуры мыщления. Курс лекции. М.: Путь. С.712.

Черневич Е. (1990). Русский графический дизайн. М.: Внешсигма. С.159.

Эко У. (2006). Отсутствующая структура. М.: Симпозиум. С.620.

Лотман Ю.М. (1999). Внутри мыслящих миров. М.: «Языки русской культуры». С.464.

Гринев-Гриневич С.В., Сорокина Э.А. (2012). Основы семиотики. М.: Флинта, 2017. С.256.

Махлина С. (2008). Семиотика сокрально-религиозных представлений. М.: Алетейя. С.522.

УДК 165.1
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_228

ИЛИМИЙ ТААНЫМДЫН СОЦИОМАДАНИЙ ШАРТТАЛЫШЫ ЖАНА САЛТТУУ БИЛИМДЕР

Кочкорова Динара Ашырбаевна филос.и.к., доценти
E-mail: Dkochkorova@mail.ru.
Ахмеджанова Алиман Мырзакаримовна доценти
E-mail: Aliman1950@mail.ru
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Макалада авторлор илимий таанымдын социомаданий шартталышы жөнүндөгү маселени салттуу билимдердин катнашында карашат. Илимий билимдердин өнүгүү жана өсүү жараяны жеке илимдин чегинде гана жүрбөй тургандыгы белгилүү болду. Ааламдашуу шарттарында этникалык идентүүлүктү калыптоо көйгөйү социалдык таанымга белгилүү бир милдеттерди коюуда. Алардын бири болуп салттуу билимдердин илимий таанымдагы ордун аныктоо эсептелет.*

Ачкыч сөздөр: *Илимий тааным, социомаданий детерминация, салттуу билим, идентүүлүк, таанымдын субъектиси, илимдин негизделиши.*

СОЦИОКУЛЬТУРНАЯ ОБУСЛОВЛЕННОСТЬ НАУЧНОГО ПОЗНАНИЯ И ТРАДИЦИОННЫЕ ЗНАНИЯ

Кочкорова Динара Ашырбаевна, к.филос.н, доцент
E-mail: Dkochkorova@mail.ru.
Ахмеджанова Алиман Мырзакаримовна, доцент
E.mail: Aliman1950@mail.ru
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *В статье авторы рассматривают проблему социокультурной обусловленности научного познания в разрезе традиционных знаний. Стало очевидно, что процесс развития и роста научного знания выходит за рамки специальной науки. В условиях глобализации проблема формирования этнической идентичности ставит определенные задачи перед социальным познанием. Среди них особо выделяется определение роли традиционного знания в научном познании.*

Ключевые слова: *Научное познание, социокультурная детерминация, традиционное знание,идентичность, субъект познания, основания науки.*

SOCIO-CULTURAL INDIVIDUAL SCIENTIFIC KNOWLEDGE AND TRADITIONAL KNOWLEDGE

Kochkorova Dinara Ashyrbaebna Ph.D., Associate Professor,
E-mail: Dkochkorova@mail.ru.
Ahmedjanova Aliman Myrzakarimovna, Associate Professor
E-mail: Aliman1950@mail.ru.
Osh State University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *In the article, the authors consider the problem of sociocultural conditioning of scientific knowledge in the context of traditional knowledge. It became obvious that the process of development and growth of scientific knowledge is beyond the scope of special science. In the context of globalization, the problem of the formation of ethnic identity poses certain tasks for social cognition. Among them, the definition of the role of traditional knowledge in scientific knowledge stands out.*

Keywords: *Scientific knowledge, sociocultural determination, traditional knowledge, identity, subject of knowledge, the basis of science.*

Киришүү

Адамдын тышкы дүйнөнү, өзүн-өзү таанып-билүүсү көп кырдуу жана татаал процесс экендиги маалым. Бул процесстин феноменин изилдөө жалпы адамзаттын социомаданий жашоосунун алкагында жүргүзүлүүсү мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Ошентсе да, муну таанымдын жогорку формасы болгон илимге карай түшүнүү башкачараак, аны илимдин өнүгүү тарыхын кароодо ачык байкоого болот. Классикалык илимде изилдөөчү өзүнүн теориялык кызыкчылыгына карай тааным ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. Бул жагдай илимди таанымдын күнүмдүк практикадан обочолонгон, андан ажырымда турган формасы катары кабылдоого түрткү болгон. Бирок тааным түздөн-түз коомдук практиканын түрдүү кубулуштары менен жараяндарынан көз каранды экендигин кийинки классикалык эмес жана постклассикалык эмес илимдер айгинелеп отурат. Азыркы учурда илимий билимдердин маңызын түшүнүүдө бир жактуу объективисттик көз караштан арылган гуманисттик жана аксиологиялашкан тенденция жүрүп жатат. Илимий билимдердин өнүгүү жана өсүү процесси жеке илимдин чегинде гана жүрбөй тургандыгы белгилүү болду. Илим коомдук турмуштун бир бөлүгү катары андагы философиялык-дүйнө караштык, социомаданий, этикалык, эстетикалык жана башка түзүмдөр менен байланышып, алар аркылуу шартталары ачыкталып жатат. Ааламдашуу шарттарында этникалык иденттүүлүктү калыптоо көйгөйү социалдык таанымга белгилүү бир милдеттерди коюп, методологиялык негиз күтүүдө. Биз кайрылган тема аталган көйгөй менен түздөн-түз байланышта жана анын чечилишине белгилүү деңгээлде жол көрсөтөт деп ойлойбуз. Бул милдет азыркы гносеологиядагы таанымдын, анын ичинде илимдин өнүгүп-өсүшүндө социомаданий факторлордун таасиринин ролу жөнүндөгү маселенин актуалдуулугун белгилейт.

Иштин максаты - илимий таанымдын социомаданий жактан детерминациялануу өзгөчөлүктөрүнө ой-жүгүртүү менен, андагы салттык билимдердин ордун аныктоо болуп саналат.

Материалдын методдорун изилдөө

Тааным ишмердүүлүгүнүн социомаданий детерминанттарын ачып көрсөтүү татаал, анткени алар көбүнесе ачык эмес, көмүскө билим формасында болушуп, байкалбаган өбөлгөлөр жана негиздер түрүндө жашашат. Аларды ачып көрсөтүү адамдардын ой-жүгүртүүсүнүн мазмунун, мүмкүнчүлүктөрүн жана тааным жараянынын маңызын бир кыйла тагыраак аныктоого мүмкүндүк берет. Акыркы жылдары таанымдын социомаданий шартталуу проблемасы боюнча көп изилдөөлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгында тааным, анын ичинде илимий тааным социомаданий факторлор тарабынан детерминациялана тургандыгы көрсөтүлдү. Илимдин социомаданий факторлор тарабынан детерминациялануусу баарынан мурда коомдун системдик мүнөздөмөлөрү менен түшүндүрүлөт. Бул өзгөчөлүктү социалдык кубулуштар менен нерселердин катаал байланышы катары түшүнбөө керек, детерминация салыштырмалуу зарылдык катары кабылданышы зарыл.

Коомдук турмуш анын субъектилеринин ишмердүүлүгү аркылуу жүрөт. Эгерде коом система катары субъектилердин өз ара байланышын билдирсе, илимдин социомаданий шартталуусу да ушул субъектилердин байланышы менен өз ара аракети катары түшүнүлүүсү кажет. Өз кезегинде алар татаал мүнөздөмөлөр менен функционалдык өзгөчөлүктөргө ээ болушуп, илимге социомаданий аракет этүүнүн башкы алып жүрүүчүсү илимий таанымдын субъектиси экендигин көрсөтөт. Бул жерде субъект жөн гана абстрактуу индивид эмес, белгилүү бир тарыхый мезгилдин конкреттүү коомунда калыптанган, адамзат цивилизациясынын, тигил же бул коомдун, улуттун, маданияттын бөлүгү болгон, өзүндө конкреттүү тарыхый доор, таанымдын салттуу формалары аркылуу шартталган аныкбир баалуулуктар менен нормаларды алып жүргөн индивид болуп саналат, Коомдун социомаданий жашоосу тарабынан да, илимдин өзү тарабынан да эрежелердин системасы, регулятивдик нормалар, таанымдык, дүйнө караштык жана моралдык баалуулуктар субъектинин илимий ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жана натыйжаларына таасир этишет. Ошентип, таанымдын ар кандай субъектиси өз мезгилинин социомаданий аракетинин “продуктысы” болуп калат. Илимий билимдердин негизделиши жөнүндөгү маселеде бул жагдай кеңири чечмеленет (Соколов, 1981).

Бүгүнкү шарттарда илимий таанымдын субъектиси өзүнө тышкы социомаданий факторлордун бүтүндөй комплекси тарабынан болгон таасирди башынан өткөрүүдө. Тааным маданиятынын өзгөчө системасы катары белгилүү бир илимий фундаменттин түптөлүшү менен тышкы таасир этүүлөрдүн ролу азайышы мүмкүн, бирок социомаданий олуттуу өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир тарыхый учурларында тышкы таасир этүүчү күчтөрдүн ролу кайрадан өсө

баштайт. Азыркы учурда так ушундай кайра түзүүчү өзгөрүүлөр байкалууда, алар дүйнө карашты өзгөртүшөт жана бул дүйнө караш дал ушул социомаданий мүнөздөгү шарттар аркылуу берилүүдө. Ошондуктан, тааным жараянына социомаданий шарттар кандай таасир этет деген маселе курч бойдон калууда. Бул социомаданий факторлордун ролуна жаңыча кароону талап кылат.

Социомаданий учурлар билимдин мазмунуна кантип жана кандай формаларда киришет, тааным ишмердүүлүгүнүн жолдоруна жана жыйынтыктарына кандайча таасир этишет? Илимий тааным көп кырдуу жана татаал түзүлүштө, анын ар тарабын изилдеп, жиликтөө бир макаланын чегинде мүмкүн эмес. Ошондуктан, биз көңүлдү бүгүнкү күндөгү социомаданий жараяндардын контекстинде салттуулук менен улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрүнүн таанымга таасири жөнүндөгү маселеге бурабыз. Салт илимдин социомаданий детерминанты катары эки өңүттө каралат: биринчиден, социомаданий салттардын таанымга, анын ичинде илимий таанымга тийгизген таасири; экинчиден, илимдин өзүнүн салттарынын илимдин өнүгүү жараянына болгон таасири. Бизди биринчи өңүт кызыктырат. Азыркы радикалдуу социомаданий өзгөрүүлөрдүн тушундагы жаңы эпистемология таанымдын салтуу формалары азыркы илимий усулдар менен кандай катнашта экендигине ой-жүгүртүүсү зарыл. Элдин рухий изденүүлөрүнүн натыйжасы өзүнө камтып турган улуттук дүйнө караш салттуу таанымдын маанилүү булагы болуп саналат. Алардын терең таасири астында өзүндө бардык салттуу элестөөлөрдү бириктирип турган илимий дүйнө караш калыптанат. Бул таанып-билүүчүлүк салттар коомдун маданиятында тамырлаган таанымдын баалуулук өбөлгөлөрүн концентрациялап тургандыгы менен байланышта. Ч. Айтматов белгилегендей: “Адамзаттын күнүмдүк тиричилигинин агымы дайыма жана кайрылгыс түрдө келечекке багытталган, ал эми өткөн мезгилдин тажрыйбасы соолубас булак, гигант таяныч жана улуу мурас, ал тынымсыз муундан-муунга берилип турат. Мындай тарыхый өтүүчүлүксүз коомдун социалдык жана маданий турмушу улана албайт” (Айтматов, 1995).

Салт – бул маданияттын социалдык чөйрөдө жеке субъектиден көз карандысыз сакталуучу жана кайра өндүрүлүүчү баалуулуктары. Салттын коомдук аң-сезимге, анын ичинде илимий таанып-билүүгө тийгизген таасири ачык көрүнбөйт. Анын коомдун өнүгүшүнө, аны менен катар илимге болгон таасирин терс мүнөздөө классикалык философияда орун алган. Өткөн кылымдын 60-70-жж. ушундай түшүнүктөр жаңылануунун салттардын өнүгүшүндөгү маңыздуу учур экендигин четке каккан көз караштар сунушталган: “Салттардын механизминдеги ар кандай жаңылык зыяндуу

четтөө катары бааланат жана четтетилет” (Мукасов, 2018). Маселени изилдөөнүн кийинки этаптарында болсо жаңыланууллар салттын бир учуру катары мүнөздөлө баштаган (Власова, 1980). Алардын түшүнүктөрүндө өзгөчөлүктөр бар экендигине карабай, аларды бириктирип же жакындатып турган учур бул: салт – аккумуляцияланган социалдык тажрыйба, коомдук мамиле, маданий мурасты өткөрүп берүүнүн жолу. Алардын ичинен В.Г. Власова салтты реалдуу норма эмес, адам ишмердүүлүгүндөгү жаңы маселелерди өздөштүрүүдөгү мурунку муундардын социалдык тажрыйбасын белгилөөчү стандарттуу иш-аракеттердин мазмунун берүүчү ык катары эсептеп, анын жаңыны жаратуучу күчүн белгилейт (Бөкөшев, 2013). Эгерде классикалык философия салтты илимге терс, дүйнөнү рационалдуу жана объективдүү таанып-билүүгө тоскоол болуучу кубулуш катары кабыл алса, азыркы күндөгү социалдык-тарыхый шарттар бул көз карашты төгүнгө чыгарат: салт тарыхый өтүүчүлүктүн көрүнүшү катары социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуу үчүн негизги база, жаңы билимди жаратуучу өбөлгө.

Салтка коомдук турмуштагы ушул функциясынын алкагында ой-жүгүртө турган болсок, илимий таанып-билүү коомдук бытиенин бүткүл формалары жана социалдык-маданий структуралар менен тыгыз байланышта, аларга таянат, алар менен толукталат деп жыйынтык чыгарууга болот. Коомдук турмушту окуп-үйрөнүүдөгү функционалдык мамиленин өкүлдөрү Г.Спенсер, Э.Дюркгейм, Т.Парсонс, Мертон ж.б.лар рухий турмушту бир бүтүндүк катары карап, аны түзүп турган элементтер өз ара байланышкан белгилүү бир функцияларды аткарарын белгилешет.

Салт коомдун системасынын өзгөрүшүндө жана өнүгүшүндө коомдук структуранын түзүлүшүнө таасир этүүчү негизги ички шарт деп түшүнөбүз. Салттар коомдун узак калыптануу процессинде ар кандай туруктуу маданий жана социалдык формалар аркылуу чыңдалат, эленет, иргелет. Ал коомго таасир этүүчү тышкы шарттарды да иргейт, ошол эле кезде аларга ыңгайлашып кайра түзүлөт. Коомдук турмуштагы салттын жашап турушу, башкача айтканда, сакталышы ошол коомду (элди, улутту) аныктап турган маданиятынын сакталышы болуп саналат. Эгерде коомдогу жаңы өзгөрүүлөр туруктуу структураларга салыштырмалуу басымдуулук кылса, анда муну коом жана анын маданиятынын бузулушу катары түшүнүүгө болот. Мындай учурда коомдун менталитети, салттары өзгөрөт, тарыхый эс-тутуму деформацияланып, мурункудан таптакыр башка коом калыптанат. Сырттан таасир этүүчү шарттар коом үчүн оң же терс мүнөздө болушу мүмкүн, бирок алардын кандай мүнөздө экендигин дароо эле аңдап-сезүү оңой эмес, жадагалса тарыхый өзгөрүү учурунун өзүндө мүмкүн да эмес. Аны убакыттын өтүшү менен гана аңдоого

болот. Тарыхый эс-тутумдун ар кандай кубулуштарынын өздөрү да дайыма эле коом үчүн оң мааниге ээ боло бербей тургандыгын да эске алуу керек.

Кыргыз элинин салттары

Кыргыз элинин салттарынын ордуна байланышкан концептуалдык маселелерге бир топ ата мекендик философтор кайрылышкан. Алсак, А.О. Чотонов салт түшүнүгүн анализдеп, анын үрп-адат, каада-салт менен карым-катнашын изилдейт (Степин, 2011). Салттардын улуттук өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маселе Р.А. Ачылованын, Б.А. Элебаеванын эмгектеринде берилет (Ачылова, 1987). Ал эми салттагы оң, прогрессивдүү, гуманисттик маңыз салттуу билимдерде орун алган. Кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлоосу анын салттуу билимдеринин жашоо орду. Алардын түзүлүшүнө жалпы эл, ойчулдар, акындар катышкан. Ы.М. Мукасов салтка социомаданий кубулуш катары терең талдоо жүргүзүү менен, кыргыз элинин социалдык-философиялык ой-жүгүртүүсүн салттуу билим катары аныктайт (Лебедев, 2008). Ал эми Ж. Бөкөшов болсо абдан кызыктуу материалда “Кыргыз салт билими”, “салт билим” категориясын талдоого алат. Ж. Бөкөшов салттуу билимдин (“салт билими”) али такталып бүтө электигин, терминологиялык маселелерге дуушар экендигин, “салт билими” катары: - биринчиси: салтка айланган, салты бар; - экинчиси: салттын бөлүгү, элементи, курамындагы нерсе – ушул эки маанини бирдей туюндурарын белгилейт. “Салттуу билим жергиликтүү элдин узак убакыттын ичинде күткөн турмуштук тажрыйбасына байланышкан, муундан муунга өткөн, адамдынөзүн курчаган табигый жана коомдук чөйрө менен мамилесин жөнгө салган, негизинен оозеки түрдө жашап келген, илимден тыш билимдерин, ишенимдерин, адаттарын, ой-түшүнүктөрүн камтыйт,”- деп аныктама берет Ж. Бөкөшов (Бөкөшев, 2013). Ал салт билимди иреттелген, уюшулган “мыйзамдуу билим” деп мүнөздөйт.

Салттык билим турмуш-тиричиликтин ар кайсы шарт-жагдайларында (айыл чарбасында, элдик медицинада, аба ырайын аныктоодо, жаратылыш кубулуштарын түшүнүүдө, бийлик жүргүзүүдө, социалдык карым-катнашта, тарбия берүүдө) чоң мааниге ээ болуп, өз кызматын өтөгөн. Салттык билим азыркы күндө илимди алмаштыра албагандыгына карабастан, ал элдин жашоо ыгына, рухий дүйнөсүнө, жашоо эрежелерине ширелгендиктен, элдин өздүгүн сактап калуу менен, анын “табигый” жашоо жолу катары турмуштун ар түрдүү чөйрөлөрүндө зор мааниге ээ. Ага жараша азыркы күндө этнопедагогика же салттуу педагогика, элдик медицина сыяктуу жаңыча аталышта жашоосун улантып жатышат. Бул көрүнүш салттардын мезгилдин талабына жараша өзгөрөрүн, бирок мазмуну сакталарын туюндурат. Ал мазмундун кээ бир жактары эскирип, практикалык колдонуудан четтетилип, жаңы талаптарга

ылайык жаңы элементтер кошулуп, байып келет. Салттык билимдин бул мүнөзү анын өтүүчүлүк принцибинин жалпы жоболоруна туура келип, жалпы коомдук өнүгүүдөгү зарыл шарт экендигин көрсөтөт.

Корутунду

Салт тарыхый өтүүчүлүктүн көрүнүшү катары социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуу үчүн негизги база, жаңы билимди жаратуучу өбөлгө – социалдык детерминант болот. Салттын таанып-билүүгө карай жаңыны жаратуучу өбөлгө катары түшүнүү биринчиден, салттык билимдеги бүткүл оң жактарды таанып-билүүгө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка ж.б.) экстраполяциялоо аркылуу жаңы билимди жаратууну, экинчиден, ал билимдерди социалдык тажрыйбада колдонуу аркылуу коомдук турмуштун өнүгүшүн камсыздашын билдирет. Салт коомдогу менталдуулуктун алып жүрүүчүсү катары кыргыз элинин өзүн идентификациялоосунун бирден-бир булагы болот. Ошентип, салттуу билимдин таанып-билүүдөгү орду бүгүнкү күндөгү илимий таанып-билүүнүн социалдык функциясы менен аныкталат.

Адабияттар

Айтматов Ч.А. (1995). Сияющая вершина древнекыргызского духа. Энциклопедический феномен эпоса “Манас”. Бишкек, 8-22.

Ачылова Р.А. (1987). Нация и семья. Фрунзе, Илим, 188.

Бөкөшев Ж.Б. (2013). Окуя өтөт, ой калат (Философиялык ой чабыттар). Бишкек: Бийиктик, 328.

Власова В.Г. (1980). Традиция как социально-философская категория. Философские науки. №4. 30-38.

Лебедев С.А. (2008). Философия науки: краткая энциклопедия (основные направления, концепции, категории). М.: Академ.проект, 692.

Мукасов М.С. (2018). Мировоззренческая сущность кыргызских мифов. Бишкек: Илим, 170.

Соколов Э.В. (1981). Традиции и культурная преемственность. Соврем. этнография. №3. 142-151.

Степин В.С. (2011). История и философия науки. учеб. для аспирантов и соискателей. М.: Академ. проект: Триста, 423.

Чотонов, А.О. (1964). О национальных традициях народов Средней Азиии. Фрунзе: Изд-во Ан Кирг. ССР, 73.

Элебаева, А.Б. (1988). Основные уровни и механизмы разития социалистических, национальных культур в советском обществе. Фрунзе, Илим, 179.

УДК -055.2(575.2)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_235

КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ АЯЛ ЗАТЫНЫН ОРДУ

Көлбаева Замира Исабаевна магистрант
E-mail:zamirakolbaeva@gmail.com
Жолдошева Анара , окутуучу
E-mail:a_zholdosheva@bk.ru
Ош гуманитардык-педагогикалык институту
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Баарыбызга өмүр тартуулап, чоң түйшүктү мойнуна артып, чоң жоопкерчилик менен бала тарбиялап, үзүлгөндү улап, улуулукту, сулуулукту даңазалап, үйдүн куту, түндүктүн түркүгү болуп келе жаткан –бул аял заты экенин эч ким тана албаса керек. Бала үчүн чыркырап, бала үчүн баарына даяр болгон энелердин жүрөгүнө ушундай зор түйшүк кантип сыяры таң калыштуу. Улуктарга, падышаларга тил таап, урматы, акылы менен эл баккан даанышман аялдардын өмүрү өзүнчө эле бир чоң дастан. Эркек менен эриш аркак болуп жашап келген аялдардын адамзаттын жашоосунда кылган эмгеги, ээлеген орду опол тоодой чоң. Акылдын көрөңгөсү, ыймандын башаты, таалим-тарбиянын туу чокусу аялдардын жан-дүйнөсүндө орун алган. Бул макалада кыргыз коомундагы, тарыхындагы улуу аялдар эскерилип, аялдын үй-бүлөдөгү, улуттук каада-салт, үрп-адаттарындагы орду, кылган кызматы, социалдык абалы баяндалат.*

Ачкыч сөздөр: *түркүк, күң, чабандес, баатыр, ханыша, хан, датка, салык, төбөл, чин, бий, уруу, жоокер, калың, сеп, манап, ок атто, кошок, бешик, умай эне, салт.*

РОЛЬ ЖЕЩИН В ИСТОРИИ

Көлбаева Замира Исабаевна магистрант
E-mail: zamirakolbaeva@gmail.com
Жолдошева Анара , преподаватель
E-mail: a_zholdosheva@bk.ru
Ошский гуманитарно-педагогический институт
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *В настоящей статье рассматриваются актуальные вопросы истории кыргызского народа, в частности, роль жещин. Подчеркивается значимость и место нравственных черт кыргызских женщин в развитии и становлении кыргызской государственности. Прослеживается роль женщин в воспитании детей в историческом пути развития кыргызкого народа. Особое внимание уделяется взаимоотношению женщин с мужчинами. Анализируется труд женщин в решении важных социальных и экологических вопросов народа. Приводятся яркие примеры и истории кыргызского народа.*

Ключевые слова: *хан датка, налог, чин, племена, воин, колыбель, традиция, праматерь, долг, опора, царица, царь, женщина, семья, нравственность, воспитание, народные предания, духовность, слуга, отечество*

THE ROLE OF WOMEN IN HISTORY

Kolbaeva Zamira Isabaevna, master
E-mail: zamirakolbaeva@gmail.com
Joldosheva Anara teacher
E-mail: a_zholdosheva@bk.ru
Osh humanitarian pedagogical institute,
Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *This article deals with the topical issues of the history of the Kyrgyz people, in particular, the role of women. Emphasizes the importance of the moral features of Kyrgyz women in the development and formation of the Kyrgyz state. Traces the role of women in the upbringing of children in the historical development of the Kyrgyz people. Special attention is paid to the relationship between women and men. The work of women in solving important social and environmental issues of the people is analyzed. Vivid examples and stories of the Kyrgyz people are given*

Key words: *Khan Datka, tax, rank, tribes, warrior, cradle, tradition, foremother, duty, support, Queen, king, woman, family, morality, education, folk traditions, spirituality, servant, Fatherland*

Киришүү

Аял-бул дүйнөнүн түркүгү, улуттун энеси, жашообуздун маңызы. Адамдагы эң жакшы сапаттарды өзүнө батырган ыйык зат. Анда тарбия башаты, гумандуулук, ыйман, мээрим ж.б.у.с. касиеттер жатат.

Өзгөчө кыргыз элинде аялдын орду өтө чоң болуп, аял затын баалай билүү менен бирге алардын тарбиясына, ыймандына, жүрүм-турумуна чоң маани беришкен. “Жакшы кыз жакадагы кундуз”, Кыздуу үйдө кыл жатпайт”, ”Кызга кырк үйдөн тыюу”, “Кыз адеби кымбат”, “Эжесин көрүп синди өсөт”, “Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт” деген элдин философиясынан жаралган макалдар да эл ичиндеги аялдын ордунун жогору экендигинин далили.

Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Демократиянын чордонунда аял менен эркектин тең укуктуулугу деп жашап жатканыбыз менен кыргызда мурдатан эле эркиндик жашап, аялдын коомдогу орду да жаман болгон эмес. Белгилүү изилдөөчү жана саякатчы Н.А.Северцов кыргыз айымдарын: “Дегеле кыргыз аялдары коркоктордун бири эмес, алар үй-тиричилигинен тышкары да бир кыйла өз алдынчалуулукка ээ. Аял үйдө башын көтөрбөгөн кызматчы болсо да “анчалык күң эмес, өзүнө-өзү ээ”, атүгүл аял өзүнүн күйөөсүнө бир аз кекирейүү менен мамиле жасайт, күйөөсү ага баш ийип, анын тилинен чыкпайт”,-деген (С.М.Абрамзон 1999). Ал эми И.П.Ивачев:” Кыргыз аялы-мыкты чабандес, укмуштуудай кызматчы жана

меймандардын чөйрөсүндө өтүмдүү аял. Кыргыз аялдары коомдук иш-аракеттерге катышкан катышкан учурлары да болгон",-деп белгилей (Б.Солтоноев 2017). Жогорудагы окумуштуулардын жазып калтыран маалыматтары аялдын коомдо, үй-бүлөдө бир кыйла маанилүү орунда тураарын айгинелейт.

Кыргыз тарыхында да өзүнүн акылмандыгы, жада калса элдин бейкуттугу үчүн жанынан кечкен баатырдыгы менен даңазаланган аялдар арбын көп учурайт.Андай тарыхта орду чоң аялдардын сап башында калк кадырманы Курманжан датка. Орто Азия жана Россиянын тарыхында "Алай ханышасы" деген ат менен белгилүү датка эненин эл-жер үчүн жасаган эмгеги зор. К.К.Абазанын билдирүүсү боюнча:" Кудаяр хан бир жолу алайлык көчмөндөрдөн салык алууга аракеттенип көрдү, бирок, датка ага жол берген жок, ал тургай ханды жеңилдик берүү жөнүндөгү грамотага кол коюууга аргасыз кылды. Курманжан Кокон хандыгы менен мамилени кайра бышыктап, Алай элин көз карандылыктан куткарган" (Кыргызстан журналисттер союзу "Курмандан Датка" 1991). Бул Курманжан датканын эл үчүн жасаган ак эмгегинен бир гана мисал. Курманжан датка караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан акылмандыгы менен Алымбек датканын эң жакын кеңешчиси болгон.

Акылмандыгы менен эл башкарып, элдин урмат сыйына ээ болгон "Алай ханышасы" аял затынан чыккан жалгыз датка айым. Курманжандын датка аталышы Азияда чыгыштагы Кытайга чейин тараган.

Датка деген наам Хива, Бухара хандыктарында мансап даражасы болуп эсептелген. Даткалар элден түшкөн даттанууларды ханга жеткирип, жооп алып берип турган. Фарсча Дадхок "адилетти сүйүүчү", "адилетчил" дегенди билдирет. Кокон хандыгында бул ири феодал төбөлдөргө берилүүчү аскердик-акимдик чин болгон. Хандыкта "аталык", "кушбеги", "парваначы" деген чиндерден кийинки орунду ээлейт. Падыша төрөлөрү аны полковник чини менен теңеген (Кыргызстандын тарыхы 2-том Бишкек 2017).

Иш билги, сөз билги кеменгер Курманжан датка бүт өмүрүн элге арнаган. Туулган жердин, карапайым калктын тынччылыгы үчүн өз баласын өлүмгө кыйган Курманжан нукура кыргыз аялдарынын образын чагырдырып турат.

Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Акыл Карачач, Канымкей эне, Наалы эже ж.б. булар Кыргызстандын тарыхындагы улуу инсандар. Наалы эже айтылуу Адыгене, Тагай бийлердин бир тууган эжеси. Бир туугандар ата-энесинен эрте жетим калган. Улуусу болгондуктан Наалы эже инилерин эрезеге жеткирүү үчүн баардык күчүн жумшаган. Жоокер кийимин кийип, катылган душмандын мизин нечен ирет кайтарган. Наалы Адыгене менен Тагайдын кыргыз

урууларын баш коштуруу, кыргыз элинин көз карандысыз мамлекетин түзүүгө багытталган аракеттерин жан дили менен колдогон (К.Бектурганова 2014).

Талкуу жана жыйынтык

Аял заты эзелтеден эле эки элди, эки урууну бириктирип келген. Кээде тескерисинче бири-бири менен касташтырып, душман кылган учурлары да болгон. Көбүнчө аялдар эки элдин көпүрөсү сымал кызмат кылган. Жоокерчилик заманда кыргыздар түбөлүктүү жакын бололу дешип, ок тиштешип, шилекей алышып, чыпалактын канын сорушуп, кудалашууга убада кылышкан. Муну “бел куда” деп атаган. Бала туулганда кудалык үчүн мал берген. Мындай кудалыкта “сүттүүдөн сүрөгүмдү, атаңдан лөгүмдү, туу бээ тукур атымды, аксарбашыл коюмду албаймын”,-деген (К.Бектурганова 2016). Калың берүү кыргызда мурдатан болуп келген көрүнүш. “Манас” эпосунда да Манастын Каныкейге тогуздап калың бергени айтылат:

Кырк чоро келди дейт,
Кырк жүз жылкы айдап келди:
“Бу немине жылкылар?”
“Жакыптын элге салган салымы
Каныкейге кырк чоронун
Айдап келген калыңы”(К.Молдокасымов 1991).

Кызга үй-бүлөсү “сеп” берген. Септи көбүнчө кыз бала бойго жеткенче өзү даярдаган. Эл көзүнө илине баштаган кыз көчөгө көп чыкпай, өз себин даярдоо менен алектенген. Сеп турмушка чыккан кыздын кийинки турмушуна чоң материалдык жардым болгон. Септи энесинин кызына арнаганы деп да аташкан.

Кыргыз коомунда аял менен эркектин ортосунда өзгөчө ыйбаалык болгон. Аялдар чоочун эркектин көзүнө тике караган эмес. 18-20 жашка келгиче эркектин жүзүн көрбөдүм деген аялдар көп болгон. Аялдар күйүүлөрүн атынан айтпай, башкалардын көзүнчө “абышка” же “кожоюнум” деп тергеген. Андан да күйөөсүн “байым” деп атоо көбүрөөк болгон. Күйөөсү аялын: “жанагы”, “ой”, “катын”, “биздин үйдөгү”,- деп атаган (Ө.Ж.Осмонов 2017). Демек, биз мындан кыргыз ичиндеги аял менен эркектин сый-урмат, ызат мамилесин байкай алабыз. Бүгүнкү күндө да бири-бирин тергөө, атын атабоо каадасы эл арасында сакталып калган.

Кыргызда аял эң аруу, таза болууга тийиш. Ыплас иштерге баруу, күйөсүнүн көзүнө чөп салуу, ойноштук кылуу сыяктуу иштерден алыс болуусу керек. Аял жөнүндөгү мындай түшүнүк учурда да өз маанисин жоготпой келет. Илгерки кыргыздар аягы суюк аялды уруп-сабашкан, бетин тилген, мурдун кесип, жайдак атка мингизип койо берген. Бай-манаптар болсо көбүнчө

өлтүргөн. Мындай аялды же ушул кесиптеги эркекти тукумун өспөйт, кем тукум болосуң деген (Ө.Саалаев 2018; Б.Солтоноев 2017). Жоокерчилик мезгилде кыргызда “ок атто” деген түшүнүк болгон. Ала жипти аттабаган таза аялдар ок тийген адамды атташкан. Эгерде аял чынында эле ар кандай жаман иштерден алыс болгон босо, ок денеден сыртка чыккан. Ок атто “Манас”эпосунда да берилет.

Кыргыздын каада-салттарынын бири болгон кошок кошуу да аялдарга тиешелүү. Өлгөн адамдын кандай адам экендигин, анын жасаган иш-аракетин, жашоодогу ордун бүтүндөй кошок аркылуу билдиришкен. Күйөөсү өлгөн аял кошок кошкон. Бирок аял өлсө кошок кошкон учурлар дээрлик учурабайт. Б.Солтоноевдин жазгандарына караганда 1830-1840-жылдар аралыгында жаңы алган колуктусу кайтыш болуп, эл ичинде бирөө кошок кошкону айтылат:

Кара айгыр, найман кыпчак, катынын кошуп ыйлайт деп,
Калктан жаман уялам, кайтараардан уялам.
Тору айгыр, найман кыпчак деп...(Б.Солтоноев 2017).

Дүйнөдөгү көпчүлүк элдерде энени, аялды ыйык тутушат. Аял өзгөчө сый-урматка татыктуу орунда турат. Античтик доордогу аял кудайлар сүйүүнүн, мээримдин кудайлары болушкан. Өнүккөн Европа өлкөлөрүндө аял затын сыйлоого чоң маани берилсе, кыргызда мындай түшүнүк нечендеген кылымдардан бери эле жашап келген. ”Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат”,-деген макал качан жаралганы белгисиз болсо да өз маанисин жоготпой келүүдө.

Баланы бешикке бөлөөдө, ырым-жырым жасоодо, төрөт учурунда “менин колум эмес Умай эненин колу, Умай эне колдосун”,- деген сөздөрдү айтышкан. Мунун негизинде байыркы түрк элдеринде жана кыргыздарда Умай эне жөнүндөгү культ жашаганын билсек болот. Умай эне деген түшүнүк байыртан боло келген. Анын образы көп кырдуу чагылдырылат. Умай деген сөз монгол тилинде “курсак”, татарларда “ич”, байыркы түрктөрдө “баланын жатыны”, тибеттиктерде “эне” дегенди түшүндүргөн. Демек, Умай эне культу аял затына тиешелүү болуп, аялдардын энесинин образын чагылдырган. Айрым бир учурларда байыркы түрктөрдүн молчулук кудайы Умай-Ана менен байланыштырылат. Ошондой эле якуттардын түшүмдүүлүк кудайы, колдоочусу Ансытты да Умай энеге салыштырышат. Ал эми кыргыздар Умай энени куш сымал элестетишип, баланын колдоочусу дешкен (С.М.Абрамзон 1999).

Умай эненин культу кыргыздын аң-сезимине терең калыптанган. Улуттук каада-салт, үрп-адат, жөрөлгөлөрдү жасоодо, жакшылык иштерде бул культ кенен-кесири учурайт.

Корутунду

Жыйынтыктап айтканда аял заты –бул кут төгүлгөн үй, дүйнөнүн тиреги. Баардык түйшүктү өз мойнуна алган инсандын улуу тарбиялоочусу. Коомдо негизги ролду ойногон фигура. “Улуттун болочогу-аялда, энеде”,-деп улуу ойчул Жусуп Баласагын айткандай, улутубуздун улут болуп калыптанышында аялдардын орду чоң экендиги талашсыз.

Адабияттар

С.М.Абрамзон (1999) “Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер” Бишкек.

Б.Солтоноев (2017) “Кызыл кыргыз тарыхы” Бишкек.

Кыргызстан журналисттер союзу “Курмандан Датка” Ош-1991

Кыргызстандын тарыхы 2-том Бишкек-2017

К.Бектурганова (2014) “Кыргыз аялдары мифтерде жана уламыштарда” Бишкек

К.Бектурганова (2016) “Кыргызстандын асыл кыздары” Бишкек

К.Молдокасымов (1991) “Курманжандын көз жашы” Бишкек

Ө.Ж.Осмонов (2017) “Кыргызстан тарыхы” Бишкек

Ө.Саалаев (2018) “Кыргыз элинин тарыхый инсандары” Бишкек

УДК 221
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_241

ДАОСИЗМ В КИТАЕ: ОТ СЕКТЫ ДО ПРИЗНАННОЙ РЕЛИГИИ СТРАНЫ

Култаев Амантур Кармышакович преподаватель
E-mail: amantur.kultaev@mail.ru
Зурудинов Тимур Мэлсович магистрант
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *В данной статье рассматривается историческое развитие даосизма от преследуемой секты до признанной религии страны. На основе проведенного исследования автором установлено что даосизм на протяжении веков переживал взлеты и падения, поддержку и гонения, а порой, правда на короткие сроки, становился официальной идеологией какой-либо династии. В настоящее время даосизм популярен в КНР, на Тайване, в Сянгане и среди китайских эмигрантов в разных странах. В Китае активно действуют даосские храмы, монастыри, которые посещают сотни тысяч верующих. Даосизм сумела стать необходимой и незаменимой частью культуры страны и народа.*

Ключевые слова: *даосизм, секта, династии, Лао-Цзы, буддизм, конфуцианство, мир, процветание.*

КЫТАЙДАГЫ ДАОСИЗМ: СЕКТАДАН ӨЛКӨНҮН ТААНЫЛГАН ДИНИНЕ ЧЕЙИН

Култаев Амантур Кармышакович окутуучу
E-mail:amantur.kultaev@mail.ru
Зурудинов Тимур Мэлсович магистрант
Ош мамлекеттикуниверситети
Ош, КыргызРеспубликасы

Аннотация: *Бул макалада даосизм динкуугунтукка алынган сектадан,өлкөнүн таанылган динине чейин тарыхый өнүгүүсү каралат. Автордун изилдөө иштеринин негизинде, кылымдар бою даосизм өйдө-ылдый мезгилдерди башынан өткөрүп, колдоо жана куугунтуктоолорду баштан кечирип, кээде кыска мөөнөткө болсо да, кээ бир династиянын расмий идеологиясына айланганын аныкталат.Азыркы учурда Даосизм КЭР, Тайвань, Сянганг жана башка өлкөлөрдөгү Кытай эмигранттардын арасында кеңири жайылган. Кытайда жүз миңдеген ишенүүчүлөр бар, Даос храмдары жана монастырлар активдүү иштеп жатат. Даосизм өлкөнүн жана элдин маданиятынын зарыл жана алмаштырылгыс бөлүгү болуп калды.*

Ачкыч сөздөр*: даосизм, секта, династия, Лао Цзы, буддизм, конфуцийчилик, тынчтык, гүлдөп өнүгүү.*

TAOISM IN CHINA: FROM A SECT TO THE COUNTRY S RECOGNIZED RELIGION

Kultaev Amantu rKarmyshakovich teacher
E-mail: amantur.kultaev@mail.ru

Zuridinov Timur Melsovich undergraduate
Osh State University Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *This article examines the historical development of Taoism from a persecuted sect to a recognized religion of the country. On the basis of the conducted research, the author found that Taoism for centuries experienced ups and downs, support and persecution, and sometimes, though for a short time, became the official ideology of a dynasty. At present, Taoism is popular in the PRC, Taiwan, Xianggang and among Chinese immigrants in various countries. Taoist temples and monasteries are actively operating here, which are visited by hundreds of thousands of believers. Taoism has managed to become a necessary and irreplaceable part of the culture of the country and the people.*

Keywords: *Taoism, sect, dynasty, Lao Tzu, Buddhism, Confucianism, peace, prosperity*

Введение

Среди пяти основных существующих религий в Китае (буддизм, даосизм, ислам, католицизм и протестантизм) даосизм - единственная, которая берет свое начало в Китае. Основанная во втором веке, в последние годы правления династии Восточная Хань (25–220 гг.), данная религия восходит к глубокой древности, именно по этой причине даосизм сохранил широкое и далеко идущее влияние на китайский народ во всем мире.

Основатель этой религии Лао-Цзы писал в своем главном классическом произведении «Дао дэ цзин»: «Дао порождает одно. Один порождает два. Два порождает три. Три порождают все вещи во вселенной». Даосизм считает, что бессмертные доминируют над всем в мире. Люди могут просить их благословений и защиты, и стать неотъемлемой частью Дао через благодеяния и самодисциплину. Таким образом, они могут вернуться к природе и в конечном итоге сами стать бессмертными (WangYiE; 2010).

Даосизм поклоняется всевозможным бессмертным, включая естественных богов - богов предков, местных богов, этнических богов и богов ремесел, а также всех предыдущих просвещенных императоров, добродетельных и способных чиновников и талантливых ученых. Также поклоняются Гуаньинь (Авалокитешвара) буддизма и многим божествам других религий. Как и человеческое общество, мир бессмертных поддерживает жесткую иерархию, в которой каждое божество несет свою ответственность (Аникин Д.А.;2008).

Материалы и методы исследования

Автором в статье были использованы такие методы исследования как: изучение, анализ и обобщение исторической, теологической, филологической и иностранной литературы – История религии Востока, Религиоведение, Построение древнекитайских текстов, Даосизм в Китае. В статье были изучены,

проанализированы и обобщены исторические процессы, повлиявшие на становление даосизма как религии Китая, и выявлено, что это религия заняла достаточно прочные позиции в китайском обществе, заполняя те пустоты в культуре и образе жизни народа. Даосизм сумела стать необходимой и незаменимой частью культуры страны и народа.

Второй век оказался неспокойным для династии Восточной Хань. Население, страдающее от войн и голода, жаждало мира. В это же время «Книга о великом равенстве» («Тайпин чин») Лао-Цзы (Спирин В.С.;1976), с доктринами и пропагандирующая поклонение бессмертным, стала распространяться по всей территории Китая. Легенда гласит, что Чжан Дао Лин или Чжан Лу написали аннотации к работам Лао-цзы, в которых писатель дал религиозную интерпретацию Классики пути и добродетели Лао-цзы (Дао Дэ Цзин) и олицетворял Дао, называя его небесным богом Верховным Мастером Лао (WangYiE; 2010). В книге также содержится призыв к людям, делать добрые дела для предотвращения болезней и бедствий. Он стал важной классикой раннего даосизма.

Секта «Великого Равенства» (Тайпин), основанная тремя братьями Чжан Цзяо, Чжан Бао и Чжан Лян, так и Секта Пяти Бушелей Риса (Удоуми) Чжан Даолин получили широкую поддержку крестьян. С головокружительной быстротой даосизм из респектабельного учения придворных алхимиков и проповедников бессмертия превратился в знамя обездоленных и угнетенных. Как это не раз бывало в истории, новая религия заявила о себе мощным революционным взрывом – восстанием «Желтых повязок» (Васильев Л.С.; 2000). Секта Чжан Цзяо ставила своей целью свержение существующего строя и замену его царством Великого Равенства (тайпин). Братья Чжан повели своих учеников на вооруженное восстание, которое в конечном итоге было подавлено объединенными полководцами. Их секта тайпинов была запрещена (Лобазова О.Ф.; 2002).

В период династий Цзинь (265-420 гг.), Северной и Южной династии (386-589 гг.), в истории даосизма произошли две важные реформы. По мере того как все больше и больше людей из высшего общества вступали в ряды даосских учеников, поклонение бессмертным постепенно вытесняло прежнюю мечту об установлении на Востоке мира и процветание - это стало новой целью даосизма.

Гэ Хун (284-363), КоуЦянчжи (365-448), Лу Цзинсю (406-477) и Тао Хунцзин (456-536) сыграли важную роль в завершении этого изменения, на которое ушло несколько сотен лет. Они пересмотрели доктрины раннего даосизма, впитав моральные принципы и этику конфуцианства, получившие

поддержку со стороны учеников высшего сословия, включая императоров и дворян. Таким образом, даосизм стал равным влиятельному конфуцианству и буддизму в древнем Китае, и его расцвет пришелся на времена династий Тан(618–907) и Сун (960–1279).

Примерно в середине XII века Ван Чунъян (1113-1170) основал на севере Китая даосскую секту под названием Цюаньчжэнь, подчеркивающую самодисциплину, в то время как другая секта Цзинданя возникла на юге Китая. Они оба впитали философские идеи и теории сохранения здоровья из конфуцианства и буддизма, а затем слились в единую секту Цюаньчжэнь, сосуществуя с тех пор на Пути православного единства (чжэнъи).

В XVI в. неоконфуцианство, конфуцианская школа философии, возникшая в период династии Сун, начало доминировать в идеологической сфере. Будучи дискриминированным, даосизм обратился в сельскую местность и приобрел там большую популярность, в дальнейшем слившись с буддизмом и народными верованиями.

Даосские организации постепенно приходили в упадок в первой половине 20-го века, но их доктрины по-прежнему сохраняли широкое влияние на китайский народ во всем мире.

В 1957 году была создана Китайская даосская ассоциация, которая позже открыла свои местные отделения во всех провинциях и автономных регионах, крупных городах, включая Пекин, Тяньцзинь и Шанхай, а также в некоторых известных даосских местах. Ассоциация стремится помочь правительству в реализации ее религиозной политики, законных прав и интересов даосов. Она также ответственна за передачу мнений и предложений даосских священников компетентным органам, а также организации проведения религиозной деятельности и участия в строительстве социализма нации (WangYiE; 2010).

За полвека с момента своего основания ассоциация провела семь национальных конгрессов. С 1989 года она возобновила литургии для передачи даосских наставлений, которые были приостановлены более чем на 40 лет. В церемониях, называемых чуаньцзе в секте Цюаньчжэнь и шоулу в секте Чжэнъи, сотни лет присутствовал китайский даосский колледж - первый в своем роде в истории, способствующий распространению даосской культуры во всем мире и подготовка академических кадров для даосских исследований и управления храмами. Ассоциация также издала большое количество даосских классиков и периодических изданий, чтобы продвигать даосскую веру и представлять новейшие результаты даосских исследований.

Результаты и обсуждения

Результатом исследовательской работы являются исторические процессы повлиявшие на становление даосизма как религии страны – «Секта «Великого Равенства» (Тайпин), восстание «Желтых повязок», реформы в учении даосизма, в период династий Цзинь (265-420 гг.), Северной и Южной династии (386-589 гг.), роль исторических личностей таких как - Гэ Хун (284-363), Коу Цянчжи (365-448), Лу Цзинсю (406-477) и ТаоХунцзин (456-536) в становлении даосизма, как равному влиятельному конфуцианству и буддизму в древнем Китае, китайская даосская ассоциация, которая стремится помочь правительству в реализации ее религиозной политики, законных прав и интересов даоссов, а также участие в строительстве социализма нации.

Выводы

1. После своего основания в 1949 году Китайская Народная Республика приняла политику свободы вероисповедания. Наряду с другими религиями даосизм защищен Конституцией страны.
2. Даосская вера учеников получила должное уважение, полуразрушенные храмы были отремонтированы с помощью правительств разных уровней. С повторным признанием ценности его древней классики и теории, религиозная деятельность даосизма постепенно встала на правильный путь.

3. В настоящее время в Китае зарегистрировано несколько десятков тысяч даосских священников и монахинь, а также тысячи даосских храмов, многие из которых являются местами исторической и живописной красоты.

Литература

Аникин Д.А. (2008) История религии: конспект лекции –Москва: Высшее образование. – С.49.

Васильев Л.С. (2000) История религий Востока. Учебное пособие для вузов.- Москва: «Книжный дом Университет». С.315.

Лобазова О.Ф. (2002) Религиоведение: Учебник/ Под общ. ред. проф. В.И. Жукова.- Москва: Издательско-торговая корпорация «Дашков и К» С. 147.

Спирин В.С. (1976) Построение древнекитайских текстов издательство «Наука» -Москва : С. 231.

WangYiE(2010)Taoism in China china intercontinental press beijing -2,3,6,7.

УДК 1 (091) (177.72)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_246

ИСКУССТВОДО ТРАГЕДИЯЛЫК, КОМИКАЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Курбанбаев Кылычбек Азимович, ф.и.к., доцент
Ахмеджанова Алийма Мырзакаримовна, доцент.
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *трагедиялык сезим комика менен да байланышта болушу мүмкүн. Комикалык сезим турмуштагы майда-барат нерселерден жогору турууга, күлкү аркылуу өз кемчилдиктеринен арылууга жардам берет. Бул сезим негативдүү сапаттарды четке кагып, жогорку идеалдарды даңазалайт. Комикалык терс көрүнүштөрдүн үстүнөн күлүп, айыптоо аркылуу адамдардын ички дүйнөсүн тазалап, тарбиялайт, анын болмушун кубанычка бөлөйт. Ошондой эле руханий маданиятты мазмундуу, ар тараптуу кылып жакшыртат.*

Ачкыч сөздөр: *искусство, трагедиялык, комикалык, катарсис, эмоция, экзистенциализм, гумандуулук, адеп-ахлактык, коркунуч, тазалануу, күлкү, кубаныч.*

ОТРАЖЕНИЕ ТРАГИЧЕСКОГО И КОМИЧЕСКОГО В ИСКУССТВЕ

Курбанбаев Кылычбек Азимович, к.ф.н., доцент
Ахмеджанова Алийма Мырзакаримовна, доцент.
Ошский государственный университетт
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *трагическое может быть связано с комическим началом. Комическое чувство помогает быть выше жизненных мелочей. Оно устраняет негативные качества и прославляет высокие идеалы. Смех над комическими явлениями в обществе, характере людей очищает среду и внутренний мир человека, воспитывает его, создавая радость бытия. Наряду с этим формирует и обогащает духовную культуру.*

Ключевые слова: *искусство, трагическое, комическое, катарсис, эмоция, экзистенциализм, гуманность, , воспитанность, нравственность, опасность, очищение, смех, радость.*

REFLECTION OF THE TRAGIC AND COMIC IN ART

Kyrbanbaev Kilichbek Azimovich
Ahmedova Aliyma Mirzakarimovna
Osh State University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *the tragic can be associated with the comic beginning. The comic sense helps to be above the little things of life. It eliminates negative qualities and glorifies high ideals. Laughter at comic phenomena in society, the character of people cleanses the environment and the inner*

world of a person, educates him, creating the joy of being. Along with this, it forms and enriches spiritual culture.

Key words: *art, tragic, comic, catharsis, emotion, existentialism, humanity, education, morality, danger, purification, laughter, joy.*

Киришүү

Искусствонун дүйнө таанымдагы ролун изилдөөнүн актуалдуулугу азыркы социумдагы индивиддин ишмердүүлүгүндө жана тышкы дүйнө, реалдуулук менен өз ара катышында өнүгүүнүн, өздүк таанып-билүүнүн каражаттары, механизмдери болуп саналган көркөм чыгармачылыктын жана маданияттын маанисинин өсүшү менен шартталат.

Адамда трагедиялуулук, комикалык сыяктуу жогорку сезимдер өнүксө, анда алар анын ар тараптуу жетишкен инсан экендигин кабарлайт. Эгерде бул сапаттар адамда начар өнүксө, анда аны толук жетишкен инсан катары кароого болбойт. Көркөм өнөр мындай сапаттарды өнүктүрүп, калыптандырууга өбөлгө түзөт. Демек, искусство адам маданиятынын өз ара байланыштарын, сезимдерин көрсөтүп берет. Эстетикалык билим адамдарды каражат катары эмес, максат иретиндеги мамилени бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүү адамдарда көтөрүңкүлүк феноменин калыптандырат.

Изилдөө материалдары жана методдору

Трагедиялыктын негизги максаты – катарсис, каармандарга коркунуч аркылуу ички дүйнөсүнүн тазаланышы; кризисти басып өтүү ички дүйнөнүн жогорулашына өбөлгө түзөт. Драмалык искусствodогу катарсистик табият жөнүндө окуу эстетикада терең каралган. Аристотель Платондон айырмаланып, кооздук объективдүү идея эмес, ал кубулуштун объективдүү касиети деген: кооздук – жаныбарларда жана кандайдыр-бир нерселерде белгилүү бир бөлүмдөрдөн турат, ал кандайдыр-бир акыркы тартипке ээ эмес, бирок каалагандай көлөмдө да болбошу керек, кооздук керектүү чоңдуктан жана тартиптен турат.

Трагедиядан алынган рахат алуунун булактары адам маңызынын эки жактуу табиятындагы моралдык жана сезимдик чыр-чатактарда орун алган. Адам түбөлүктүү эмес, ал өлөт, ошондуктан инсан өлүм жана түбөлүктүүлүк тууралуу, жашоонун маңызы жөнүндө ойлонбой койбойт. Чындыгында, ар бир трагедия көтөрүңкүлүк сезимдерин пайда кыла бербейт.

Трагедиялуулуктун өзгөчөлүгү кайгыдан кубанычка өтүүдө турат. Д. Юм “Трагедия жөнүндө” аттуу эмгегинде трагедиялык эмоция өзүнө коркунуч менен канааттанууну, кайгыны жана кубанычты камтыйт деп белгилеген (Юм, 1967). Көптөгөн изилдөөчүлөр искусствodогу трагедиялуулукту оптимисттик трагедия деп аташкан. Трагедиялык сезим ички дүйнөнүн тазаланууусуна

мүмкүндүк түзөт. Бирөөнүн кайгысын бөлүшүү менен бирге адамда эң алдыңкы адеп-ахлактык сезимдер, гумандуулук калыптанат. Аристотель байыркы грек трагедияларынын негизинде сахнадагы коюлган окуяга жана башкы каармандын тагдырына көрөрман жаны ачышып, боору ооруса, анын тагдыры ар бир адамдын башына келе турган жазмыш болуп калышы мүмкүн деген коркунучка кептелсе, башкача айтканда, катарсистик абалга жетсе, анда ал трагедия деп аныктаган (Аристотель, 1983).

Адамзаттын тарыхы трагедиялык окуяларга бай. Искусство өзүнүн дүйнө жөнүндөгү философиялык ой жүгүртүүлөрүндө трагедия темаларына көңүл буруп келген. Башкача айтканда, инсандын жашоосу, коомдун тарыхы жана көркөм процесстер бир нече жолу трагедиялык маселелер менен кесилишип өтөт. Кайгыдан кубанычка өтүү трагедиянын улуу сырларынын бири болуп саналат.

Трагедиялык эмоция – бул терең кайгыруу менен чоң кубанычтын айкалышы. Трагедия – бул “философиялык искусство”, ал жашоо менен өлүмдүн жогорку метафизикалык маселелерин чече турган, болмуш маңызын таанып-билген, өзгөрмөлүүлүктүн, түбөлүктүүлүктүн жоктугун, табигый жана коомдук жашоонун глобалдуу маселелерин анализдеген түшүнүк болуп эсептелет.

Кыргыз элинде да трагедиялык окуяларга терең маани беришкен. Кабар жеткирүү – ыйык парз. Адатта шашылыш жөнөп, өз учурунда барып угузуу жоопкерчилиги жогору турат. Мисалы, Семетей өлгөндө:

Учкан куш менен жарышып,
Аңырдай оозу ачылып,
Ак көбүгү чачылып,
Окуроо, түйгөн ак тизгин,
Кош колунда карышып,
Ажыбай кетти кабага – деп “Манаста” айтылат (Мусаев, 2014).

Бул жамандык кабарды өзүнүн жөрөлгөсү менен бир топ адамдар топтолуп, билдирбей келип айтышкан. Адатта, айрым көз караштардан да, түштөн да, айыл ичинин жүрүм-турумунан да жүрөк сезген учурлар бар.

Угузуу элибиздин эчактан келе жаткан салттуу көрүнүшү деп аталгандыктан, мунун да алгылыктуу жагдайларын эл ойлоп тапкан. Комуздун муңдуу күүсү аркылуу да туюндурган. Ыр менен угузуу анын аброюн ого бетер көтөргөн. Мында угузууну аттуу-баштуу адамдарга тапшырган.

Дүйнөлүк көркөм маданияттагы трагедиялык жагдайлар туурасында ой жүгүртүү эки багытта жүргөн: экзистенциалисттик жана буддисттик. Экзистенциализм өлүмдү искусствонун жана философиянын борбордук

маселесине айландырган. Инсан дүйнөдөн бөлүнүп, жалгыз калган болсо, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды сезбей калса, анда ал трагедияга кабылат. Буга мисал катары Ч. Айтматов “Бетме-бет” повестинде Ысмайылдын согуш мезгилинде аскерден качып жүргөн учурун жана коомдон таптакыр бөлүнүп калган адамдын образын терең чагылдырган.

Адамдардан бөлүнүп калган инсандын жашоосу мааниден жана баалуулуктан сырткары болуп калат. Бирок ушундай башаламан жана маанисиз жашоо процесси реалдуулукка карата үмүттөрдү пайда кылат. Эгерде экзистенциалисттер жашоону өлүмгө теңештирсе, буддизмде өлгөн адамдын жаны башка жаныбарга өтөт деп өлүмдү жашоо менен теңештирген. Инсандын өлүмү өздүк баалоого ээ болуп, ал адамдар үчүн кызмат кылган болсо, алардын кызыкчылыктары жашоонун мазмунуна айланат. Ошонун негизинде инсандын баалуулугу жана кайталангыс жекелик өзгөчөлүгү пайда болуп, курман болгон баатырдын жашоосу коомдун турмушунда улана берет. Мисалы, Дүйшөнкул Шопоковдун эрдиги түбөлүк өлбөстүккө айланган. Ал Улуу Ата мекендик согушта фашисттик баскынчылар менен салгылашууда баатырларча курман болгон. Ошондуктан мындай баатырлардын өлүмү трагедияга айланып, адамзаттык жеке кайталангыс жоготууга дуушар болот жана ошол эле учурда инсандын андан кийинки жашоосу тууралуу идеялар жаралат.

Трагедиялуулук адамзаттын жалпы дүйнөлүк-тарыхый карама-каршылыктардан чыгуунун жолун издөөчү ой жүгүртүү болуп саналат. Бул категориялар жөн гана жеке адамдын бактысыздыгын көрсөтпөйт, ал адамзаттын кырсыктарын жана башка болмуштун фундаменталдык терс көрүнүштөрүн, адам тагдырын туюнтат. Ошондуктан трагедиялуулук адамдын ички дүйнөсүн тазартып, мүнөзүн жайдары кылат. Аристотель трагедия жөнүндө мындай деп жазган: “Трагедия – бул боорукердик каражаттарын тууроо жана эң коркунучтуу нерселерден тазалануу”. Трагедиянын маңызында дайыма “рахаттануу жана кайгыруу” орун алган (Заховаева, 2005).

Искусствodогу трагедиялуулукта “оптимисттик трагедия” бар. Трагедиялык сезим – бул жөн гана кайгыруу эмес, ал - тазалануу. Выготский “катарсистетрагедиялык коркунучтардан жагымдуу моралдык аракеттер келип чыгышы мүмкүн” деп түшүнгөн (Выготский, 1987). Баатырларды, алардын тагдырларын, салгылашууларын, эрдиктерин, мүнөздөрүн көрсөтүү менен искусство адамдарды терең ойлонууга, өзүн баатырдын ордуна коё билүүгө, каалоолорун турмушка ашырууга жана ички дүйнөсүн реалдуулуктагы иллюзиядан тазалоого чакырат жана нравалык тандоо жасайт.

Выготский “трагедиялык моралдык иш-аракеттер жакшы багыттарга айланат” деген. Катарсис – бул баарынан мурда “сезимдердин тазалануусу”,

эмоционалдык жүк. Боорукердик сапаты аркылуу адамда позитивдүү моралдык сапаттар пайда болот. К. Баялиновдун “Ажар” аттуу повестинде Ажар аркылуу элдин азабы чагылдырылган. Чыгармада кыргыз элинин башына түшкөн 1916-жылдагы кайгылуу үркүн жана анын курмандыгы болгон Ажардын окуясы сүрөттөлөт. Бул трагедиялуу образ менен кыргыз элинин ошол кездеги апааты берилген. Повесттин акырында Ажар карышкырларга таланып, ай талаада калат. Мында автор тарабынан берилген чоң идея – бул мекенсиз адамдын көргөн күнүн кийинки урпактарга эскертүү жүгүн көрсөтүп турат. “Ажар” – кыргыз адабиятындагы тарыхый, трагедиялык чыгарма. Трагедиялык чыгармалардын борбордук маселеси – бул адам мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Трагедиялык каарман - келечекке жол салуучу, ал кайраттуу мүнөздөгү адам, анын аракеттери адилеттүүлүк үчүн түзүлгөн коомдук түзүлүштү талкалап жок кылат.

Талкуулоо жана жыйынтыктоо

Трагедиялык сезим комика менен да байланышта болушу мүмкүн. Комикалык сезим турмуштагы майда-барат нерселерден жогору турууга, күлкү аркылуу өз кемчилдиктеринен арылууга жардам берет. Бул сезим негативдүү сапаттарды четке кагып, жогорку идеалдарды даңазалайт. Комикалык терс көрүнүштөрдүн үстүнөн күлүп, айыптоо аркылуу адамдардын ички дүйнөсүн тазалап, тарбиялайт, анын болмушун кубанычка бөлөйт. Ошондой эле руханий маданиятты мазмундуу, ар тараптуу кылып жакшыртат.

“Комедиялык дайыма объективдүү баалуулук болуп саналат. Кээде бардык эле күлкү комедиялык боло бербейт, ал эми комедия дайыма күлкүлүү болот. Комикалык – коомдук кубулуштун жана адамдын сапаттарынын терс жактарын чагылдырган, социалдык маанини пайда кылган, эстетикалык идеалдарды канааттандырган күлкүнүн кооз жагы, ачык маанай, жогорку күлкү. Комикалуулуктун маңызы – карама-каршылыкта” (Борев, 1988). Комизм – контрасттуулуктун, карама-каршылыктын жыйынтыгы. Мисалы, Аристотелдин көрксүздүгү жана кооздугу, И. Канттын пастык жана көтөрүңкүлүк түшүнүктөрү комикалык мүнөзгө ээ (Заховаева, 2005). Искусствоногу комикалуулуктун маңызы жөнүндө Чернышевский мындай деген: “Адам аркылуу иштелип чыккан комикалык таасирлерде жагымдуу жана жагымдуу эмес сүртүмдөр бар, кээде жагымдуулук басымдуулук кылат, жагымсыз сүртүмдөр байкалбай эле калат. Көрксүз комикалуулук жагымсыз сезимдерди жаратат” (Чернышевский, 1949).

Комикалуулукту адамдын жашоосунун бардык чөйрөлөрүнөн табууга болот жана андаинсан өзүнүн жетишсиз жактарын байкап күлкүгө батат. Комикалык сезимдер коомдук кубулуштардын жана адамдын терс касиеттерин

“этияттык” менен түшүндүрүүгө умтулган ой жүгүртүү болуп саналат. Комикалуулук реалдуу дүйнөгө таянбайт, ал реалдуулуктан алыс болуп, адамды тарбиялайт жана тазалайт, кубанычты бекемдейт. Каралып жаткан кубулушиндивиддин руханий дүйнөсүн маңыздуу жана көп түрдүү кылат.

Коркунучтуулук – трагедиялуулукка жакын, бирок карама-каршы мүнөзгө ээ категория. Эгерде трагедия дайыма келечектин тагдырын чече бере турган болсо, анда коркунучтуулук ишенимсиз болот. Өлүм эч кандай жарыкчылыкты алып жүрбөйт, адамдарга келечекте кырсыктан, бактысыздыктан кутулууга убада бербейт, ал адамдардын үстүнөн башкарып турат. “Трагедиялык бактысыздык бардык адамдан бийик турат, башкача айтканда, ар бир шарттын ээси болуп кала берет, кала берсе өлүп жатканда да дүйнө анын алдында алсыз экендигин далилдейт. Айла жоктук, үмүтсүздүк, өлүм трагедиялуулукка карама-каршы турган “коркунучтуулукту” чагылдырат. Коркунучка кабылган адам дүйнөнү башкара албайт” (Федотов, 1991).

Корутунду

Жыйынтыктап айтканда, трагедиялык жана комикалык сезимдер тыгыз байланышта болушат. Комикалык сезим жашоодо туура эмес багыттарын аңдап сезет жана андан арылууга жардам берет. Бул сезим терс касиеттерди четке кагып, жогорку идеалдарды барктайт, даңазалайт. Комикалык терс көрүнүштөрдүн үстүнөн күлүп, айыптоо аркылуу адамдардын ички дүйнөсүн тазалап, тарбиялайт, кубанычка бөлөйт. Ошондой эле руханий маданиятты мазмундуу, ар тараптуу кылып жакшыртат.

Адабияттар:

Аристотель. (1983). Сочинения в 4-х т. Философское наследие. М.: Мысль, Т. 4: 832.

Борев Ю. (1988). Эстетика. Учеб. пособие для вузов. М.: Высш. шк., 511.

Выготский Л. С. (1987). Психология искусства. под ред. М. Г. Ярошевского. М.: Педагогика, 344.

Заховаева А. Г. (2005). Искусство как гуманизирующий феномен (социально- философская трактовка). Дис. д-ра филос. наук: 09.00.11. А.Н. Заховаева. Иваново, 376.

Мусаев С. (2014). Манас кыргыз элинин баатырдык эпосу. Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча. Бишкек: Турар, 8-9 китеп. 264.

Чернышевский Н. (1949). Полное собрание сочинений в 15-ти т. М.: Гослитиздат, Т. 6: Политика. 545.

Федотов Г. (1991). Судьба и грехи России (Избранные статьи по философии русской истории и культуры) в 2-х т. София, Т. 1. 352.

Юм Д. (1967). О трагедии. Философские наследие. № 2. 166–167.

УДК 1 (091) (613. 862)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_252

МОРАЛЬ МЕНЕН ИСКУССТВОНУН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШЫ

Курбанбаев Кылычбек Азимович, ф.и.к., доцент
Ахмеджанова Алийма Мырзакаримовна, доцент
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Искусствонун адеп-ахлакты калыптандыруучу аспектилери биринчи кезекте адабиятка таандык. Андыктан искусствону адеп-ахлактын мектеби деп айтышат. Бирок искусствонун кайсыл бир жанрлары, түрлөрү моралдык аспектини түздөн-түз камтыбайт, андыктан көркөм чыгармачылыктын бардык эле формаларын адеп-ахлактуулуктун, ыймандуулуктун борбору деп айтууга болбойт. Мисалы, диско-бий, поп-арт стилиндеги авангарддык скульптуралык композиция, натюрморт ж.б. чыгармалар адеп-ахлактуулукту калыптандыра албайт.*

Ачкыч сөздөр: *мораль, искусство, гумандуулук, нравалуулук, адилеттүүлүк, этика, авангард, скульптура, композиция, натюрморт, кооздук, руханий.*

ВЗАИМООТНОШЕНИЕ МОРАЛИ И ИСКУССТВА

Курбанбаев Кылычбек Азимович, к.ф.н., доцент
Ахмеджанова Алийма Мырзакаримовна, доцент
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *Аспекты формирования нравственности искусства, прежде всего, относятся к литературе. Поэтому искусство называют школой нравственности. Однако некоторые жанры, виды искусства не включают в себя моральные аспекты непосредственно. В связи с чем нельзя говорить, что все формы художественного творчества являются центром нравственности и совестливости. Так, диско танцы, авангардные скульптуры или живопись в стиле поп-арт, натюрморты и др. не могут формировать нравственность.*

Ключевые слова: *мораль, искусство, гуманность, нравственность, справедливость, этика, авангард, скульптура, композиция, натюрморт, красота, духовность.*

THE RELATIONSHIP BETWEEN MORALITY AND ART

Kyrbanbaev Kilichbek Azimovich
Ahmedova Aliyma Mirzakarimovna
Osh State University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *The aspects of the formation of the morality of art, first, relate to literature. Therefore, art called as the school of morality. However, some genres and art forms do not include moral aspects directly. In this connection, it is impossible to say that all forms of artistic creativity*

are the center of morality and conscientiousness. For example, disco dances, avant-garde sculptures or paintings in the style of pop art, still life's, etc. they cannot form morality.

Keywords: *morality, art, humanity, morality, justice, ethics, avant-garde, sculpture, composition, still life, beauty, spirituality.*

Киришүү

Азыркы социомаданий кырдаалда көркөм өнөрдүн дүйнөнү таанып-билүүдөгү ролу, анын адамга, инсандын калыптанышына тийгизген таасири жөнүндөгү проблема өзгөчө методологиялык жана практикалык мааниге ээ. Анткени учурдагы социалдык-руханий кризистин негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп социумда зордук-зомбулукту жана башка коомдук терс кубулуштарды пропагандалаган антигумандуу искусствонун жайылышы эсептелет. Көркөм чыгармалардын социалдык маңызы адамдардын турмуштук тажрыйбасын жалпылоо жана анын үстүнөн ой жүгүртүү, ошондой эле натыйжада баалуулукка негизделген нормативдүү жүрүм-турумду символикалык формада чагылдырган аң-сезимдин образдарынын, үлгүлөрүнүн калыптанышы менен тыгыз байланышкан.

Изилдөө материалдары жана методдору

Салттуу түрдө мораль менен искусствонун өз ара карым-катнашына карата эки көз карашты баса белгилөө зарыл. Антикалык этика жалпысынан искусство менен моралды бөлүп караган эмес, тактап айтканда, аталган категорияларды тыгыз байланышта изилдеген. Мисалы, Аристотель жазгандай, искусстводо чоң максаттар бар, ал – адамдын этикасына жана психикасына белгилүү бир таасир тийгизүү (Аристотель, 1983). Чындыгында эле, байыркы грек искусствосунан моралдык аспектилерди камтыбаган чыгармаларды табуу кыйын. Гомердин «Одиссея» аттуу чыгармасындагы каармандар адеп-ахлактык мүнөздөгү түрдүү адамдар жана кудайлар катары чагылдырылган. Грек искусствосун изилдөө менен бирге Ж. Маритен жакшылыкты руханий кооздук иретинде карап, гректер моралдык жакшылыкты калокагатия иретинде аныктагандыгын баса белгилеген (кооздук жана жакшылык). Кайра жаралуу доору антикалык салтты кайрадан калыптандырып, жаңылады. Гумандуулук деген ураандын негизинде батыш Европанын искусствосу XIV-XVI кылымдарда өнүгүп, алар күчтүү, адилеттүү, жакшылык жасоочу, адамгерчиликтүү адамдын улуулугу жөнүндөгү идеяны жаратышкан. Бул көрүнүштөр Рафаэлдин "Эненин сүйүүсү" жөнүндөгү полотносунда, Микеланджелонун «Давид» деген скульптурасында, Тициандын "Мария Магдалинанын өкүнүчү" аттуу сүрөтүндө терең чагылдырылган.

Жаңы мезгилде мораль менен искусствонун биримдиги жөнүндөгү идеялар өз актуалдуулугун жоготкон эмес. Кант искусствону эң алгач анын моралдык-

тарбиялык таасир тийгизүү көз карашынан изилдеген. «Кооздук – бул адеп-ахлактык жакшылыктын символу» (Кант, 1966). Ал өзүнүн эстетикалык эмгектеринде кооздук адеп-ахлактык жакшылыктын символу деп жазган. Гегель мораль менен искусствонун байланышын төмөндөгүдөй белгилеген: «Искусствого өзгөчө роль таандык болуп, ал моралдуулукка өбөлгө түзөт» (Гегель, 1938). XX кылымдагы батыш философиясында Ж. Маритен искусствонун моралга баш ийүүсү жөнүндөгү идеяны киргизген.

Орус философиясында мораль менен искусствонун биримдиги жөнүндөгү идеяны Н. Чернышевский, Л. Толстой, В. Соловьев ж.б. көтөрүп чыккан. Н. Чернышевскийдин пикири боюнча «сүрөтчү же ырчы реалдуулуктагы оор сыноолорду терең сезишет, ошол көрүнүштөрдү өздөрүнүн чыгармаларында чагылдырышат, искусство адамзаттын адеп-ахлактык ишмердүүлүгү болуп эсептелет» (Чернышевский, 1949). Л. Толстой: «Искусство зордук-зомбулукту жок кылып, жакын адамга карата сүйүү искусство тарабынан ишке ашуусу керек” деген (Толстой, 1965). Чындыгында эле, XIX кылымда орус классиктеринин баары «жакшы сезимдерди ойготуп» (А. Пушкин), адамдын моралдык идеалын калыптандырышкан.

В. Толстых “искусствону – нравалуулуктун мектеби” деп белгилеген (Толстых, 1973). Нравалуулук искусствонун негизги элементи болуп саналат. Көркөм өнөр адамдардын эрктик негиздерин, мүнөзүн калыптандыруу аркылуу жүрөгүнө, эс-акылына терең таасир тийгизет. Адам сүрөтчү аркылуу дүйнө менен жуурулушуп кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, көз караштарын таанып-билүү аркылуу өзүн өзгөртө алат. Мында искусство тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө гана ээ болбостон, ошону менен инсанды калыптандырат.

Адам өзүн таанып-билүү аркылуу трансформацияга дуушар болот. Искусство индивидди тарбиялап эле тим болбостон, анда калыптанып калган мүнөзүнө оңдоолорду да киргизет. Мында искусствонун таасири дидактикалык-нравалык окуу менен дал келбейт. Бирок искусствонун ар кандай формалары инсанды тарбиялоо процессине түрдүүчө катышат. Адабият, театр, кино, скульптура, живопись искусствонун түрлөрүн кабыл алуу үчүн өзгөчө убакыт, психологиялык маанай талап кылынат. Ал эми роман, симфония адамдын ички дүйнөсүнө терең таасир тийгизип, жашоо жөнүндө терең ойлорду пайда кылат. Архитектура, монументалдык скульптура, живопись системалуу түрдө субъектилерге таасир тийгизет. Оң жана терс образдарда көрүнгөн сезимдердин жардамы аркылуу искусство инсанга белгилүү таасирин тийгизет. Мындай аспектиде көркөм өнөр саясий жана диний идеяларга үгүттөп, адамдын нравалык сапаттарын калыптандырышы мүмкүн, ошондой эле реалдуулукка карата эстетикалык мамилени өнүктүрөт.

Адамдын индивидге карата гумандуу мамилесинин ченеми болуп адилеттүүлүк эсептелет. Аристотель өз убагында адилеттүүлүктү эң жогорку баалуулук катары баалаган. Ал эми Кант «адилеттүүлүк идеясын теңдик сезими менен байланыштырган». В. Соловьев: “Искусствону жашоодогу терс көрүнүштөрдү жок кылуучу күч” катары караган (Соловьев, 1990).

Искусство – инсандын моралдык сапаттарын калыптандыруучу каражаттардын бири. Ал адамдын эмоционалдык, идеялык жана этикалык маданиятын калыптандырып, жогорку сезимдерди, нравалык ишенимдерди өнүктүрөт. Якобсон белгилегендей, эстетикалык сезимдер чыгармаларда сүрөттөлгөн каармандарга, окуяларга карата мамилени аныктаган моралдык баалоо менен тыгыз байланышкан.

Искусствонун адеп-ахлакты калыптандыруучу аспектилери биринчи кезекте адабиятка таандык. Андыктан искусствону адеп-ахлактын мектеби деп айтышат. Бирок искусствонун кайсыл бир жанрлары, түрлөрү моралдык аспектини түздөн-түз камтыбайт, андыктан көркөм чыгармачылыктын бардык эле формаларын адеп-ахлактуулуктун, ыймандуулуктун борбору деп айтууга болбойт. Мисалы, диско-бий, поп-арт стилиндеги авангарддык скульптуралык композиция, натюрморт ж.б. чыгармалар адеп-ахлактуулукту калыптандыра албайт.

Чындыгында искусствонун бул түрлөрүнөн да айрым учурларда мораль менен болгон байланышты табууга болот, анткени бардык көркөм чыгармалар гумандаштыруучу ролду ойнойт. Бирок бул тике адеп-ахлактык таасир тийгизүү эмес. Ал кыйыр түрдө адеп-ахлактуулукка, гумандуулукка тарбиялашы мүмкүн. Мисал катары карай турган болсок, сайма, декоративдик-колдонмо искусство – бул адамдын колунан жаралган эмгеги, сезимдери, баалуулуктар дүйнөсү, анда моралдык аспект баштапкы ролду ойнобойт. Белгилей кетүүчү жагдай, мындай учурларда да мораль менен искусствонун байланышын толук четке кагууга болбойт. «Искусство искусство үчүн» деген теорияда жана эстетизм концепциясында адеп-ахлак менен көркөм өнөрчүлүктүн байланышы абсолюттук түрдө четке кагылат. Эстетизм искусствонун өздүк баалуулугун даңазалап, анын адеп-ахлактуулуктан, саясаттан, жалпы эле объективдүү реалдуулуктан көз карандысыздыгын далилдөөгө аракет жасаган. Аталган теория XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдын башындагы Европадагы руханий кризис менен тыгыз байланышкан. Ошондой эле бул жагдайга түз адеп-ахлактык аспектиге ээ болбогон фовизм, кубизм, дадаизм сыяктуу абстракттуу искусствонун пайда болушу да зор таасирин тийгизген.

Искусстводогу адеп-ахлактык критерийлерден баш тартууну О. Уайльд даана чагылдырган: «адеп-ахлактык же адеп-ахлаксыз» китептер болбойт. Жакшы жана жаман жазылган китептер гана болот (Уайльд, 1961). Ошондуктан эстетиктердин пикири боюнча, искусствонун негизги максаты – бул көңүл ачуу жана эс алуу. Эстетизм канааттануу искусствонун бардык башка функцияларынан жогору коёт, бул гедонизмдин бир түрү катары каралып, чыгармачылык канааттанууну билдирет. Эстетиктердин пикири боюнча«искусство биздин жашообуздагы көз ирмемге жогорку кубанычты тартуулайт».

Талкуулоо жана жыйынтыктоо

Ф.Шиллер мындай деп айткан: «Искусство адеп-ахлактык каражаттардын негизинде канааттанууну пайда кылып, ал тарабынан тартууланган канааттануу сезими адеп-ахлактуулукка жол ачат». Чындыгында, таза эстетикалык канааттануу, ошондой эле кооздукка шыктануу сыяктуу түшүнүктөр жөнүндө сөз кылууга болот, бирок, «сулуулукта адеп-ахлактык жакшылыктын символу бар» (И. Кант), тактап айтканда, сулуулукту сезе билүү кыйыр түрдөгү моралдык акпектилерге ээ. Кооздукка сыймыктанып, рахат алуу адамдын сезимталдыгын ойготуп, ийгиликке жол ачат. Искусстводо “жыргалчылык үчүн канааттануу” деген түшүнүк жок. Бул жөнүндө Искусствонун негизги миссиясы катары адамды гумандаштыруу жана аны адеп-ахлактык жактан өркүндөтүү эсептелет.

Платон “Идеалдуу мамлекет” жөнүндөгү эмгегинде акындар башкаруучу боло албайт деген ойду айткан. Ал эми Жан-Жак Руссо өз эмгектеринде коомдун адеп-ахлагына искусствонун терс таасир тийгизишин ачып көрсөтүүгө аракет жасаган. Бул идеялар анын илимди жана искусствону калыптандыруу адеп-ахлакка өбөлгө түзүшү жөнүндөгү эмгектеринде, көз караштарында чагылдырылган жана коомдук адеп-ахлакка көркөм өнөрдүн негативдүү таасирин ачып берүүгө умтулган. Демек, искусстводогу адепсиздик маселеси татаал этикалык маселелердин бири болуп саналат. Зордук-зомбулукту, улутчулдукту, согушту жана терс көрүнүштөрдү пропагандалаган искусствонун түрлөрү да кеңири учурайт. Кээ бир көркөм чыгармалардагы эсте каларлык таасир калтырган сүрөттөлүштөр адамдын ички сезимин тазартып, аффектилерди жандандырат. Искусство биринчи кезекте адамдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялайт. Ф. Ницше антикалык искусство боюнча төмөндөгүдөй пикирин билдирген: Искусство биринчи кезекте объективдүүлүктү, тазалыкты талап кылат (Ницше, 1961).

Көркөм ишмердүүлүк адамдын сезимдери сыяктуу көп кырдуу жана өтө татаал кубулуш болуп саналат. Көрүүчүнү (окурманды) күмөн саноо, коркуу сезимдери менен кемчилдиктердин күрөшү алаксытат. Мында оң жана терс каармандардын жардамы аркылуу мүнөздөрдүн кагылышы чагылдырылат. Мисалы, адеп-ахлаксыз образдар Токтогулдун «Эшен-Калпа», «Беш каман» аттуу чыгармаларында терең ачылган. Маселенин дагы бир аспектиси искусствонун коомдогу конкреттүү-тарыхый, руханий-адеп-ахлактык кырдаалды чагылдырышында турат.

Искусство, биринчиден, адеп-ахлактуулукка тарбиялап, экинчиден, моралга карата нейтралдуу позицияны ээлеп, ошондой эле моралды чагылдыруучу фактор катары кызмат өтөйт. Аталган маселелер боюнча бир нече аспектилерди бөлүп караого болот: 1) искусство коомдогу конкреттүү-тарыхый, руханий, адеп-ахлактык абалдарды чагылдырат; 2) искусство чыгармалары мазмундук планда гана адеп-ахлактык же ахлаксыз деле болушу ыктымал. Моралга карата болгон бейтарап көркөм чыгармалар адеп-ахлактуулуктун бузулушуна алып келбейт. Мисалы, К. Малевичтин «Кара төрт бурчтук» аттуу чыгармасы ж.б.3) искусствонун адеп-ахлактуулугу аны түзүүчү автордун моралынан көз каранды. Сүрөтчү реалдуулуктагы кандайдыр-бир кубулушту байкап, сүрөттөп-чагылдыруу аркылуу өзүнүн жеке эмоционалдык баасын берет. Ал баа социумдун моралдык эрежелерин жана автордун адеп-ахлактык принциптерин чагылдырат; 4) искусствону кабылдоо мотивациялар, нравалык элестөөлөр, моралдык сапаттар, инсандын адеп-ахлактык жактан жетилгендиги сыяктуу жагдайлардан көз каранды.

Корутунду

Жыйынтыктап айтканда, искусствонун бул түрлөрүнөн да айрым учурларда мораль менен болгон байланышты табууга болот, анткени бардык көркөм чыгармалар гумандаштыруучу ролду ойнойт. Бирок бул тике адеп-ахлактык таасир тийгизүү эмес. Ал кыйыр түрдө адеп-ахлактуулукка, гумандуулукка тарбиялашы мүмкүн. Мисал катары карай турган болсок, сайма, декоративдик-колдонмо искусство – бул адамдын колунан жаралган эмгеги, сезимдери, баалуулуктар дүйнөсү, анда моралдык аспект баштапкы ролду ойнобойт.

Адабияттар:

Аристотель. (1983). Сочинения. М.: Мысль, Т.4. 832.

Гегель, Г.В.Ф. (1938). Эстетика. В 4-х т. М.: Искусство, Т.1. 330. Соцэкгиз,316.

Кант И. (1966). Собрание сочинения в 6-ти т. М.: Мысль, Т.5. 564.

Ницше Ф. (1961). Генеалогии морали. Собр. соч. в 2 тт. под ред. К.А. Свасьяна, Москва, 1990. т. 2. 125.

Соловьев В. (1990). Общий смысл искусства. Соч.: в 2-х т. М.: Т. 2. 293

Толстой Л.Н. (1965). Собрание сочинений в 20-ти т. М.: Худож. лит. Т.19: Дневники. 1847-1894 гг. 623.

Толстых В. (1973). Искусство и мораль (О социальной сущности и функции искусства). М.: Политиздат, 440.

Уайльд О. (1961). Избранные произведения в 2-х т. М.: Гослитиздат, Т. 1. 696.

Чернышевский Н. (1949). Полное собрание сочинений в 15-ти т. М.: Гослитиздат, Т. 6: Политика. 545.

УДК: 316.776 (512.154)
DOI:10.52754/16947452_2021_1_3_259

«ЛУНЬ ЮЙ» ЧЫГАРМАСЫНЫН КЫРГЫЗЧА КОТОРМОЛОРУ

Мурзакматов Аманбек Камытович, филос., и.к., доцент
E-mail: suzak@70mail.ru
Аманбек кызы Нурпейил, окутуучусу
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Тилдер жана маданияттар ортосундагы коммуникацияда котормо маанилүү орунду ээлейт. Ал адамдардын руханий муктаждыктарын канааттандырган каражат болуп саналат, адамзаттын ар кыл өкүлдөрү тарабынан бүткүл социомаданий өнүгүүсүндө тапкан билимдерди алуунун жана жыйноонун булагы болуп кызмат кылат. Маданий нарк-дөөлөттөр менен алмашуу процессине котормонун аралашуусу, бүткүл дүйнөлүк прогресске олуттуу салым кошот деп айтса болот. Мындан сырткары, котормо бир автордун чыгармасын бүткүл адамзаттын энчисине айлантканга кызмат кылат. Макалада кытай ойчулу Конфуцийдин санат сөздөрүнүн жыйнагы «Лунь юй» чыгармасынын кыргыз тилиндеги котормолоруна кыскача экскурс жүргүзүлдү. Кыргыз тилинде жарык көргөн котормолорго салыштырма планда анализ берилди.*

Ачкыч сөздөр: *котормо, маданият, коммуникация, нарк-дөөлөттөр, достук, ынтымак, нарк билги адам, адамгерчилик.*

КИРГИЗСКИЕ ПЕРЕВОДЫ СБОРНИКА ИЗРЕЧЕНИЙ КОНФУЦИЯ «ЛУНЬ ЮЙ»

Мурзакматов Аманбек Камытович, к.филос.н., доцент
E-mail: suzak@70mail.ru
Аманбек кызы Нурпейил, преподаватель
Ошский государственный университети
Ош, Кыргызская Республика

Аннотация: *Перевод занимает важное место в межъязыковой и межкультурной коммуникации. Он является средством, удовлетворяющим духовные потребности человека, служит источником получения и накопления знаний, которые приобретены представителями человечества на протяжении всего его социокультурного развития. Можно утверждать, что участие перевода в обмене культурными ценностями вносит существенный вклад в мировой прогресс. Кроме того, перевод призван сделать произведение автора достоянием всего человечества. В статье дается краткий обзор кыргызских переводов сборника изречений китайского мудреца Конфуция «Лун юй». Проведен сравнительный анализ переводов, опубликованных на кыргызском языке.*

Ключевые слова: *перевод, культура, коммуникация, ценности, дружба, согласие, высоконравственный индивид, человечность.*

KYRGYZ TRANSLATIONS OF «LUN YUI»

Murzakmatov Amanbek Kamytovich, candidate of philosophical sciences, associate professor
E-mail: suzak70@mail.ru
Amanbek kyzy Nurpeiil, lecturer
Osh state University, Osh, Kyrgyz Republic

Abstract: *Translation occupies an important place in interlanguage and intercultural communication. It is a means that satisfies the spiritual needs of a person, serves as a source of obtaining and accumulating knowledge, which were acquired by representatives of humanity throughout its socio-cultural development. It can be argued, that the participation of translation in the exchange of cultural values makes a significant contribution to world progress. In addition, the translation intended to make the author's work the property of all humankind. The article gives a brief overview of the Kyrgyz translations of the collection of sayings of Confucius «Lun yui». A comparative analysis of the translations published in the Kyrgyz language was carried out.*

Key words: *translation, culture, communication, values, friendship, harmony, highly moral individual, humanity.*

Киришүү

Бир эле чыгарманын бир эле тилдеги бир нече котормолорунун бар экендиги белгилүү. Мисалы, Гомердин «Илиада» поэмасынын орус тилиндеги бир нече котормолору бар. Атап айтканда, К. А. Кондратович (1760), П.Е. Екимов (1776), Е.И. Костров (1787), И.И. Мартынов (1823-29), В.А. Жуковский (1849-50) ж.б. поэманын айрым бөлүктөрүн которушса, Н.И. Гнедич (1829), Н.М. Минский (1896), В.В. Вересаев (1949), А.А. Сальников (2011) бул чыгарманы толук которушуп, орус тилин билген окурман журтуна тартуулашты. Поэманын XXI кылымда деле которулуп жатканын адистер мурунку котормолордун эскирип калганы, Гомердин тилин анчалык архаикалык эмес адабий тилге которуу зарылдыгы жаралгандыгы менен түшүндүрүшөт. Ал эми жыйырма беш кылымдан бери нечендеген муундун өкүлдөрү ар бири өзүнчө жана кээде ар башкача чечмелеп келе жатышкан Конфуций сындуу даанышмандын эмгегин бир тилге бир ирет которуу менен окурманга бүт маңызын ачып берүү сыйкырга тете иш болмок. Ошондуктан анын чыгармасынын дагы бир тилде жазылган бир нече котормолору бар. Мисал катары, орус тилине оодарылган россиялык илимпоз, кытай таануучу П. С. Поповдун 1910-жылы басмадан жарык көргөн комментарийлер менен коштолгон котормосун, 1991-жылы “Наука” басмасынан чыккан, Кытай тарыхы боюнча көрүнүктүү адис, тарых илимдеринин доктору Л. С. Переломовдун “Конфуций: жизнь, учение, судьба” деген монографиясын,

ошондой эле философия илимдеринин кандидаты И. И. Семененко түзгөн “Конфуций. Я верю в древность” деп аталган китепти айтса болот.

Негизинен котормонун көздөгөн максаты болуп бөлөк элдердин маданий жетишкендиктери менен өз элин тааныштыруу, жаңы билим менен байытуу, ал аркылуу маданий руханий байланыштарды чыңдоо, элдердин достугун, ынтымагын бекемдөө саналат.

Коляда Н. А., котормонун маданияттар ортосундагы коммуникация жараянындагы өзгөчө маанисин көрсөтүп, котормо бир автордун чыгармасын бүткүл адамзаттын энчисине айлантканга кызмат кылат деп белгилейт (Коляда, 2013).

Бул позициянын анализдеп көрүп, котормонун маданий баалуулугу адамдардын бири-бири менен болгон алакаларын жеңилдетүүдөн көрүнөт деп айтсак болот. Предметтер, идеялар, көркөм образдар жана маданияттын башка курамдык элементтери сыяктуу котормо дагы ар түрдүү калктардын бири-бири менен маданий нарк-дөөлөттөр менен алмашуусуна көмөк кылат. Мындан сырткары, ал адамдардын руханий муктаждыктарын канааттандырган каражат болуп саналат, адамзаттын ар кыл өкүлдөрү тарабынан бүткүл социомаданий өнүгүүсүндө тапкан билимдерди алуунун жана жыйноонун булагы болуп кызмат кылат. Маданий нарк-дөөлөттөр менен алмашуу процессине котормонун аралашуусу, бүткүл дүйнөлүк прогресске олуттуу салым кошот деп айтса болот.

Материалды изилдөө методу

Ушул өңүттөн караганда, кыргыз окурмандары XX кылымда дүйнө элдеринин тарыхый, маданий, адабий мурастары менен котормолор аркылуу таанышып, жалпы адамзаттык энчиден кур калышкан жок. Көптөгөн нарк-дөөлөттөргө сугарылды. Бирок, СССРде бир беткей саясат жүргүзүлгөндүктүн кесепетинен улам кыргыздар менен миң жылдар бою кошуна жашаган Кытайдын экономикасы, илимий жетишкендиктери, маданияты тууралуу эмгектер кыргыз тилине аз которулду. Ошондуктан улуу кошунабыз тууралуу жарытылуу билимге ээ болгон эмес. Кыргызстандын окуу жайларында Кытай боюнча адистер даярдалган эмес, анын тарыхы, салт-санаасы, маданияты, окутулган эмес. Мындай тагдыр Кытайдын маданиятынын, философиялык ой толгоосунун символу катары саналган Конфуцийдин чыгармаларын дагы кыйгап өткөн эмес. Бирок, Конфуций жана анын Кытайдын рухий маданиятына, саясий турмушуна жана коомдук өнүгүүсүнө эки миң жылдан көбүрөөк таасир тийгизип келе жаткан этикалык-саясий окуусу (конфуцийчилик) тууралуу чакан маалымат энциклопедиялык басылмадан орун алганын адилеттик үчүн белгилеп коюш керек. Ал эми жалпысынан айтканда,

Конфуцийдин чыгармалары кыргыз тилине которулбаган. Натыйжада, кыргыз элинин көпчүлүгү байыркы кытай ойчулунун көз карашын дээрлик чагылдырган китеп - «Лунь юй» менен тааныш болгон эмес. Чындыгында, Конфуций өз окуусун жазуу түрүндө баяндап калтырган эмес. Китеп даанышмандын шакирттери тарабынан жазылган. Тагыраак айтканда, бул чыгарманы Конфуцийдин жакын шакирттери анын айткан санат сөздөрүнө жана маектерине таянып, даанышмандын көзү өткөндөн кийин түзүп чыгышкан. Ошондуктан аны Конфуцийдин санат сөздөрүнүн жыйнагы деп аташат.

Жогоркудай абал СССР мамлекети таркап, Кыргызстан эгемен өлкө болгондон кийин кескин өзгөрдү. Эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн баштап эле улуу кошунабыз Кытайга болгон кызыгуу күч алып, массалык маалымат каражаттарында Кытай Эл Республикасынын калкы, саясаты, экономикасы, бай маданияты жөнүндө айрым изилдөөлөр, байкоолор, жылуу пикирлер пайда болду.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А. Акаевдин Кытай Эл Республикасына болгон алгачкы мамлекеттик визитинин алдында, улуу өлкө Кытайды кыргыз окурмандарына тааныштыруу максатында «Кыргыз маданияты» газетасынын редакциясы газетанын 1992-жылдын 7-майындагы №18-19-сандарын Кытайга арнап, атуулдук демилгени жүзөгө ашырган. Газетанын ошол санында Конфуцийдин «Лунь юй» чыгармасындагы 1-главадан («Сюэ-эр»), 2-главадан («Вэ Чжэн»), 12-главадан («Янь-Юань»), 13-главадан («Цзы-Лу»), 14-главадан («Сянь-вень») үзүндүлөр алгач ирет кыргыз тилине которулуп, окурмандарга жеткен (Кыргыз маданияты, 1992). Котормонун автору журналист, жазуучу Чоюн Өмүралиев болгон.

Конфуцийдин «Лунь юй» чыгармасын которуп, китеп кылып чыгарууну белгилүү жазуучу Кеңеш Жусупов ишке ашырды. Ал бул эмгектин айрым бөлүктөрүн кыргызчалап, алакандай китеп кылып 2004-жылы «Учкун» басмасынан 1000 нускада чыгарган. Китеп «Акылмандар» сериясынын алкагында чыгып, ошол кездеги Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин кызы Бермет Акаеванын баш сөзү менен жарык көргөн. Эгерде кыргыз окурмандары буга чейин басма беттеринен Конфуцийдин айрым осуяттары менен таанышып келишсе, бул жолу акылмандын накыл сөздөрүн толугураак окуганга мүмкүндүк алышкан. Окурмандарга арнап жазган сөзүндө Бермет Акаева: «Бул китепченин чыгышы эзелтен бери уланып келген кытай эли менен кыргыз элинин достугун, ынтымагын жана маданий руханий байланышын чыңдоого жардамы гана тиет деп ойлойм» (Конфуций, 2004) - деп адилет белгилеген.

Улуу даанышман Конфуцийдин «Лунь юй» эмгегинин кыргыз тилиндеги толук котормосу «Ыйман» диний маданиятты өнүктүрүү фондунун каржылоосу менен 2016-жылы «Турар» басмасынан 1000 нускада жарык көрдү. Котормону журналист Эрнис Асек уулу ишке ашырган. Китептин аннотациясында белгиленгендей, Конфуцийдин адамгерчилик, айкөлдүк, бийлик, салт-санаа, нарк-насил, илим-билим, ажал, достук, милдет, маданият, тарых ж.б. тууралуу айткан накыл кептери, орошон ойлору камтылган бул китеп – адамды акыл сересинин бийиктигине жетелейт. Кыргызчаланган бул эмгек – терең мааниси, кызыктуу мазмуну менен окурмандарды өзүнө тартып, жан дүйнөсүнө күл азык боло алды деген ишеничтебиз (Конфуций, 2016).

Жыйынтыктоо жана талкулоо

Түп нусканын тексти менен котормонун ортосунда белгилүү бир айырмачылык орун алат. Ал тексттин маанисин котормочу тарабынан кандайча кабылданып жатканына, котормочунун түшүнүгүнө, билим деңгээли, сөз байлыгы ж.б. жараша болот. Ошондуктан бир эле тексттин ар башка котормолорунун ортосунда дагы айырма көп. Сабаттуу котормочу одоно каталарды кетирбей, так эместиктерге жол бербей жана түшүнүктөрдү карам-каршы маанисинде интерпретация кылбай туруп гана бөлөк тилде айтылган ойду болжолдуу чечмелей алат. Бул нерсени жогорудагы үч котормонун мисалында карап көрөлү.

Биринчи айырмачылык Конфуцийдин эмгегинин аталышынан эле байкалат. Маселен, улуу өлкө Кытайды кыргыз окурмандарына тааныштыруу максатында жарыяланган «Кыргыз маданияты» газетасынын 1992-жылдын 7-майындагы №18-19-сандарындагы Конфуцийдин чыгармасындагы үзүндүлөрдү алгач ирет кыргыз тилине которуп, окурмандарга жеткирген журналист, жазуучу Чоюн Өмүралиев «Лунь юй» чыгармасын бизче алганда «Накыл, айтым» деп которгон. Ал эми Кеңеш Жусуповдун котормосу «Накыл сөздөр» деген аталыш менен жарык көргөн. Бирок, ошол китептин аннотациясында Конфуцийдин чыгармасы «Аңгемелер жана ой жүгүртүүлөр» деп аталган. Кытай даанышманынын орошон эмгегин кыргыз тилине толук которгон Эрнис Асек уулу болсо бул эмгекти «Насыяты менен осуяттары» деп оодарган.

Экинчи бир айырма Конфуцийдин башкаларга үлгү болчу модель, туураш үчүн эталон катары иштеп чыккан адамгерчилиги бийик адам – «цюнь-цзы» (орусчасы «благородный муж») түшүнүгүнүн кыргызча аталышынан көрүнөт. Чоюн Өмүралиев бул түшүнүктү «нарктуу адам» деп которсо, Кеңеш Жусупов аны «акылдуу», «акылдуу адам» деп оодарган. Ал эми Эрнис Асек уулу бул категорияны «ак ээк» деп кыргызчалаган. Алдыңкы эки котормонун мааниси скептицизмди жаратпашы ыктымал, бирок «ак ээк» деген котормо талашка жем

ташташы толук мүмкүн. Аны котормо китепке жазган баш сөзүндө философия илимдеринин доктору, профессор Жамгырбек Бөкөшов: «Эрнис Асек уулунун мээнети акталыптыр, окурман кунт коюп окуй турган эмгек болуптур. Болгону орусча «благородный муж» дегенди «ак ээк» (чагымда «аксакал» дегендей эле сөз болсо керек) деп которгону кулакка өөн угулуп, көзгө коомай көрүнөт. Менимче, бул «жакшы» (эл жакшысы, адам жакшысы) деген эле түшүнүк. Кыргыз «Жакшынын шарапаты», «Жакшыга жанаш» деп коёт эмеспи. Ушул мааниде.» (Конфуций, 2016) - деп белгилеп өтүптүр. Демек, «цзюнь цзы» түшүнүгүнө Жамгырбек Бөкөшовдун «жакшы» деген варианты бар экен. Эгерде Ж. Бөкөшовдун котормосу келечекте жарык көрсө, «жакшы» сөзү колдонулат деп күтө берсек болчудай. Анткени, жогоруда белгилеген баш сөзүндө: «Мен дагы өз мүдөө-талабыма ылайык тандап, которуп койгом (Жусуповдун которгонун кийин билдим), тактамаларым, чечмелемелерим менен жабдып, жакында жарыялайм деген ниетим бар» (Конфуций, 2016) - деп айтыптыр. Көрүнүп тургандай, бир эле түшүнүк төрт башкача которулуп жатат.

Конфуцийди которуу, Эрнис Асек уулу белгилегендей, өтө кыйын. Анткени, кыргыз тилинде бардык философиялык түшүнүктөр күнүмдүк тиричилигибиз менен жуурулушуп турганы менен, Советтик империянын кесепети тийип, кыргызча философиялык терминдер калыптанган эмес. Ошондуктан «Лунь юй» ар бир жеке котормочунун түшүнүгүнө жараша кыргызчаланган. Аны билимдүү окурман өзү ыкка салып алаар, изилдеп алаар (Конфуций, 2016).

Биз болгону Конфуцийдин китебинин аталышы менен социалдык идеал катары сунушталган «цюнь цзы» түшүнүгүнүн кыргызча котормолорундагы айырмачылыктарга гана токтолдук. Ал эми ошол китепке кирген накыл сөздөрдүн котормолорундагы айырмачылыктарды салыштырма планда лингвистикалык изилдөө диссертациялык иштин темасы боло алат деп ойлойбуз.

Келечекте, Конфуцийдин аалам кучагына баткан эмгеги дагы которулат. Анткени, Кыргызстанда кытай тилин билген адистер көбөйө баштады, келечекте ошол адистер орусчасынан эмес, түп нускадан, кытай тилинен которуп, ал кыйла мыкты чыгат деп ишенебиз.

Корутунду

